**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 13. 23. 673 диссертациялык кеңеши**

*Кол жазма укугунда*

**УДК 37:373:3735:398**

**АЛИБЕКОВА УМИРХОН БОЛТАБАЕВНА**

# МЕКТЕПТИН XI КЛАССЫНДА «МАНАС ТААНУУ» КУРСУН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты )

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

**Д И С С Е Р Т А Ц И Я**

**Илимий жетекчи:**

педагогика илимдеринин кандидаты,
филология илимдеринин доктору,
профессор **А. Т. Турдугулов**

**Ош-2023**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**........................................................................................2

**Биринчи бап.**

**МЕКТЕПТЕ«МАНАС ТААНУУ» КУРСУН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУНУН МЕТОДИКАЛЫК ШАРТТАРЫ**

**1.1.** Мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн «Манас» эпосу боюнча предметтик компетенцияларын калыптандыруунун методологиясы жана методдору..........................................13

**1.2.** Мектептин жогорку класстарында фольклордук чыгармаларды окутуунун теориялык жана практикалык маселелери............................26

**1.3.** «Манас таануу» курсунун окуу программасынан жана окуу китептеринен алган орду..................................................43

Глава боюнча корутунду.................................................................59

**Экинчи бап.**

**2. МЕКТЕПТИН XI КЛАССЫНДА «МАНАС ТААНУУ» КУРСУН ОКУТУУНУН МАЗМУНУ жана ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ БОЮНЧА ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. «Манас таануу» курсун XI класста окутуу боюнча уюштурулган эксперименттик сыноонун материалдары жана аларды окутуунун дидактикалык шарттары.........................................................61

2.2. «Манас таануу» курсун XI класста окутуу боюнча уюштурулган эксперименттин методдору, ыкмалары жана ал аркылуу окуучунун предметтик компетенттүүлүгүн калыптандыруу..................................85

2.3. Педагогикалык экспериментти уюштуруу, жүрүшү жана жыйынтыктары.............................................................................93

Глава боюнча корутунду.................................................................119

**Үчүнчү бап.**

**«МАНАС ТААНУУ» КУРСУН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МАЗМУНУ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ**

3.1. «Манас» эпосу – кыргыз рухунун туу чокусу» темасын киришүү сабактарында өздөштүрүү...................................................121

3.2. «Манас» эпосунун изилдениши, китеп түрүндө бастырып чыгаруу» темасын обзордук сабактарда өздөштүрүү иштери............................129

3.3. Мектептин XI классындагы «Манас таануу» курсунун алкагында интерактивдүү методдорду колдонуунун жолдору.............................139

Глава боюнча корутунду.................................................................156

**КОРУТУНДУ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**.........................157

**БИБЛИОГРАФИЯ**.........................................................................160

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы «Инсандын руханий адеп-ахлактын өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө», 2022-жылдын 21-майындагы «Улуттук нарк жөнүндөгү» Жарлыктары коомдун руханий, адеп-ахлактык деградациялануу босогосунда турган бүгүнкү абалын жөнгө салуу, калыбына келтирүү чараларын өз учурунда көргөн мамлекеттик расмий документ катары кабыл алынды. Анын жоболоруна ылайык инсандын руханий жана адеп-ахлактык жактан тазалануусу учурда мамлекет жүргүзүшү керек болгон идеология аркылуу гана эмес, эң оболу, элдин кылымдар бою оозеки формада сактап келген адабий-маданий мурастары аркылуу, негизинен, «Манас» сыяктуу руханий, маданий, көөнөрбөс мурастар аркылуу жүргүзүлгөнү – мезгил талабы. «Манас» – кыргыз элинин руханий, маданий мурасы катары улуттун узак тарыхы менен санжырасын көркөм чагылдырган эл турмушунун энциклопедиясы, ал элдин аң-сезими менен бирге жаралып, анын башынан кечирген тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде көркөм сөз өнөрүнүн эң бир уникалдуу көрүнүшү болгон манасчылардын (жомокчулардын) табият тартуулаган кайталангыс талантынын, көп жылдык тажрыйбасынын аркасында калыптанып, атадан уулга, муундан муунга өтүп, биздин күндөргө жетти.

Президенттин ал Жарлыгы «Манас» эпосуна тиешелүү болгон өзүнө чейинки мамлекеттик бир катар расмий иш-чараларды, негизинен, 2012-жылдагы «Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндөгү» президенттик Жарлыктын негизги жоболоруна да дал келүүдө.

Бүгүн талашсыз нерсе, «Манас» эпосунда ата-бабаларыбыздын кылымдар бою өзүнө сиңирген коомдук, адеп-ахлактык, руханий асыл

нарктары, бийик гуманисттик идеялары, тарыхы, үрп-адаты, каада-салты, географиясы, диний, саясий жана медициналык түшүнүктөрү, эл аралык мамилелери, келечекке карата умтулуулары, терең кыялы көркөм чагылдырылган. Аны системалуу окуп-үйрөнүү гана эмес, илимий жактан терең изилдеп, түпкүрүндө ачылбай жаткан катмарларын ачуу милдети бүгүн да актуалдуу болуу менен ар тараптан жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн негизинде эпосту элге жайылтуу, кеңири пропагандалоо милдети ар дайым күн тартибинде болуп келүүдө.

Бул багытта мамлекет тарабынан да бир топ алгылыктуу иштер аткарылууда. Алсак, 2011-жылдын 28-июнунда «Манас» эпосу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган. Мыйзам кыргыз элинин кайталангыс руханий мурасы – «Манас» үчилтигин («Манас», «Семетей», «Сейтек») сактоого, өнүктүрүүгө жана даңазалоого багытталган жети беренеден турат.

2021-жылдын 27-сентябрында «Манас» эпосун, ошондой эле кенже эпосторду жана манасчы, дастанчылардын чыгармачылыгын сактоо жана жайылтуу максатында министрлер кабинетинин токтому менен Кыргыз улуттук «Манас» театры, ал эми 2022-жылы үчилтикти жана кенже эпосторду, кыргыз элинин материалдык эмес маданий мурастарын ар тараптан изилдөө жана жайылтуу максатында «Манас» улуттук академиясы ачылды.

Кыргыз элинин кайталангыс оозеки мурастарынын башка жанрлары сыяктуу эле «Манас» үчилтиги да билим берүүнүн, окутуп-тарбиялоонун бардык баскычтарында системалуу негизде үйрөтүлөт. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин адабияттык окуу курсунда, бешинчи, жетинчи класстарында эпостон айрым үзүндүлөр үйрөнүлсө, сегизинчи класста үчилтик толугу менен өздөштүрүлөт. 1998-жылдан баштап XI класста 18 саат көлөмүндө «Манас таануу» курсу окутулуп келет. Анткени «Манас таануу» курсунун негизги максаты жана милдеттери уникалдуу маданий мурастын

маани-маңызы менен аткара турган педагогикалык функциясы эпосту төмөнкү класстардан бери системалуу өздөштүрүп келген мектеп бүтүрүүчүлөрүнө ар тараптуу кеңири жеткирүү милдеттерине барып такалат.

Мектептин бүтүрүүчү класстарында «Манас таануу» курсун үйрөнүү обьектисинде көркөм сөз өнөрүнүн туу чокусу, эл турмушунун энциклопедиясы, дүйнөлүк көчмөн цивилизациянын көркөм-руханий кенчи болгон бул чыгарма чагылдырган доорлор, анда катышкан жүздөгөн каармандардын баатырдык иш-аракеттери, көркөм образдар дүйнөсү, поэтикасы жана уникалдуу тилдик каражаттары тууралуу илимий-методикалык принциптерге ылайык окуучунун предметтик компетенцияларына негизделген технологияларын иштеп чыгуу милдети турат. Демек, толук орто билимге ээ болгон өспүрүмдүн сөзсүз түрдө кыргыздын коомдук аң-сезимин, турмуштук тажрыйбасын, басып өткөн узак жолун жана тарыхын чагылдырган «Манас» эпосу тууралуу терең түшүнүгү болушу зарыл жана бул талап мыйзам-ченемдүү көрүнүш.

«Манас таануу» курсун окутуудагы экинчи орчундуу маселе – мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн Ата Журтун, улутун, эл-жерин жан дили менен сүйүүгө, башка улуттар менен ынтымактуу жашоого, мекенчилдикке тарбиялоо, элибиздин каада-салтын, үрп-адатын, адеп-ахлагын терең өздөштүрүү жана эң башкысы жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү өздөштүргөн, демократиялык аң-сезимди алып жүргөн, улууну урматтап, кичүүнү ызааттаган, ыймандуу, адамгерчиликтүү, намыстуу инсандарды калыптандырууга иштиктүү түрдө көмөктөшүп, алардын жан-дүйнөсүнө Манас сыяктуу элдик баатырдын патриоттук духун сиңирүү, ыймандуулукка тарбиялоо. Соңку жылдары «Манасты» системалуу изилдеп жүргөн окумуштуу С.Байгазиев белгилегендей, «Манас» эпосу – көркөм чыгарма катары айрым бир чыгармалардай бир сыйра окулуп анан эстен чыгып кетчү нерсе эмес, аны окуган ар бир адамды, айрыкча, мектеп окуучусун өмүр бою коштоп жүрө

турган түбөлүктүү асыл кенч. «Манас» – руханий нарк, тил казынасы, өсүп келе жаткан жаш муун үчүн мекенчилдиктин мыкты үлгүсү» [30, 123-б.].

Мектеп курсунда кыргыз адабиятын окутуу методикасынын узак жылдардагы тажрыйбасында «Манас» үчилтигин окутуу боюнча алгылыктуу иштер аткарылганы белгилүү. Бул боюнча илимий-методикалык макалалардан тартып окуу куралдары менен методикалык колдонмолор жетиштүү жазылды. Ал эми диссертациялык изилдөөлөргө келсек, иштин абалы бир аз солгунураак экени маалым. Канткен менен, «Манас» үчилтигин билим берүүнүн бардык баскычтарында өздөштүрүү ишине мамлекеттик жана предметтик стандарттар да, базалык окуу пландары менен окуу программалары да абдан чоң маани берип, буга каралган сааттар да салыштырмалуу көп. Демек, анын окутуу методикасы да илимий-теориялык жана практикалык жактан ошондой артыкчылыктарга ээ болгону мыйзам-ченемдүү көрүнүш болушу керек эле. Өткөн кылымдын сексенинчи жылдарынын экинчи жарымында Н. Кангелдиев, Т. Молдогазиев, Б. Исаков [102, 161, 85.] сыяктуу методисттер элдик оозеки чыгармаларды, анын ичинен «Манас» эпосун окутуу боюнча илимий изилдөөлөрүн жарыялашты, токсонунчу жылдары Д. Саалиеванын «Манас» эпосун үйрөнүүнүн методикасы» (1995), Б. К. Оторбаевдин «Семетей», «Сейтек» эпосторун окутуунун мазмуну жана методу» (1995), [197, 184.] Г. К. Абдыкадырова «Адабият окуу курсунда эпосторду окутуунун методикасы» («Эр Төштүк», «Эр Табылды») (2018) деген темаларда кандидаттык диссертациялар корголду. Аталган эмгектерде орто мектепте элдик оозеки чыгармаларды, эпосторду окутуу, алардын окуу китептеринен жана программалардан орун алышы, окутуудагы кемчиликтер менен алгылыктуу жагдайлар жөнүндө жакшы пикирлер айтылып, мектеп курсунда кыргыз адабиятын окутуу методикасы үчүн керектүү изилдөөлөр катары кабыл алынды. Методист Б.Исаковдун, окумуштуу-методисттер Д.Саалиеванын, Б.Оторбаевдин изилдөөлөрү «Манас» үчилтигин окутуу боюнча алгачкы диссертациялык

изилдөөлөр болгон. Кийинки учурларда Ф. Т. Баитова «Манас» эпосу аркылуу болочок мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо» (2016) М. К. Мадумарова «Жогорку окуу жайларда «Манас таануу» курсун тарых предмети менен интеграциялап окутуунун илимий-методикалык негиздери» (2017) жана Н. И. Тахирова «Манас таануу» курсун колледждерде окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» (2019) Ж. Каденова «Манас» эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу» (2019) деген темаларда кандидаттык, А.З.Зулпиев «Жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери» (2022) аталышындагы докторлук диссертацияларын коргошту.

Ошентсе да мектептин бүтүрүүчү классында «Манас таануу» курсун өздөштүрүүнүн технологияларын иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыкты. Ал төмөндөгүдөй шарттардан улам жаралды:

- «Манас таануу» курсу көп жылдардан бери өздөштүрүлүп келгенине карабастан, аны орто мектептин XI класстарында окутуу технологиясы боюнча жүргүзүлгөн бирдиктүү илимий-изилдөөнүн жетишерлик жүргүзүлбөй келаткандыгы;

- бул багыттагы алдыңкы педагогикалык иш-тажрыйбалардын үйрөнүлбөгөндүгү жана илимий-методикалык жактан жалпыланбагандыгы;

- азыркы кезде кыргыз жаштарынын бул улуу мурасты окуп-үйрөнүүгө болгон кызыгуусунун пассивдүүлүккө айланып бараткандыгы жана алардын кызыгууларын калыптандырарлык заманбап методикалык эмгектердин жазылбай жаткандыгы;

- аталган курсту мектептин XI классында окутуу аркылуу окуучунун предметтик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселеси методикалык эмгектерде жетишерлик чагылдырылбагандыгы. Мына ушундай зарылдыктардан улам, «Мектептин XI классында «Манас таануу» курсун

окутуунун технологиялары» деген темадагы диссертациялык изилдөө ишибизди жүргүзүүнү шарттады.

**Изилдөө ишинин темасынын илимий мекемелерде жүргүзүлүүчү илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын илимий изилдөө иштеринин пландары менен тыгыз байланышат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин XI класстарында «Манас таануу» курсун компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун натыйжалуу технологияларын иштеп чыгуу, аны эксперименттик сынактан өткөрүү.

Мындай максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүдөй ***милдеттердин*** чечилишин көздөдүк:

1. Орто мектептин XI класстарында кыргыз адабиятынан «Манас таануу» курсун өздөштүрүүнүн педагогикалык, дидактикалык, адабий-теориялык жана илимий-методикалык негиздерин аныктоо;
2. Кыргыз адабиятынан фольклордук чыгармаларды, анын ичинде, «Манас» эпосун окутуунун теориядагы, практикадагы абалын үйрөнүү жана аны компетенттүүлүккө багыттап окутуунун жолдорун иштеп чыгуу;
3. «Манас таануу» курсун XI класстарда окутуунун натыйжалуу формаларын, каражаттарын, методдорун жана сабактардын формалары менен типтерин аныктап, практикага сунуш кылуу;
4. Изилдөөдөн алынган натыйжаларды эксперименттик сыноолордон өткөрүү.

**Изилдөөдүн илимий жаңылыгы:**

- кыргыз адабиятынан элдик оозеки чыгармаларды, анын ичинен «Манас» эпосун окутуунун методологиялык негиздеринин диссертациялык изилдөөнүн алкагында иштелгендигинде;

- мектептин XI класстарында «Манас таануу» курсун окутуунун жалпы педагогикалык, дидактикалык, адабий-теориялык жана методикалык принциптеринин адабиятты окутуунун азыркы талаптарына ылайык компетенттүүлүктүн негизинде алгачкы жолу иштелип чыгылгандыгында;

- кыргыз адабиятынын мектеп курсунда «Манас» эпосун окутуунун теориядагы жана практикадагы абалы талдоого алынып, анын натыйжалуулугун өркүндөтүүнүн теориялык жана методикалык маселелери такталып, аталган курсту өздөштүрүүнү өркүндөтүүнүн негизги багыттары аныкталгандыгында;

- мектептин XI классында «Манас таануу» курсун окутуунун технологиялары диссертациялык изилдөө абалында алгачкы жолу жүргүзүлүп жаткандыгында.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.** Изилдөөдөн алынган натыйжалар жана сунуш кылынган жоболор мектептин кыргыз адабияты предметинин мугалимдерине окутуунун мазмунун, сабактын максатын так аныктоого, окутууну уюштуруу формаларын жана методдорун, каражаттарын (технологияларын) туура тандап, сабактын практикалык баалуулугун өнүктүрүүгө көмөк көрсөткөндүгүндө; жогорку окуу жайларынын филологиялык билим берүү багытында окуп жаткан студенттерге педагогикалык практика мезгилинде кыргыз адабиятын, анын алкагында «Манас таануу» курсун окутууда жана курстук, бүтүрүүчү квалфикациялык иштерди аткарууда пайдаланыла тургандыгында.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Мектептин бүтүрүүчү класстарында «Манас таануу» курсун компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун мазмуну, соңку талаптарга жооп бергендей формалары жана технологиялары, ийкемдүү методдору жекече иштелип чыгылгандыгы; алардын илимий-методикалык негизде бир системага салынгандыгы; изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжалар, сунуштар изденүүчүнүн өзү, же анын көрсөтүүсү менен эксперименттик сыноолордон өткөрүлүп, колдонууга сунуш кылынгандыгы.

**Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктарынын негиздүүлүгү:** Ишти жүргүзүүдө алдын ала аныкталган белгиленген методологиялык негиздердин алкагында предметтин, милдеттердин адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып проблеманы теориялык өңүттөн үйрөнүүгө, анализдөө жана синтездөө жолу менен жүргүзүлгөндүгүндө.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

▪XI класста «Манас таануу» курсун учур талаптарына жараша заманбап методика менен окутуунун теориялык жана практикалык тыянактарын кеңири колдонуу компетенттүүлүккө негиздеп өздөштүрүүнү өркүндөтүүгө негиз болот;

▪ «Манас таануу» курсун окутууга инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүнүн, улуттук наркты сактоонун, барктоонун жана жайылтуунун мазмундук-ресурстук казынасы катары маани берилиши шарт;

▪ XI класста «Манас таануу» курсун окутууда салттуу жана активдүү методдор анын мазмундук линиялары окуучулар жетишүүчү натыйжаларды жана ээ болуучу компетенттүүлүктөрдү ишке ашырууга негиз болот;

▪ аталган курсту талаптагыдай окутуу менен окуучуларды руханий жактан тарбиялоодо мамлекеттик деңгээлде «Манас» эпосун жайылтуу жана Улуттук нарк программаларынын негизинде жүргүзүлүп жаткан иш-чаралардын материалдарын кеңири пайдалануу зарылчылыгы бар.

**Алынган жыйынтыктардын апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөө ишинин жүрүшү жана алынган натыйжалары Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинде, Ош мамлекеттик университетинде ж.б. окуу жайларда өткөн республикалык, эл аралык илимий-практикалык конференцияларда талкууланды. Ата Мекендик жана чет өлкөнүн илимий басылмаларында жарыяланды. Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасында адистердин катышуусу менен талкуудан өткөрүлдү.

**Диссертациянын материалдарынын жарыяланышы.** Изилдөө ишинин жүрүшү жана анын жыйынтыктары боюнча республикалык, чет элдик илимий, илимий-педагогикалык журналдарга он беш илимий-методикалык макала жарыяланды.

Диссертациялык изилдөө иштери төмөнкү ***мезгилдерди*** (2017-2021-окуу жылдары) өз ичине камтыды. Тажрыйбалык-педагогикалык эксперименттин ишине республиканын үч ири региону: Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын райондору, жалпы болуп орто мектептин **6** мугалими жана 200дөн ашык окуучусу тартылды, тажрыйбалык иштер өзүбүздүн катышуубуз менен жүргүзүлдү.

Эксперименттин алгачкы мезгилинде, тагыраак айтканда, эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабында (2017-2018-окуу жылдар) изилдөө ишинин темасына байланышкан нормативдик документтер үйрөнүлдү, адабий-теориялык, педагогикалык, психологиялык жана методикалык адабияттар кеңири талдоого алынды. Аталган мектептердин мугалимдеринин сабактарына катышып, алдыңкы мугалимдердин иш тажрыйбалары үйрөнүлдү, жалпылаштырылды. Элдик оозеки чыгармачылык, эпостор, «Манас» үчилтиги боюнча окуучулардын билими менен билгичтиктери аныкталды, изилдөөнүн жүрүшүндө эске алынышы керек болгон айрым проблемалар белгиленди.

***Эксперименттин экинчи мезгили 2018-2019-окуу жылдарды*** камтып, мында тандалып алынган тема боюнча изилдөө иштери экинчи баскычта улантылды, «Манас таануу» курсун компетенттүүлүктүн негизинде өздөштүрүүнүн илимий-методикалык аппараты иштелип чыкты, натыйжалуу сабактардын структуралары түзүлүп, мазмун, форма, методдор, ык-амалдар, суроо-тапшырмалардын системалары, алардын дидактикалык параметрлери, педагогикалык шарттары аныкталды.

***Эксперименттин жыйынтыктоочу үчүнчү мезгилинде (2019-2021-окуу жылдар)*** «Манас таануу» курсун компетенттүүлүктүн негизинде окутуу

боюнча иштелип чыккан методдор, сабактардын формалары мектеп практикасында эксперименталдык жана текшерүү класстарында текшерилди. Дидактикалык айрым материалдар ылайыгына жараша толукталды.

Эксперименттин жүрүшүндө алынган жыйынтыктардын ***ынанымдуулугу*** изилдөө иши башталганда адеп кабыл алынган методологиялык жана теориялык жоболор менен аныкталды; материал жана маалымат жыйноонун булактарынын ар түрдүүлүгүнүн, түрдүү методдордун комплексин пайдалануунун, аныкталган милдеттердин изилдөөнүн логикасына ылайыктуулугунун, бир нече жылдык эмгектин натыйжасынын, изилдөөнүн аягында чыккан жыйынтык-корутундулардын, аларды турмушка ашыруунун кайтарымдуулугунун, алынган жыйынтыктардын сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн анализдөөнүн натыйжасында аныкталгандыгы.

Демек, педагогикалык эксперимент, жогоруда айтылгандай, ар кандай иштин, айрыкча, илимий изилдөө ишинин алдына коюлган милдеттердин тууралыгын жана ынанымдуулугун тастыктоо максатында жүргүзүлүп, ал өз ичине бир эмес, бир нече этаптарды, жылдарды камтыды. Анын жыйынтыктары, адатта, тууралыгы менен ынанымдуулугу тастыкталган, аякталган, аягына чыгарылган иш катары каралуу менен анын элементтери жана жыйынтыктары практикага колдонууга сунуш кылынат.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү:** Диссертациялык изилдөө кириш бөлүмдөн, үч главадан, корутундудан, практикалык сунуштардан жана библиографиядан турат. Жалпы көлөмү – 188 бет, негизги текст – 166 бет.

**Киришүү бөлүмдө** изилдөө ишин жүргүзүү үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу аныкталып, аны тандап алуудагы педагогикалык негизги шарт-жагдайлар жөнүндө, изилдөө иштин темасынын илимий мекемелердин базасында жүргүзгөн илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы, максат-милдеттери, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, алынган натыйжалардын практикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы, коргоого

коюлуучу негизги жоболор, изилдөөнүн апробацияланышы, анын натыйжаларынын жарыяланышы, эксперименттин жүргүзүлүү этаптары жөнүндө маалымат берилди.

**Биринчи бап** «Мектепте «Манас таануу» курсун компетентүүлүккө негиздеп окутуунун методикалык шарттары» деп аталып, мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн «Манас» эпосу боюнча предметтик компетенцияларын калыптандыруунун методологиясы жана методдору; мектептин жогорку класстарында фольклордук чыгармаларды окутуунун теориялык жана практикалык маселелери; «Манас таануу» курсунун окуу программаларынан жана окуу китептеринен алган орду сыяктуу маселелер каралды.

**Экинчи бап** «Мектептин XI классында «Манас таануу» курсун окутуунун мазмуну жана технологиялары боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору» деп аталып, маселенин материалдары менен методдоруна жана толугу менен эксперменталдык-тажрыйбалык иштердин жүрүшүнө арналып, эксперименттик жана текшерүү класстарында эпостун айрым каармандарынын көркөм образдарын талдоонун педагогикалык-дидактикалык шарттары; соңку төрт-беш окуу жылында жүргүзүлгөн эксперименталдык-тажрыйбалык иштердин методдору, ыкмалары жана ал аркылуу окуучунун предметтик компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана анын жүрүшү жана жыйынтыктары тууралуу маалыматтар берилди.

**Үчүнчү бап** «Манас таануу» курсун өздөштүрүүнүн мазмуну жана формалары» деп аталып, республиканын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин он биринчи класстарында «Манас таануу» курсунун алкагында өтүлүүчү «Манас» эпосу – кыргыз рухунун туу чокусу» темасын киришүү сабактарында өздөштүрүүнүн үлгүлөрү; «Манас» эпосунун изилдениши, китеп түрүндө бастырып чыгаруу» темасын обзордук сабактарда өздөштүрүүнүн айрым мисалдары; мектептин он биринчи классында «Манас таануу» курсу боюнча сабактарда интерактивдүү

методдорду колдонуунун натыйжалуу жолдору каралып, интеграцияланган сабактардын болжолдуу үлгүлөрү сунуш кылынды.

**Корутунду бөлүмдө** изилдөө ишинен келип чыккан жалпы жыйынтыктар, алардын негизинде жасалган практикалык сунуштар берилди.

## Биринчи бап

# МЕКТЕПТЕ «МАНАС ТААНУУ» КУРСУН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУНУН МЕТОДИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

### 1.1. Мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн «Манас» эпосу боюнча предметтик компетенцияларын калыптандыруунун методологиясы жана методдору

Компетенция – (лат. competere тийиштүү – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү) – окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси). Өз алдынча багытта кесиптик ишмердүүлүк менен алектенүүгө зарыл болгон жеке сапаттардын, билимдердин билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн комбинациясы.

Компетенттүүлүк – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интерактивдик жөндөмдүүлүк.

Компетентүүлүк – кандайдыр бир тармакта, чөйрөдө белгилүү бир натыйжага жетишүү, кадыр-баркка ээ болуу, кимдир бирөөнүн кесиптик чеберчилигинин, жетишкендигинин көрсөткүчү.

Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө синиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат.

Компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору. Компетенттүүлүк – предметтик тармактардагы конкреттүү аракеттерди эффективдүү аткарууга жөндөмдүү болуунун өзгөчө жолу.

Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү орто мектептеринде кыргыз адабиятын окутуу процессинде, ириде, окуучуларда калыптана турган ***компетенциялардын системасын*** аныктап алуу зарылдыгы туулуп, ал компетенциялар үч баскычтуу иерархиядан тураары белгиленет:

• өзөктүк (ключевые) компетенциялар, булар билим берүүнүн жалпы мазмунуна тийиштүү болот;

• предмет аралык же жалпы предметтик (транспредметтик) компетенциялар, булар окуу предметтеринин жана билим берүүчү мекемелердин аныкталып берилген алкагына тийиштүү болот;

• кесиптик же предметтик компетенциялар жогорку эки деңгээлден кескин айырмаланып, мектеп курсунда окуучу кайсыл предметтерди милдетүү өздөштүргөн болсо, ал ошол предмет боюнча белгилүү бир компетенцияларга ээ болушу, шарттуулугу.

Өзөктүк (ключевые) компетенциялар дегенде өзүнүн мүнөзү жана колдонулуу даражасы боюнча көбүрөөк универсалдуу компетенциялар түшүнүлөт. Аларды түзүү ар бир окуу предметинин алкагында жүзөгө ашырылып, маңызы боюнча алар предметтин ичинен орун алат. Окуучу үчүн компетенциялар – бул анын болочогунун элеси, өздөштүрүү багыты. Бирок анда ушул окуп-үйрөнүү маалында «чоңдор үчүн» милдеттүү болгон компетенциялардын бул же тигил бөлүгү түзүлүп калыптанат, окуучунун келечегине гана даярдануусу эмес, бүгүнкү жашоосу үчүн да ал ушул компетенцияларды өздөштүрөт. Мындай компетенциялар жалпы билим берүүнүн предметтик ишмердүүлүк бөлүгүн чагылдырылып, анын

максаттарына комплекстүү жетишүүгө багытталат. Окумуштуу А.В.Хуторскийдин классификациясына ылайык, бизди кызыктырган жалпы предметтик компетенциялардын ичинен социомаданий компетенциялар өзөктүк (ключевые) компетенцияларга тийиштүү болушу толук ыктымал [218, 58-64-бб.]. Анткени социомаданий компетенциялар өзөктүк (ключевые) компетенциялардын тутумуна кирип, мектепте ***кыргыз адабиятын*** өздөштүрүү процессиндеги ***окурмандык, баалуулук – дүйнө таанымдык жана адабий-чыгармачылык компетенттүүлүктөрдү*** өз ичине камтыйт. Демек, жогоруда айтылгандарды көңүлгө алуу менен бул багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөргө таянып, **өзөктүк** (негизги) компетенциялардын төмөндөгүдөй топторун аныктоого болот:

- Баалуулук-маңыздык компетенциялар;
- Жалпы маданий (социомаданий) компетенциялар;
- Окуу, таанып-билүүчүлүк компетенциялар;
- Маалыматтык компетенциялар;
- Социо-коммуникативдик компетенциялар;
- Инсандык өзүн-өзү өркүндөтүү компетенциясы.

Саналып өтүлгөн өзөктүк (негизги) билим берүүчүлүк компетенциялар, биринчиден, мектептик циклдин бардык окуу предметтеринин комплексинде түзүлсө, экинчиден, кыргыз адабияты сабактарында да өз ара жуурулушуп кетет. Анткени учурда дүйнөлүк мейкиндикте, анын ичинде биздин өлкөбүздө да глобалдуу социалдык өзгөрүүлөр, атап айтканда, эл аралык мамилелердин ролунун күчөшү, элдердин кайра түпкү маданиятына, адат-салтына кайтуусу, улуттук аң-сезиминин ойгонуу процессинин жүрүшү улуттук аң-сезимдин ойгонуусу менен шартталган мындай процессте жаш инсандын жогорку маданияттуу, ар тараптуу билимдүү болушу талап кылынат. Андан келип мектеп окуучусу өзүнүн окуу ишмердүүлүгүнө байланышкан билимдерге эле эмес, дүйнө мамлекеттеринин тарыхын, экономикасын, маданиятын, дүйнөгө болгон философиялык көз караштарын,

көп тилдүүлүктүн жана улуттар аралык көркөм адабияттын ж.б. өнүгүшү менен байланышкан билимдерге да ээ болуу зарылдыгы келип чыгат. Андай болсо азыркы мектеп окуучусунун жаңы тиби кандай болушу керек? Демек, биринчи кезекте, жогорку маданияттуу мектеп окуучусу – бул окуучунун жаңы идеалы – «маданияттын адамы», ал жалпы маданий компетенттүүлүктөрдүн алып жүрүүчүсү болушу шарт. Маданияттын адамы – инсан, ал башка маданиятты чоочун, элге жат маданият катары эмес, уникалдуу өзүнүн салттары, үрп-адаттары, фольклору менен башкача бир уникалдуу түзүлүш катары кабылдайт. Мектеп окуучусунун идеалы – «маданияттын адамы» – эркин инсаны катары ал маданияттын глобалдык мейкиндигинде эркин иш алып барат жана маданият дүйнөсүндө өзүн-өзү аныктоого жөндөмдүү келет. Жалпы маданий компетенттүүлүк инсандын жигердүү жашоо ишмердүүлүгүн, социалдык жашоосунун ар түрдүү чөйрөлөрүндө багыт ала билүү жөндөмдүүлүгүн камсыз кылып, ички дүйнөсүн жана адамдар менен болчу мамилелерин гармониялаштырат. «Жалпы маданий компетенттүүлүк» түшүнүгү эмнени билдирет? Орус методист-окумуштуусу Г. Н. Симдянова: «Жалпы маданий компетенция – бул түзүлүштүн натыйжасы, бул бүткүл жалпы адамзаттык маданият жаатындагы билимдердин жана улуттук маданияттын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн, руханий адеп-ахлактык мамилелердин жана коомдук кубулуштардын, каада-салттардын негиздеринин жана аларды социалдык мамилелер системасында иш практикасында колдонуу билгичтигинин, инсандын сапаттарынын, маданий мейкиндикти өздөштүрүү аймагындагы ишмердүүлүк тажрыйбасынын болушунун системасынан көрүнөт» деп белгилейт. Окумуштуу Л.С.Троянская жалпы маданий компетенттүүлүккө берген аныктамасында: «Жалпы маданий компетенттүүлүк – бул окуп жаткан инсандын маданий мейкиндикти өздөштүрүү тажрыйбасы, окуп билим алгандык, тарбиялангандык жана өнүгүү деңгээли менен шартталган интегративдүү жөндөмдүүлүгү, маданий үлгүлөрдү таанып-билүүчүлүк,

дүйнөгө көз караштык, турмуштук мүнөздөгү маселелерди чечүү учурундагы баалоонун критерийлери катары колдонууга багыт алуу» деп белгилейт. Демек, окутуу ишиндеги жалпы маданий компетенттүүлүк – бул адамдын (мектеп окуучусунун) маданият мейкиндигинде багыт ала билүү жөндөмдүүлүгү. Ал төмөндөгү объектилердин алкагын: улуттук жана жалпы адамзаттык маданиятты; үй-бүлөлүк, социалдык кубулуштардын жана салттардын руханий адеп-ахлактык негиздерин өзүнө камтыйт. Дагы тактасак, жалпы маданий компетенттүүлүк – бул инсандын базалык компетенттүүлүгү, ал дүйнөлүк маданий мейкиндикке кирүүнү жана анда өзүн-өзү аныктап билүүнү камсыз кылып, билимдерди жана билгичтиктерди практикада колдонуу айлана-чөйрөдө туура багыт ала билүү жөндөмдүүлүгүн өзүнө камтып, коммуникативдик, маалыматтык, кесиптик ж.б. ушул сыяктуу компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүү үчүн камсыз кылат. Арийне, жалпы маданий компетенттүүлүктү түзүү иши ар бир конкреттүү окуу предметин үйрөнүү процессинде жүзөгө ашырылат. Жалпы маданий компетенттүүлүк – бул өзүнүн улуттук эне тилин, биздин шартыбызда, кыргыз тилин жана улуттук адабияттын дүйнөлүк жалпы тил маданияты менен адабиятынын айрым бир бөлүгү катары түшүнүү, жалпы адамзаттык баалуулуктарды терең өздөштүргөн, оозеки сүйлөшүүлөрдө жазуу речин калыптандырган, ааламды эмоционалдуу кабылдоо жана тереңдетип ой элегинен өткөрүү; тилдин – кеп маданиятынын коомдогу социомаданий маанилүүлүгүн, сөз өнөрүнүн искусствонун бир бөлүгү катары спецификасын аңдап билүү; окуп үйрөнүлүшү милдеттүү болгон тилдик жана адабияттык категорияларды билүү, адабий процесстин өнүгүүсүнүн эң маанилүү этаптары, атактуу окумуштуулардын илимий ишмердүүлүктөрүнүн негизги фактылары тууралуу түшүнүгүнүн болуусу; илимий ой корутундуну, концепцияны түшүнүү; көркөм адабият жаатында өз алдынча билим алууга болгон жөндөмдүүлүк; коммуникативдик компетенттүүлүк, же болбосо, речь маданиятын калыптандыруу, мында ал теориялык маданий

түшүнүктөрдү өздөштүрүүнү, өз алдынча билим алууга болгон муктаждыкты өнүктүрүүнү, маалыматтык жактан өзүн-өзү камсыз кылууну (информационная компетентность), китеп жана башка да маалыматтык булактар (китепкана, интернет тармагы) менен кошо билимдердин зарыл делинген булактарын аныктоону шарттап турат. Жыйынтыктап айтсак, мектеп окуучусу өзүнүн мектептик жана жекече жашоосунда төмөндөгүдөй мүнөздөгү жалпы маданий компетентүүлүккө: өзүнүн жалпы интеллектуалдык жана жалпы маданий деңгээлин өркүндөтүү, өнүктүрүү жөндөмдүүлүгүнө; илимдин жана билим берүүнүн заманбап маселелери боюнча билгендерин билим берүүчүлүк жана жекече милдеттерди чечүүдө колдонууга даяр болуу мүмкүнчүлүгүнө; практикалык ишмердүүлүктө жаңы билимдерге жана билгичтиктерге, ишмердүүлүк чөйрөсү менен түздөн-түз байланышпаган жаңы аймактардагы билимдерге маалыматтык технологиялардын жардамы менен өз алдынча ээ болуу жана колдонуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болуусу зарыл. Мындай абал мектеп курсундагы башка предметтерге салыштырмалуу адабият сабактарында, айрыкча, активдүү ишке ашырылат.

Мектеп окуучусунун социомаданий компетенттүүлүгү төмөндөгүлөрдү ичине камтыйт:

• Социомаданий компетенттүүлүк – окуучунун оозеки жана жазуу речин аргументтүү, логикалык жактан ишенимдүү, мазмундук жактан ачык, так, даана курууга, көпчүлүк алдында чыгып сүйлөө көндүмдөрүн колдонууга, сабакта же башка публика астында талкууларды жана талаш-тартыштарды жүргүзүүгө болгон жөндөмдүүлүк;

• Социомаданий компетенттүүлүк – класстагы курбулаштары менен биргелешип аракеттенүүгө, жамаат ичинде иш алып барууга даяр, өзүнүн тажрыйбасын кайрадан сынчыл ой элегинен өткөрүүгө, ар кыл түрдүү кырдаалдарга жана да чыгармачыл мамиленин, билим алуу ишмердүү-

лүгүнүн максаттарына жетишүүдө демилгенин жана туруктуулуктун келип чыгышына ылайыкташууга жөндөмдүүлүк;

• Социомаданий компетенттүүлүк – ой жүгүртүү маданиятына ээлик кылат, маалыматты кабылдоого, жалпылоого, анализдөөгө, максаттарды коюуга жана ага жетишүү жолдорун тандап алууга жөндөмдүү, философиялык, дүйнөгө көз караштык, социалдык жана инсандык олуттуу маселелерди анализдөөгө жөндөмдүүлүк;

• Социомаданий компетенттүүлүк – маданияттын адамдык болумуштун формасы катары маанисин түшүнүүгө жана өзүнүн ишмердүүлүгүндө толеранттуулуктун (кең пейилдүүлүк), диалогдун жана кызматташтыктын принциптерин жетекчиликке алууга жөндөмдүү, тарыхый мурастарга жана маданий салттарга карата сыйлоо жана сарамжалдуулук менен мамиле кылууга даяр болуу;

• Социомаданий компетенттүүлүк – тарыхый процесстин кыймылдатуучу күчтөрүн жана мыйзам-ченемдүүлүктөрүн, адамдын тарыхый процессте жана коомдун саясый уюштурулушундагы ордун түшүнүүгө, окуу процессинде жана жекече ишмердүүлүгүндө дүйнөнүн заманбап табигый сүрөттөлүшү жөнүндө билимдерди пайдаланууга жөндөмдүүлүк;

• Социомаданий компетенттүүлүк – дилгир мектеп окуучусу катары адепки илимий изилдөөнүн методологиясынын негиздерине ээлик кылат, алынган билимдерди жана көндүмдөрдү окуу процессиндеги, жекече жана социалдык ишмердүүлүктөгү практикалык милдеттерди чечүү үчүн колдонууга даяр болуу;

• Социомаданий компетенттүүлүк – маалыматтын коомду өнүктүрүүдөгү маңызын жана маанисин түшүнүүгө жөндөмдүү, маалыматты алуунун, сактоонун, кайрадан иштеп чыгуунун негизги усулдарын, ыкмаларын жана каражаттарын колдонууга, маалыматты башкаруунун каражаты катары компьютерде, мунун ичинде глобалдык компьютердик тармактарда иштөөгө, маалыматтык коопсуздуктун негизги талаптарын бузбоого даяр болуу;

• Социомаданий компетенттүүлүк – өзүнүн ишмердүүлүгүндө нормативдик укуктук документтерди пайдаланууга, жарандык коомдун шарттарында иш алып барууга даяр болуу;

• Социомаданий компетенттүүлүк – жигердүү окуу ишмердүүлүгүн камсыз кылуучу, организмдин адаптациялоочу резервдерин жогорулатуу жана ден соолукту бекемдөө үчүн дене тарбия жана денелик тарбиялоонун усулдары жөнүндө түшүнүүлөрдү туура колдонууга даяр болуу дегендик. Социомаданий компетенттүүлүк башка компетенциялардан айырмаланып туруктуу мүнөзгө ээ. Мисалы, кесиптик компетенциялар убакыттын өтүшү менен эскирет жана дайым жаңыланып турууну талап этет, ошол эле маалда жалпы маданий компетенцияларды адам баласы өзүнүн бүткүл өмүрү аркылуу олуттуу өзгөртүүсүз алып жүрөт. Демек, бүгүнкү заманбап коомдогу мектеп окуучусу күн сайын тынымсыз дайымкы өзгөрүлүп туруучу рынок экономикасынын шарттарында иш алып барууга эмитен, мектептен баштап камдана жүргөнү максатка ылайыктуу. Ал маалыматты тезинен анализдеп, аныкталбаган кырдаалдарда чыгармачылык чечимди кабыл алып, тилдик, коммуникативдик жана социомаданий компетенттүүлүктөргө ээ болушу керек. Окуучуда болушу керек болгон мындай сапаттар социомаданий компетенциялардын курамында бар. Азыркы учурдун билим берүүсүнүн талабы – окуучуга керек билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр менен катар эле окуучуда бул компетенцияларды калыптандыруу. Демек, окуучунун жалпы маданий компетенттүүлүктөрүн сабак процессинде эмитен калыптандырбасак, кийин андан мыкты адис чыкпай калышы ыктымал.

Ошентип, биз жогоруда узак сөз кылган социомаданий компетенттүүлүк мектеп курсундагы адабияттын ***предметтик*** компетенттүүлүк ***(окурмандык, баалуулук-дүйнө таанымдык, адабий-чыгармачылык)*** мазмундук жана функционалдык жактан бириктирип турат. Адабият предмети боюнча компетенттүүлүктөрдү орто мектептер үчүн түзүлгөн кыргыз адабияты

предметинин программасын түзүүчүлөрдүн бири профессор А. Муратов да туура жана жеткиликтүү аныктаган: «Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат. Компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору» [166, 45-б.]-деп белгилейт.

***Окурмандык компетенттүүлүк*** – адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү.

***Баалуулук-дүйнө таанымдык компетенттүүлүк*** **–** адабиятта чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө тааным категорияларды түшүнүү, ушул баалуулуктарга өзүнүн мамилесин аныктоо жана негиздөө, гуманисттик, адеп-ахлактык позицияларга бек туруу.

***Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк*** **–** ар түрдүү типтеги дил баяндарды жана түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк.

Адатта, кайсыл гана предмет болбосун, анын предметтик компетенттүүлүктөрү ошол предмет боюнча билим жана тарбия берүүнүн натыйжаларынын тизмегинде көрсөтүлгөн болот. Кыргыз адабияты предмети боюнча окуучу ээ боло турган компетенциялар улам класс жогорулаган

сайын адабий билим алуу боюнча компетенттүүлүктүн окуучу өздөштүргөн элементтеринин саны көбөйүп, сапаты да татаалдап отурат; компетенттүүлүк тийиштүү болгон объект өзгөрөт жана кеңеет, компетенттүүлүктөр өз ара жуурулушат, өз ара интеграцияда аракеттенишет.

Түйүндүү компетенттүүлүктөрдү – орчундуу компетенттүүлүктөр деп да атасак болот, анткени алар предметке багытталган, конкреттүү жана айкыныраак компетенттүүлүктөргө негиз боло алат. Түйүндүү компетенттүүлүктөр ишмердүүлүктүн бардык жаатына тиешелүү мүнөздө деп божомолдосок болот: маалыматтык, социо-катнаштык, өзүн-өзү уюштуруучулук жана көйгөйлөрдү чечүү.

Предметтик компетенттүүлүктөр болсо окуучулардын чыныгы муктаждыктарынан, зарылчылыктарынан аныкталат да, маалыматтык, социо-катнаштык, өз ишмердигин уюштурууга жана маселе чечүүгө байланышкан орчундуу билгиликтерин калыптандырууга шарт түзөт.

Кыргыз адабияты предмети боюнча окуучунун алдына коюлган компетенцияларды схемасын профессор А. Муратов менен К. Акматов баштаган окумуштуулар тобу түзүшкөн, мында ошону сунуш кылабыз:



Предметтик компетенттүүлүк бардык билим берүү баскычтары аркылуу өткөн негиз катары каралат жана предметти бүтүндөй көзөп өтөт. Ал «конкреттүү окуяны, абалды сүрөттөөгө, конкреттүү окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ» (А.В. Хуторской). Биз предметтик компетенттүүлүк дегенде окуучулардын адабият предметинин тарамында түрдүү билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана кийинки билим алуусунда да практика жүзүндө ушул билимдерин колдонуп кете алуусун түшүнөбүз. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо предметтик компетенттүүлүк алдыңкы катарда турган жетекчи компетенттүүлүк болуп эсептелет. Предметтик компетенттүүлүк окуу жана практикалык ишмердүүлүктө ар дайым иш жүзүнө ашырылып турганда гана ийгиликтүү калыптандырылат. Мектептеги адабият мугалими окуу жана адабий чыгармалардын тексттерине керектүү иш-аракеттери менен кайсы мазмунга максимум көңүл буруу керектигин баамдап түшүнгөндө гана окуучунун предметтик компетенттүүлүгү жогорку деңгээлде калыптанат.

Мектептин XI классында өздөштүрүлүүчү «Манас таануу» курсу боюнча бүтүрүүчү окуучунун ээ боло турган компетенциялары, негизинен, төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- Кыргыз адабиятынын бүтүндөй мектеп курсунда өздөштүргөн «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпостору боюнча (айрыкча, мында эпостун сюжети, өзөк окуялары, баш каармандар, баатырлардын элдин эркиндиги үчүн жасаган аракеттери) мурда алган билим, билгичтиктерин он биринчи класска келгенде эстей алышы, эсине түшүргөн ал материалдарды «Манас таануу» курсунун сабактарында пайдалана билүүсү;
- «Манас» эпосунун (үчилтигинин) кыргыз элинин турмушунан алган тарыхый ордун, ролун жана бүгүнкү күндөгү маанисин терең түшүнүп өздөштүрүп алуусу, керек жерде токтолбой айтып бере билүүсү;

▪ Эпостун көркөм чыгарма катары жаралышы, ал боюнча божомолдор, уламыштар, тарыхый далилдерди билүүсү. «Манастын» көркөм чыгарма катары калыптануу процессин терең өздөштүрүүсү;

▪ «Манас» эпосунун жыйналышы, манасчылык өнөр жана манасчылар боюнча: эпостун текстин алгачкы жыйноочулар, алар жыйнаган региондор жана текстиндеги негизги айырмачылыктар тууралуу маалыматтарга ээ болуусу; («Мажму ат-таварих», Ч. Ч. Валиханов, В. В. Радлов). Чет өлкөлүк жыйноочулар жана изилдөөчүлөрдүн «Манас таанууга» кошкон салымы тууралуу кенен маалыматтарга ээ болуусу; эпостун совет доорунда жазылып алынышынын, жарыяланышынын кыскача тарыхы менен тааныш болуусу; ысымдары уламышка айланган манас айтуучулар – Ырамандын Ырчы уул, Токтогул ырчы. XIX кылымдагы манас айтуучулар Балык, Тыныбек, Чоюке жана башкалар тууралуу кыскача маалыматка ээ болуусу; Чоң манасчылардын: С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттарын билүү менен эпостун тексти менен тааныш болуусу;

▪ «Манас» эпосунун китеп түрүндө бастыруунун тарыхы боюнча: эпосту басып чыгаруунун алгачкы аракеттери тууралуу; 1940-44-жылдардагы «Манас сериялары», эпостун кыскартылган же курама варианттарынын жарык көрүшү тууралуу маалыматтарга ээ болуусу; Сагынбай менен Саякбайдын вариантында «Манас» үчилтигинин китеп болуп чыгышы. Кытайлык кыргыз манасчы Жусуп Мамайдын китебинин жарык көрүшү тууралуу кенен адабий маалыматтарга ээ болуусу;

▪ «Манастын» изилдениш тарыхы боюнча: «Манастын» орус жана казак окумуштуулары тарабынан изилдениши тууралуу. Эпосту адабият таануу, тил таануу, тарых, этнография, этнопедагогика, философия, география, социология багыттарында изилдениши тууралуу. «Манас» улуттук академиясынын, Кыргыз улуттук «Манас» театрынын, «Манас таануу» жана көркөм маданият» улуттук борборунун эмгектери тууралуу. «Манасты»

изилдөө боюнча ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын жүргүзгөн иштери тууралуу жетиштүү маалыматтарга ээ болуусу;

▪ «Манас» эпосунун руханий, адеп-ахлактык жана патриоттук нарк-насили тууралуу кенен маалыматтарга ээ болуп, ал маалыматтар менен керек жерде ой бөлүшө билүүсү;

▪ Жогоруда саналган маселелердин ар бири боюнча окуучу оозеки форматта оюн сабаттуу билдире алуусу жана жазуу иштерин: сочинение, эссе, реферат, баяндамаларды жогорку көркөмдүүлүктө аткара билүү компетенцияларына ээ болушса, анда «Манас таануу» курсу боюнча адабият программасы жана окуу китебиндеги материалдарды да максаттуу өздөштүргөн болот.

Мектеп курсунда «Манас таануу» курсу өздөштүрүлүп бүткөндөн кийин (анткени «Манас таануу» мектепти аяктоо процессиндеги жыйынтыктоочу этап) окуучулар төмөнкү билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ болуулары шарт:

▪ кыргыз адабий процессинин өнүгүү этаптарын, анын негизги тенденцияларын билүүсү;

▪ адабияттын коомдук ролун, эстетикалык кызматын, таанытуучулук, таалим-тарбия берүүчүлүк функциясын билүүсү;

▪ акын-жазуучулардын өмүрүнүн, чыгармачылыгынын урунттуу учурларын өздөштүрүп алуусу;

▪ окулган чыгарманын сюжетин, композициялык бөтөнчөлүгүн, образдар системасына кенен анализ жасай алуусу;

▪ чыгарманын негизги идеялык-нравалык проблематикасын түшүнүүсү;

▪ чыгарманын башкы каармандарынын мүнөзүндөгү типтүүлүк менен жекеликтин айырмаларын билүүсү;

▪ сунуш кылынган адабий-теориялык түшүнүктөрдүн негизги белгилерин ажырата билүүсү;

▪ көркөм чыгармалардагы сүрөттөөлөрдү, окуяларды, ар түрдүү кырдаалдарды көз алдыга келтирип, оозеки айтып берүү, ошонун негизинде жазуучу сүрөттөп жаткан турмуштун бирдиктүү элесин түзүү көндүмдөрүнө ээ болуусу;

▪ чыгарманын идеялык-көркөмдүк бүтүндүгүн, автордук позициясын эске алып талдай билүүсү;

▪ көркөм чыгарманын негизги проблематикасын аныктай алуусу;

▪ сюжеттик элементтердин, композициясын, образдар системасынын жана тил каражаттарынын өз ара биримдиктеги идеялык-көркөмдүк ролун аныктай алуу ишмердүүлүгүнүн калыптанышы;

▪ окулган чыгармага далилдүү баа бере билүү менен пикиринин планын түзө алуусу;

▪ үйрөнүлгөн чыгарма боюнча ар кандай мазмунда жана формада дил баян жаза билүүсү;

▪ адабий темада доклад (баяндама), реферат даярдай алуусу;

▪ көркөм чыгармаларга карата аннотация, рецензия жаза алуусу;

▪ адабий сын изилдөөлөргө өз баасын билдире алуу көндүмдөрүнө ээ болуусунан келип мектептин бүтүрүүчү классынын окуучусунун «Манас таануу» курсу боюнча алган билим, билгичтиктери менен көндүмдөрү, компетенциялары анын кыргыз адабияты боюнча билиминин орто мектепти аяктаган адамдын алдына коюлган жалпы талаптарга жооп берет деген бүтүм чыгарууга толук мүмкүн.

## 1.2. Мектептин жогорку класстарында фольклордук чыгармаларды окутуунун теориялык жана практикалык маселелери

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринде профессионал жазма адабияттын үлгүлөрү (азыркы адабият), эл ырчыларынын чыгармачылыгы (акындык поэзия) бөлүмдөрү сыяктуу эле

оозеки адабияттын мыкты үлгүлөрү да системалуу түрдө окутулат. Окуу программасы сунуш кылган жалпы адабий мурастарды эске алганда, алардын ичинен фольклордук чыгармалар саны жагынан көп, анткени мектептин төмөнкү класстарында башка жанрдагы адабий мурастарга салыштырмалуу оозеки адабияттын үлгүлөрү кыйла көбүрөөк сунуш кылынгандыгынын эсебинен көптүк кылат. Улам класс жогорулаган сайын элдик оозеки чыгармалардын саны кескин кыскарып, көбүнесе, азыркы профессионал адабияттын үлгүлөрү басымдуулук кылат. Ал эми адабий билим берүүнүн ортоңку звеносунда болгон сегизинчи класста «Манас» үчилтигин толугу менен өздөштүрүү сунуш кылынган. Окуучу өткөн окуу жылындагы жетинчи класста кыргыз фольклорунун мыкты үлгүлөрүнүн айрымдары катары «Кожожаш» (бул эпос азыр сегизинчи класска сунуш кылынды), «Эр Табылды» эпостору менен таанышса, арадан төрт окуу жылы өткөндөн кийин, мектепти аяктаар жылында (он биринчи класста) кайрадан фольклорго кайрылып, «Манас таануу» курсун өздөштүрөт [121, 48-49-бб.].

Кыргыз эли байыркы эл, ошондуктан анын тилдик казынасы өтө бай, тилдик андай бай казына ошол элдин элдик оозеки чыгармачылыгында көркөмдүк жактан абдан жогору, ары элестүү чагылдырылган, мындай касиет оозеки формада жаралган көркөм адабияттарга бирдей мүнөздүү көрүнүш болуп саналат. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын материалдары ички мазмуну жана формалык белгилерине карата эпикалык, лирикалык жана дидактикалык чыгармалар болуп үч ири топко бөлүнүп, тематикасына, көлөмүнө, түрлөрүнө, жанрларына, поэтикалык системасындагы жалпылыктарына, турмуштук функциясын, аткарылуу мүнөзүнө карата ич ара өзүнчө бутактанып бөлүнүп кетет, бирок ал чыгармалардын мазмунунда жалпы элдин турмушу, көргөн-бакканы, ой-санаасы, эркиндикке болгон умтулууларын билдирген үмүт-тилеги, күрөшү жогорку көркөмдүүлүктө баяндалат. Кылымдар бою элибиз оозеки сактап биздин күндөргө жеткирген оозеки чыгармалардын орчундуу тобун

эпикалык чыгармалар түзөт. Адабият теориясында эпикалык чыгармалар төмөндөгүдөй жиктелген: жөө жомоктор, жомоктор, мифтер, уламыштар, болмуштар, дастандар, тамсилдер, оозеки баяндар, санжыра, улуу жана кенже эпостор ж.б. Курамындагы чыгармаларга караганда кайсы бир окуяларды ичине камтып, бирдиктүү бир сюжетке ээ чыгармалар эпикалык чыгармалар болуп эсептелинип, кара сөз, же ыр түрүндө болот. Келечек муунду тарбиялоо максатында жана аларды учурдагы заман өзгөчөлүктөрүнө, ааламдашуу процессиндеги коомдун түрдүү жагдайларына туруштук берип, өз жашоосун тың куруп кете ала турган атуулду тарбиялап-өстүрүү үчүн эпикалык чыгармалардын ар бирин терең өздөштүрүү зарылдыгы бар.

Эпос (гр. epos – сөз, кеп, баян) – элдин башынан өткөргөн баатырдык иштерин даңазалаган ыр түрүндөгү эпикалык чыгарма. Эпосто элдин, улуттун, өлкөнүн тадырын чече турган зор окуялар көркөм сүрөттөлүп, алар тарыхый бөтөнчө шартта жаралат. Эпостор фольклордогу эпикалык түрүнө кирүүчү ыр формасындагы көлөмдүү чыгармалар болгондуктан, анда элдин тарыхый турмушу, маданий-социалдык абалы, карым-катнашы, үрп-адаты, келечектен күткөн тилеги кеңири чагылдырат. Кыргыз эпосторун көлөмүнө, андагы окуялардын камтылышына карап шарттуу түрдө улуу эпос жана кенже эпостор деп экиге, ал эми идеясына, окуялардын мүнөзүнө жараша баатырдык жана турмуштук деп экиге ажыратылат. Турмуштук-социалдык эпостордо эл турмушунун ар кандай жактары – эркин сүйүүгө умтулуусу, эски салтка каршы күрөшү, бийлик талашуулары, тууган арасындагы көралбастыктар жана башка ушул сыяктуу ар түрдүү кырдаалдардагы жашоо тиричиликке байланышкан окуялары сүрөттөлөт. Ал эми баатырдык эпостордо элди-жерди, Мекенди ички жана сырткы душмандардан, баскынчылардан, талап-тоноочулардан коргоого жан аябаган жоокердик милдет, баатырдык сүрөттөлөт. Ата-бабаларыбыз бизге, башкача айтканда, урпактарына терең мазмундуу, укканга, окуганга да кызыктуу социалдык-

турмуштук эпосторду («Кожожаш», «Саринжи Бөкөй», «Кедейкан», «Мендирман», «Олжобай менен Кишимжан» ж.б.), баатырдык кенже эпосторду («Жаныш, Байыш», «Жаңыл Мырза», «Курманбек», «Эр Табылды», «Эр Төштүк» ж.б.) көөнөрбөс мурас катары калтырган. Келечек муунга эпосторду окутуунун эң башкы максаты – мекенчилдик духту жаш муундун жан дүйнөсүнө сиңирүү.

Белгилүү окумуштуу, педагогика илимдеринин доктору, профессор Абдыкерим Муратов элдик эпосторду окутуу маселеси бир нече өзгөчөлүктөрдү белгилеген: «*Биринчи өзгөчөлүк* – жалпы эле фольклордун өзгөчөлүгү менен байланыштуу каралууга тийиш. Ар бир чыгарманын текстин интерпретациялаган кезде анын жазма адабияттан бөтөнчөлүктөрү белгиленип турушу керек, ансыз профессионал адабиятты караган көз менен оозеки эл чыгармачылыгын кароо мүмкүн эмес» [169, 106-107-бб.]-деген пикирин айтат. Андан ары ал элдик оозеки чыгармачылыктын жазма адабияттан болгон айырмасын белгилеген:

1. Коллективдүүлүгү. Бир чыгарманын түпкү тегин жалгыз адам түзгөн болсо да, ал эл арасында оозеки жашап, ага улам кийинки муундун өкүлдөрү кошумчаларын кошот, кыскасы, автору белгисиз болот да, коллективдин чыгармасына айланат.

2. Варианттуулугу. Элдик оозеки чыгармаларда туруктуу текст жок болот да, бир эле чыгарма жаралуу мезгили, орду, аткаруучусу жагынан ар түрдүү болуп кала берет, натыйжада анын ар кыл варианттары келип чыгат.

3. Салттуулугу. Мындай чыгармаларда текстинен тартып, сюжет, образ, мотивдеринде окшоштуктар болот да, алар варианттардан варианттарга, бир мезгилден экинчи бир мезгилге көчүп жүрө берет.

4. Оозеки болушу.

5.«Көркөмдүк системасында туруктуу сөз айкаштарынын, фантастиканын, гиперболанын көп кездешиши, реалдуулукка караганда, идеалдуулуктун арбын өкүм сүрүшү» [169, 143-144-бб.]. *Экинчи өзгөчөлүгү*

– фольклордук чыгармаларды салыштырма анализ жүргүзүү анын табиятын туура түшүнүүгө жардам берет. В. М. Жирмунскийдин «тарыхый-генетикалык» (бул же тигил көрүнүштүн түпкү тегин кароо); «тарыхый-типологиялык» (бул же тигил көрүнүштү коомдук өнүгүштүн баскычтары менен кароо); «улуттар жана элдер аралык маданий өнүгүштүн контексинде кароо» деген сунуштаган ыкмаларын белгилеп, «Мугалим бул эмгекти, о.э., салыштырма-типологиялык талдоо жүргүзгөн башка эмгектерди да билүүгө тийиш»-деп эсептейт. *Үчүнчү өзгөчөлүк* – элдик оозеки чыгармалар эл арасында оозеки тарагандыктан, анын алып жүрүүчүлөрү таланты бар кишилер – манасчылар, төкмөлөр, ырчылар болушкан, алардын аткаруучулук өнөрү чоң мааниге ээ. Ошондуктан мугалим фольклордук чыгармалардын бул өзгөчөлүгүн эске алуу менен техникалык каражаттар аркылуу (видео, DVD, слайд, электрондук доска, проектор ж.б.) аткаруучунун жандуу элесин, айтып жаткандагы абалы жана аны аудитория кандай кабыл алып жатканы менен таанышыш керек. *Төртүнчү өзгөчөлүк* – элдик чыгармалар, алардын ичинде эпостор азыркы балдардын дүйнөсүнө дагы жакын болушу үчүн андагы тил байлыктары менен өзгөчө иштөө керек. Ырасында, учурда кыргыз тилин эң мыкты билет деген окуучулар да эпостордон өзү маанисин билбеген, түшүнүксүз сөздөрдү жайнатып таап чыгат. Андыктан кыргыз фольклору – балдар тил байлыгын өстүрө турган айдың талаа, башка бир жерден да таба албай турган рухий кенч, алтынга алмаштыргыс, казган сайын улам ары казып кете бере турган кен [169, 144-145-бб.].

А.Муратовдун элдик эпосторду окутуудагы белгилеген өзгөчөлүктөрүн ар бир методист же мектептин жогорку класстарында фольклордук чыгармаларды окутуп жатканда ар бир мугалим жетекчиликке алуусу зарыл. Окутуудагы бул өзгөчөлүктөр бири-биринен бөлүп алынып салууга мүмкүн болбогон биримдикти түзүп, аларды айкалыштырып колдонуу аркылуу окутулган сабак өз максатына толугу менен жетээри шексиз. Окумуштуу

белгиленгендей, окуучулар эле эмес, кээ бир учурларда эпостордун өзөгүндөгү көркөм сөз каражаттары катары берилген «көөнө» сөздөрдү, же болбосо фразеологизмдердин маанисин мугалимдер өздөрү билбеген учурлар кездешпей койбойт. Андыктан окутуучуга, элдик оозеки чыгармалардын өзөгүндөгү эскирген, көөнө сөздөрдүн маанисин билүү зарылчылыгы туулат. Ан үчүн мугалим күн мурунтан чыгармалар менен таанышып, анын мазмунундагы түшүнүксүз сөздөрдү бөлүп жазып алып, ал сөздөрдү түшүндүрмө сөздүктөн, фразеологиялык же орфографиялык сөздүктөн, же болбосо К. К. Юдахиндин, К. Карасаевдин ж. б. сөздүктөрүнөн карап, түшүндүрмөсүн окуп-билип, керек болгон учурда конспектилеп жазып алгандан кийин гана, сабакты алып баруусу туура болот.

Мектептин жогорку класстарында оозеки чыгармаларды, анын алкагында «Манас таануу» курсун окутуу процессин уюштурууда да дал ушул жогоруда айтылган тартипте уюштурулушу зарыл. Албетте, оозеки чыгармалардын башында «Манас» эпосу турат, бирок анын өзөгүндө бардык кенже эпостордун, лирикалык жана дидактикалык чыгармалардын тизими жатат, башкача айтканда, турмуштук жана баатырдык эпостордун тең жарымын «Манас» үчилтигинен кездештирүүгө болот. Демек, окуучуларды турмуштук жана баатырдык кенже эпостордун кыскача мазмуну менен тааныштырып, ал эми эпосторду башынан аягына чейин окуп келүүнү тапшырма катары берүү керек. Мектептеги жогорку класстарга сабак берген адабият мугалими «Манасты» окутууга киришүүдөн мурда, өтүлгөндөрдү кайталап, кенже эпосторду тааныштыруусу – үчилтикти окутууга өбөлгө боло алат.

Окуучулар айрым бир эпикалык чыгарманын, айталы, «Кожожаш» же болбосо, «Эр Табылды» эпосун, кыскача мазмунун угуп, андан соң үйдөн өз алдынча эпосту башынан аягына чейин окуп, эпостун көтөргөн негизги маселеси адам менен жаратылыштын табийгый биримдиги, гармониясы жөнүндөгү бул эпостун бир караганда өз элин, өз үй-бүлөсүн,

айылдаштарын мергенчилик менен асырап баккан мерген жөнүндөгү чыгарма экендигин, башкы каарман Кожожаштын өлүмүнө байланыштуу философия өтө терең, ал жалпы адамзаттык улуу философия , «аманатка – кыянат кылбоо» деген жашоонун жазылбаган мыйзамын аңдап-түшүнүшөт.

Кантсе да, эпикалык чыгармаларды окутуу лирикадан кескин айырмаланган методиканы талап кылаары бышык. Бул боюнча белгилүү окумуштуу Бектурсун Алымов: «Кыргыз адабиятын окутуу методикасы илим катары жетимишинчи жылдардан бери калыптанып келе жатат, анын изилдөө объектиси да улам кеңейүүдө. Мектеп курсунда кыргыз адабиятын окутуу иши учурда методисттердин гана милдети болбошу керек, кайсыл илим тармагынын тарыхы менен теориясынан дарс окуган окутуучу ошол илим тармагын, анын предметтик  курсун окутуунун методикасы менен тааныш болушу абзел, тааныш эле болушу жетишсиз, ал анын сырларын өздөштүргөн адис болушу шарт. Айталы, адабий жанрлардын ичинен лириканы же драмалык чыгармаларды окутуунун методикасы канчалык бири экинчисинен айырмаланса, эпикалык чыгармаларды окутуу иши да ошондой өзгөчөлүктөргө ээ. Эпикалык мурастарды окутуунан татаалдыгы ошол чыгармалардын көлөмүнүн чоңдугу, ирилиги, катышкан каармандарынын молдугу менен түшүндүрүлөт»-деп жазат [22, 86-б.]. Окумуштуунун бул айткан оюнун тегерегинде ойду уланта турган болсок, эпикалык мурастардын эң эле көлөмдүүсү «Манас» үчилтиги. Аны окутуунун методдору менен каражаттарын педагогика илимдеринин кандидаты Д.Саалиева төмөнкүчө аныктайт: «Мектептин сегизинчи классында окуучулар «Манас» үчилтиги менен толук таанышышат. Алар аталган көркөм чыгарма менен биринчи жолу жолугуп жатышкан жок, тээ бешинчи, жетинчи класстарда эле прграмма эпостон айрым үзүндүлөрдү сунуш кылган, демек, окуучу эпос менен тааныштыгы бар. Мугалимдин милдети – ошол окуучу билген материалдардын тегерегинде суроолорун түзүп, эпосту бир ирет эске салганы оң» [ 197, 177-б.].

Изилдөөчү Д. Саалиеванын сөз болуп жаткан эмгеги «Манас» эпосунун баатырдык эпос катары темасы менен идеясын окутуу маселесине басым жасаган. Ырас, баатырдык эпос, аны окутуу проблемалары мектеп курсундагы башка жанрлардан кескин айырмаланып турат, ал айырмачылыктардын негизгиси – чыгармадагы башкы каармандардын баатырдык образдарын сабакта талдоо иштери. Баатырлардын көркөм образдарын сабакта талдоо чыгарманын жанрдык табиятын туура түшүнүүгө, анын темасы менен идеясын туура аныктап алууга көмөкчү болот.

Мектептин жогорку класстарында фольклордук чыгармаларды, анын алкагында «Манас» үчилтигин окутуу ишинде адабият мугалими жетекчиликке ала турган айрым бир теориялык маселелерди сунуш кылалы. Анткени адабиятта эпикалык каармандын сүрөттөлүшү адабияттын башка тектериндеги каармандарга караганда кыйла башкача, анын өзүнө мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрү бар. Аны эпикалык чыгармаларды окутуу ишинин кезектеги өзгөчөлүктөрүнө кошобуз. Бул позициядан алганда, алгач «Манас» эпосундагы башкы каармандардын негизгилеринин көркөм образдарын сабактарда талдоо учурунда мугалим кармана турган теориялык маселелерге токтололу. Эпостогу негизги баатыр каармандар – Манас менен Коңурбай. Түпкүлүгүндө, Манас менен Коңурбай турмушта карманган багыты боюнча да, жан дүйнө абалы менен түшүнүктөрү боюнча да бири-экинчисине түк дал келбеген, тескерсисинче, бири-экинчисине карама-каршы коюлган эпикалык каармандар. Бирок бул экөөнү бириктирип турган бир нерсе – экөө тең жанда жок баатыр, айкөл, тайманбас жоокер, ар бири өз элинин патриоту. Ушул жагдайды мугалим XI класстын окуучуларына «Манас таануу» курсунун сабактарынын ичинде каармандардын образдарын талдоо мезгилинде жетекчиликке алганы жакшы. Мына ошондуктан экөөнүн көркөм образдарын сабакта талдоо учурунда бир полотнодо салыштырып кароого болот.

Түрк тилдүү элдердин дээрлик баарында элдик эпостор – көөнө мурас катары жашап келе жаткан чыгармачылыктын бир негизги салаасы. Айрыкча, кыргыздарда «Манас» үчилтиги башында турган ондогон баатырдык кенже эпостор бар, аларды зарылдыгы келгенде санайбыз жана алар тууралуу оюбузду айтабыз. Түрк тилдүү элдердин көбүндө кыргыздардыкына окшогон баатырдык эпостору бар. Элдик эпос болгондуктанбы, алардын көбүндө каармандарды, айрыкча, баш каармандарды, баатырларды сүрөттөө көп жагынан окшош келет, анткени баатырдык мотивдер баатырдык эпосторго мүнөздүү көрүнүш, баатырлардын көркөм сүрөттөлүшү да башкаларга үлгү. «Манас» эпосунда баатырлар көп, алардын айрымдары Манас баатырдын өзү баш болгон анын жанында жүргөндөр Кошой, Алмамбет, Чубак, Сыргак, кырк чоро, анын душмандары (кыргыздын душмандары) Коңурбай, Нескара, казактардан Көкчө баатыр жана башкалар, буларды аттарын санай берсең жүздөп саналат. Ар бири өзүнө тиешелүү баатырдык касиет белгилерге, өзгөчөлүктөргө ээ.

Кыргыз адабият таануу (фольклор таануу) илиминде эпикалык чыгармалардагы баатырдык мотивдердин (баатырдык мотив да эпикалык чыгармаларды окутуу ишинин бир өзгөчөлүгү эмеспи) сүрөттөлүшү боюнча ондогон макалалар жарыяланды. Ошолордун эң эле көрүнүктүү, негиздүүсү профессор Акбаралы Сыдыковдун «Манас» эпосундагы баатырдыктын мотивдери» деген аталыш менен бир нече ирет жарыяланган илимий монографиясы [211]. Бул адис бул тема боюнча кандидаттык диссертациясын да коргогон (А.Сыдыков. Идеалы героического в эпосе «Манас». Фиолология илимдеринин кандидаты даражасын алуу үчүн жазылган диссертация. – Москва, 1972) .

А. Сыдыковдун аталган монографиясынын «Баатырдык салыштыруу-лардын сүрөттөлүшү» деп аталган экинчи главасы эпостун алтымыштан ашуун варианттарынын ичинен кеңири белгилүү болгон Саякбай Каралаевдин вариантындагы баталдык окуялардын сүрөттөлүш ыкмалары,

композициясы, Сагынбай Орозбак уулунун вариантындагы согуштук окуялардын баяндалыш ыкмалары менен композициясы илимий изилдөөлөрдүн негизги методу болгон салыштырма-типологиялык, тарыхый-салыштырма методдорунун талаптарына ылайык жазылган. Эпостун көркөм текстиндеги типтүү өзөк окуялар, алардын айрым үзүндүлөрү атайы изилдөөнүн объектисине алынып, баатырдык салыштыруулардын картинасындагы вариацияланышы да биз жогоруда белгилеген илимий методдордун негизинде ишке ашырылган. Автор өзү белгилегендей, эпосто согуштук окуялардын сүрөттөлүшүнө, салгылашуу сценаларына өзгөчө маани берилген, ошондуктан согуш эпизоддорунун көркөм композицияларын талдоо эпостун поэтикасын үйрөнүүдө зарыл мааниге ээ. Сөз болгон эки вариантта согуш картиналарын сүрөттөөнүн композициялык курулуштарында жалпылыктар арбын. Ошого карабастан, автор ар бир вариантты өз-өзүнчө бөлүп карайт. Туруктуу, өзөк окуяларды эске албаганда эки вариантта баталдык окуялардын композициясы, алардын көркөм иштелиши бири экинчисинен кескин айырмаланат.

«Эпостогу каармандык мотивдер, дейт, автор, алардын окуянын жүрүшүндөгү өнүгүү эволюциясын ырааттуу изилдөө эпостун оозеки жашашы үчүн поэтикалык тилдин туруктуу формаларынын жана сюжет куруунун салттуу компоненттеринин маанилерин көрсөткөндүгүн белгилеп келип, ошондой традициялык формалар эпикалык чыгарманын муундар аралык интеграцияланышына жардам берээри жөнүндөгү илгери үмүт-тилектери да билдирилген. Демек, байыркы поэтикалык эстеликтин азыркы заман менен мындай үндөшүүсүндө кыргыздардын алыскы ата-бабалары тарабынан даңкталып ырдалып келген, элдик ырчы жана айтуучулардын көптөгөн мууну аркылуу бизге келип жеткен так ушул баатырдык мотивдер, эрдиктин идеалдары негизги ролду ойногон» [ 211, 56-57- бб.].

Эпостун тулку боюнда бүтүндөй сиңирилген баатырдыктын символу – Манас. Баатырдык көрүнүштөр Манастын айланасында жүрөт. Эпостогу

башка баатырлардын (айрымдарынын баатырдыгы, жадесе, Манастан да кем калышпаган) согуштук эрдиктери ошол Манас баатырдын аракеттерине байланыштырылган. А. Сыдыковдун айтымында, «Элдин түшүнүгүндө бүткүл сонун деп эсептелген, тууроого, артынан ээрчүүгө татыктуу деген баатырдын идеалы ушул образда толук жүзөгө ашырылган. Ушул образда эң жогорку баатырдык сапаттар синтездештирилген, бул сапаттарды Манас өзүнүн бүткүл эрдик иштеринде көрсөтөт» [211, 63-64-бб.]. Эпостогу элдик нукура баатырлардын бири кан Кошойдун Манас баатырга мындай мүнөздөмө бергенин көрөбүз:

Качырганын куткарбас,
Кабылан сыры бар экен.
Каары катуу бала экен,
Жоону көрсө чоочубас,
Жолборс сыны бар экен.
Миңди көрсө шашпаган,
Миң душманды көргөндө,
Көп экен деп качпаган... (Сагынбай манасчынын вариантынан).

Бул Кошой баатырдын жаш баатыр Манастын душман менен болгон биринчи салгылашуусунан көргөнүн айтканы. Эпосто Манастын эрдигине карата Кошойдун бир нече жерде ар кыл мотивде айткандарын учуратабыз. Манастын эрдигин, тайманбастыгын, баатырдыгын Бакай, Кошой, Алмамбет, Чубак, Сыргак, кырк чоронун башчысы Кыргыл чал жана башка анын тегерегиндегилерден башка да анын душмандары да мойнуна алышат, эпосто бул абдан кылдаттык менен сүрөттөлгөн. Айталы, Сагынбай Орозбаковдун вариантында Манас баатырдын кайраты, тайманбастыгы, күч-кубаты жагынан аны арстан менен жолборско, чапчаңдыгы кабылан менен илбирске, кыраандыгы бүркүткө салыштырылат. Айкөлдүгү (муну душмандары эмес,

жанындагылары) деңиз менен океанга, бекемдиги болсо, аска ташка, Ала-Тоого салыштырылат.

«Манас таануу» курсунун сабактарында Манастын аскерлеринен жеңилип бараткан душмандарынын ага берген баасын окутуу өзгөчө мааниге ээ:

Кыйкырып түрө качырса,
Кылычынын мизинде,
Кырк душмандын каны бар.
Найзасынын учунда,
Жүрөт кошо айбаты,
Жүз кишинин жаны бар.
Жеке башы баатырдын,
Жети миң колдой шаңы бар.
Бет алдынан карасаң,
Ажыдаардын түрү бар.
Аз болгондо кийгени,
Атан төөнүн жүгү бар.
Өлөмүн деген турбаса
Өзгө пенде ким турсун?
Ажалы жеткен турбаса
Асили пенде тургусуз.
Алтымыш кулач найзасын
Колтукка кыпчып алыптыр,
Ажыдаар менен жолборсу
Артынан сойлоп алыптыр.
Көсөө куйрук көк бөрү –
Көк жал эрдин жөкөрү
Артынан ээрчип алыптыр.
Алп кара куш арбайтып,

Асмандан бутун салыптыр.
Кара чаар жолборсу,
Кайып эрен кырк чилтен
Канкор эрдин жолдошу...

Каардуу Манас согуш учурунда душмандын көзүнө мына ушинтип көрүнөт. Айрыкча, анын айыгышкан душманы Коңурбай менен Нескаранын Манаска берген сыны, мүнөздөмөсү адамды таң калтырат, а чынында, алар өздөрү деле Манастан кем калышпаган кайрат күч менен эрдикке ээ баатырлар эле. Ошол Нескара Манас баатырды минтип сындайт, сындап эмес, анын накта баатырдыгына баа берип, ары таң калып, айласыз мындайча баа берет: «*Кайратын көрсөң Кара-Тоо, Катылган пенде калбайт соо. Айбатын көрсөң Ала-Тоо, асылган калбайт аман-соо. Болжолуна карасаң, Болот өтпөс кара таш. Күрсү тийсе оюлгус, Туюк сөөк, чулу баш. Аз кийгеним дегени, Атан төө жүгү бар. Адам уулу тик баккыс, Ажыдаар түгү бар. Сакалы саадак сабындай, Мурутун көрсө өткөндөй, Букарлыктын шабындай. Ызгаардуу айткан сөзү бар, Шыркыраган ширенди, Кызыл жалын көзү бар*». Баатыр Манас душман тарабынан да мына ушинтип сүрөттөлөт.

Эпосто Манас баатырдын (демек, кыргыздын) душмандары жалаң жаман иштери, терс көрүнүштөрү менен сүрөттөлгөнү менен ал душмандардын согуш өнөрүн мыкты билгендиги, ал эмес кээде жакшылык иштери боюнча да кыргыз баатырлары менен бир катарга коюлуп баяндалганын көрөбүз, мындай көрүнүш, айрыкча, Сагынбайдын вариантында көбүрөөк орун алган. Дегинкиси, бир жагынан Манаска, анын чоролоруна кандай коркунучтуу душмандар менен салгылашуга туура келени белгиленсе, экинчи жагынан, эл сүйүктүү, ардактап-даңктаган, сыймыктанган баатырларынын душмандары да өздөрүнө татыктуу болушу керек деген мааниде. Манастын баатырдык сапаттарынан Коңурбайдыкы да калышпайт деп жогоруда айттык эле.

Коңурбай да өз элинин эркиндигин (ал жалаң эле баскынчы эмес), намысын коргогон эл баатыры. Ал Сагынбайда мындай дейт:

Өлсөм өлүп жөнөйүн,
Кызыл ойрот журтума
Кызмат кылып көрөйүн.

Же болбосо, дагы бир жеринде:

Өлсөм акыр өлөрмүн,
Артыма калсын өнөрүм.

Коңурбай баатыр өнөрүм деп согуштук тактика менен стратегиясын, душман менен кармашууда колдонгон айла-амалдарын айтып жатат. Биздин оюбузча, Манастан кем калбаган ошол баатыр түпкүлүгүндө ойроттун элинин жеңишке жетишин тилек кылган, анын өнөрүн, эрдиктерин кийинки баатырлар колдонушса экен деген тилегин билдирип жатат.

Сагынбайда да, Саякбайда да ошол эл душманы Коңурбайдын баатырдыгы, кайраты менен айбаттуулугу, Манастан кем калбаган тайманбастыгы, ошону менен бирге айла-амалкөйлүгү адилеттүү даңазаланат. Мындай парадоксалдуу көрүнүш жымсалданбай эле мектеп бүтүрүүчүлөрүнө айтылышы керек, өспүрүм муну түшүнгөн абалына келип терс каарман болсо да, баатырды баатыр деш керек. Ошол баш каарман, башкы душман Коңурбайдын баатырдыгын мүнөздөөдө анын каардуу көрүнүшүн, кунарсыз келбетин ачып көрсөткөн туруктуу эпитет катары «калча» түшүнүгү колдонулат. Кантсе да душмандын гиперболалуу портретинде болсо да анын баатырдык белгилери үстөмдүк кылат, карайлы:

Кирпиги сайдын талындай,
Айдары аттын жалындай.
Мурутун бурап артына,
Ай балтанын сабындай.
Оозунан от чыкса,
Чоң тандырдын табындай.

Желеги кара көк найза,
Жер көчкөндөй бир сайса.

Коңурбайдын баатырдыгынын дагы бир жерде сүрөттөлүшү мындай:

Өңү бышкан өпкөдөй,
Сакалдары туу куйрук,
Сараптан тешип өткөндөй.
Көзү өгөгөн темирдей,
Муруну бар каапырдын,
Бузулган тоонун сеңирдей.
Түлөгөн жору каштанып,
Өгүздөй болгон чоң дөөкөр,
Өрттөнгөн дөңгөч баштанып.
Мурдун көрсөң бөрүдөй,
Эки көздүн чуңкуру,
Казып койгон ородой.
Кирпигинин чылпагы,
Мергендердин шородой,
Көк бөрү тонун жамынып,
Көк арстандай чамынып.
Бет келгенин кыйраткан...

Кантсе да Коңурбай терс каарман, кыргыздын кокунучтуу душманы, ошол себептен манасчы (айтуучу) анын портретин сүрөттөөдө терс, жагымсыз эпитеттерди пайдаланат. Бирок ошого карабай, андай каармандын баатырдыгын айтпай коё алган эмес.

Мында элдик эпостордогу баатырлардын сүрөттөлүшүн «Манас» эпосу, анын ичинде Манас баатыр менен Коңурбайдын баатырдык белгилеринин сүрөттөлүшүнүн айрым гана учурларына токтолдук. Кыргыз адабиятынын мектеп курсунда өздөштүрүлүп жаткан башка кенже эпостордогу

баатырлардын көркөм сүрөттөлүшүн окутуу маселелери деле ушундай таризде жүргүзүлөт.

Жогорудагы эпостор түрдүү доорлорду, замандарды чагылдырып жатса да, бардыгында  максат-мүдөөлөр бирдей, тактап айтканда, элди, жерди, Мекенди ички жана сырткы душмандардан, баскынчылардан коргоо негизги максат болгон. Эпостогу башкы каармандардын бардыгы эли менен Мекенин ыйык жана бийик көргөн чыныгы баатырлар экендигин, демек, азыркы учурда да ар бир атуулдун өз Мекени үчүн жана анда жашап жаткан мекендештеринин тынч жашоосу үчүн күрөшүүсү эң негизги милдет экендигин окуучуларга жеткирүү зарыл. Өз кезегинде элдик оозеки чыгармаларды  ийине жеткире аткарып, эске бекем сактап калып, улам жаңы муунга айтып берип келген жеткирүүчүлөрдүн ролу да аябагандай зор. Мындан улам, жеткирүүчүлөр кимдер? деген суроо туулат. Албетте, алар калк арасынан чыккан ырга-күүгө шыктуулар, куйма кулак сөзмөрлөр, чечен сөзгө жөндөмдүү айтуучулар, жомокчулар, манасчылар жана башкалар. Алар келечек муун алдында абдан зор жана баалуу эмгек кылышкан. Баасы кунсуз, эч бир нерсеге алмашкыс улуттук дөөлөттөрдү биздин күндөргө жеткирген жомокчулар, манасчылар жалпы элдик, улуттук ой-сезимдерди билдирген адам катары аракеттенишип, өздөрү айтып жаткан чыгармаларда болуп өткөндөрдү, элдин турмушун болгонун болгондой кылып эч өзгөртүүсүз толук, кеңири, ар тараптан көркөм сүрөттөп беришкен. Байыркы Грециянын бүтүндөй турмушу (үрп-адаты, салты, ишеними, руханий түшүнүктөрү) Гомердин чыгармачылыгында кандай көркөм чагылдырылса, кыргыздардын «Манас» эпосу жана ал баштаган бардык элдик чыгармаларында элдин турмушу так ошондой көркөм жана кызыктуу сүрөттөлөт. Демек, биз, мектеп мугалимдери менен окутуучулар, эң биринчи кезекте окуучуларга элдик чыгармаларды бизге жеткирген айтуучулардын эмгегин баса белгилеп көрсөтүүбүз керек. Ошондо гана окуучулар кылымдардын түпкүрүнөн келе жаткан маданий, руханий байлыктын башында турган эпостук чыгармалар

«элдүүлүк» деген терминди тастыктоо менен кыргыз элинине гана тийиштүү көркөм сөз мурасы болгондугуна ынанышат. Бул тууралуу В. Г. Белинский: «элдүүлүк – эпикалык поэманын бирден бир негизги шарты» [53, 219-б.] – деп белгилеген. Демек, эпикалык мурастарды терең өздөштүрүү менен окуучулар эпосторду жараткан ата-бабаларына, алардын жашап өткөн доорлору менен калтырган мурастарына терең баа берип, таазим кылууну үйрөнүшөт.

Эпикалык чыгармалардын мазмуну менен таанышкан окуучулар кыргыз элинин эң бир кыйын, эң бир татаал окуяларды башынан өткөрүп, кээде биригип, кээде чачылып, кээ учурларда таптакыр жок болуп кетүү коркунучуна кабылганда, дал ушул оозеки чыгармалар, алардагы баатыр уулдардын духу жана жеңиши, алардын коргоосу астында бири-бирине жөлөк-таяк болуп, бирине бири дем-күч берип, өксүгүн басып, сооротуп ушул күндөргө жеткенинен кабардар болушуп, азыркы күнүнө шүгүр кылып, элинин өткөнүн эске алуу менен учурдагы жашоосунун убактылуу кыйынчылыктарын жеңе билип, түрдүү жагдайларды акыл калчап чече билүүгө үйрөнүшөт. Окуучулар эпостордун мазмуну менен таанышуу аркылуу кыргыз элине мүнөздүү төмөндөгүдөй кулк-мүнөздөрдүн болгондугунан кабардар болушат: мекенчилдик, баатырдык, кайратмандык, боорукердик, эрдик, каармандык, акылдуулук, айлакердик, жөнөкөйлүк, иш билгилик, даанышмандык ж.б.

Адабияттагы эпикалык текке фольклордук ар бир чыгарманы окутуунун технологиялары мектептин жогорку класстарында алгач «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторун, кийин он биринчи класска келгенде «Манас таануу» курсун окутууга түздөн-түз өбөлгө, анткени «Манас» үчилтиги ошол эпикалык тектеги чыгармалардын башында турган уникалдуу чыгарма, ансыз кыргыздын эпикалык чыгармаларын элестетүү мүмкүн эмес. Ошондуктан мектеп мугалими «Манас таануу» курсун окутуудан мурда кыргыз адабиятын окутуу методикасындагы эпикалык чыгармаларды окутуунун

жолдорун, методдорун, ык-амалдары менен каражаттарын терең өздөштүрүп алганы оң. Экинчиден, мектеп окуучусунун предметтик компетенцияларынын калыптанышындагы педагогикалык процессинде да «Манас» үчилтиги, кийин «Манас таануу» курсунун материалдарын толук кандуу өздөштүрүп алуу маанилүү.

## 1.3. «Манас таануу» курсунун окуу программаларынан жана окуу китептеринен алган орду

Окуучу мектепке кирип, аны аяктаганга чейинки мезгилде кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын эң эле орчундуусу, ары маанилүүсү болгон «Манас» эпосу боюнча жетиштүү программалык маалымат алышат, айталы, тээ V класста эле «Элдин эпикалык мурасынан» деген бөлүмдүн астында «Манастын балалык чагы» эпостон үзүндү окушат, VI класста «Каныкейдин тайторуну чапканы», VII класста «Манастын уулу Семетей» (Б. Жакиев) драмасын, VIII класста «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтик толугу менен окутулат, булардын баарына мамлекеттик стандарт менен окуу программасы жалпы 39 саат убакыт караган. Эгерде эпостон үзүндүлөр, анан анын негизинде жазылган драма жанрындагы чыгарма окуучу VII класска келип бул уникалдуу чыгарма тууралуу толук маалымат алууга болгон даярдык деп эсептелсе, ошол VIII класста үчилтикти толугу менен окуган окуучу деле эпос тууралуу бардык маалыматтарды толук алып бүттү деген бүтүмгө келүү кыйын.

1993-жылы А.Ч. Какеев Кыргыз Республикасынын элге билим берүү кызматына келип, «Манас таанууну» билим берүү мекемелеринде окутуу формаларына жана адистиктерине карабай үйрөтүү керектиги тууралуу маслеле көтөрүп, буйрук чыгарат. Ошол буйруктун негизинде жалпы билим берүүчү орто мектептин XI классында 4-чейрекке 18 саат көлөмүндө «Манас таануу» курсу киргизилип, окутулуп келингени белгилүү. Курсту окутуу

алгач Талас областынан, андан кийин өлкөнүн жалпы мектептеринен башталды. Биз мында азыр мектеп практикасында колдонулуп жаткан соңку программаны [121,48-49-бб.] жетекчиликке алууну көздөп турабыз. Программанын талаптарына ылайык мектепти аяктап жаткан окуучу эпос боюнча мындай предметтик компетенцияларга: билим менен билгичтик, көндүм-адаттарга ээ болуусу үчүн адабият мугалими аларга мындай маалымат менен окуу материалдарын берүүсү зарыл:

1. «Манас» эпосунун кыргыз элинин турмушунан алган тарыхый орду жана анын бүгүнкү күндөгү мааниси» деген жалпы обзордук теманын астында: «Манас» эпосунун элдин турмушундагы орду менен ролу; эпостун жаралышы менен калыптанышы боюнча божомолдор, уламыштар, тарыхый далилдер; «Манастын» оозеки көркөм чыгарма катары калыптануу процесси; бул оозеки көркөм чыгарманын элдин руханий турмушундагы орду, ролу тууралуу кенен маалыматтар берилет.

2. «Манас» эпосунун сюжети, негизги өзөк окуялары, баш каармандардын көркөм образдары, эпостун негизги идеясы, адеп-ахлактык маани-маңызы» деген жалпы бөлүмдүн астында төрт академиялык (календардык) саат бою сегизинчи класста өтүлгөн окуу материалдарын эске салат, кайталашат. Андан ары ал материалдырды тереңдетет, эпостун (үчилтиктин) сюжеттик линиясы; Манас баатырдын кыргыз эли үчүн зарылдыктан төрөлүшү; анын тегерегиндеги баатырдык окуялар; эпостогу турмуш-тиричилик мотивдери; Бакайдын, Алмамбеттин образдары; кырк чоронун ролу менен орду; эпостогу аялдардын образдарынын берилиши; эпостогу баталдык окуялар, согуштук сценалардын сүрөттөлүшү; Семетей – Манастын ишин улантуучу каарман; анын ички жана тышкы душмандар менен болгон күрөшү; Сейтектин айланасында өнүккөн турмуштук жана согуштук окуялар; эпостогу эркиндик темасынын берилиши.

3. «Манас» эпосунун эл оозунун жыйналыш тарыхынан, манасчылык өнөр, манасчылар тууралуу маалыматтар» деген ири бөлүмдүн астында:

эпосту алгачкы жыйноочулар, алар жыйнаган региондор, тексттердеги негизги айырмачылыктар; «Маджму ат-таварихте» тарыхый маалыматтардын жолугушу; Ч. Валиханов менен В. Радловдун изилдөөлөрү; чет өлкөлүк жыйноочулар менен изилдөөчүлөрдүн «Манас таанууга» кошкон салымдары; эпостун совет доорунда жазылып алынышынын жана китеп түрүндө жарыяланышынын алгачкы этабы; эпостун айланасындагы 50-жылдардагы саясий окуялар; 1952-жылдагы илимий конференциянын мааниси; эпостун текстин 60-жылдардан кийин басмага даярдоо иштери; Кыргыз улуттук илимдер академиясында Манас бөлүмүнүн түзүлүшү; эпосту ар тараптан изилдөө проблемалары; илимдин башка тармактары жана «Манас» эпосу; чет өлкөлүк манас таануучулар; эпосту изилдөө иштериндеги кийинки жаңы көз караштар; эпостун 1000 жылдыгын белгилөө жана анын урматына жарыяланган китептер тууралуу малыматтар; ысымдары уламышка айланган калган манасчылар – Ырамандын ырчы уул, Токтогул ырчы; он тогузунчу кылымдагы манасчылар – Балык, Тыныбек, Чоюке; чоң манасчылардын варианттарына мүнөздөмө; Сагынбай Орозбаков жана анын варианты; залкар манасчы  Саякбай Каралаев, анын вариантынын өзгөчөлүктөрү; Тоголок Молдонун, Мамбет Чокморовдун, Шапак Рысмендеевдин жана Жусуп Мамайдын варианттарынын өзгөчөлүктөрү; жазма манасчылардын варианттары тууралуу кенен аналитикалык маалымат берилет.

4. «Манас» үчилтигинин китеп болуп басылып чыгаруу тарыхынан» бөлүмүнүн астында: эпосту басып чыгаруунун алгачкы аракеттери; 1940-1944-жылдарда жарыяланган «Манас» үчилтигинин сериялары; кыскартылган курама варианттын жарык көрүшү жана анын ички өзгөчөлүктөрү; Сагынбай Орозбаковдун вариантынын китеп болуп чыгышы; эпостун кийинки академиялык басылыштары тууралуу; Жусуп Мамайдын толук вариантынын китеп болуп басылып чыгышы; китеп чыгаруудагы проблемалар тууралуу маалымат берилет.

5. «Манас» эпосунун изилдениш тарыхынан» деген ири бөлүмдүн астында: эпостун үчилтигинин орус жана казак окумуштуулары тарабынан изилдениши; эпосту адабият таануу, лингвистика, тарых, этнография, философия, искусство, география, социология багыттарында изилдениши; «Манас» улуттук академиясынын, Кыргыз улуттук «Манас» театрынын жана «Манас таануу» жана көркөм маданият улуттук борборунун ролу жана орду; эпосту изилдөө боюнча чет өлкөлүк окумуштуулардын эмгектери тууралуу маалымат.

6. «Манас» үчилтигинин көркөмдүк табияты, тили, поэтикасы» деген бөлүмдүн астында: «Манас» айтуучулардын варианттарынын ортосундагы жалпылыктар жана өзгөчөлүктөр; айтуучулардын көркөмдүк жеке чеберчилиги; эпостун текстинде туруктуу сөз айкаштарынын кеңири колдонулушу, тилдик каражаттарынын өзгөчөлүгү; текстте макал менен ылакаптардын кеңири колдонулушу, тропптун турлөрүн пайдалануудагы айтуучунун чеберчилиги сыяктуу окуу маалыматтары берилиши керек.

«Манас» үчилтиги боюнча жогоруда айтылган класстардын окуу китептерине келсек, ал класстардагы окуулуктардын баары программалык материалдардан четтебей, анын педагогикалык жана методикалык талаптарын кыйшаюусуз толук кандуу аткарылганын белгилешибиз керек.

Мектептин бешинчи классындагы «Манастын балалык чагын» (эпостон чакан үзүндү) мектепте көп жылдык тажрыйба жыйнаган Эл мугалими Б. Исаков жазган. Алтынчы класстагы «Каныкейдин тайторуну чапканы» бөлүмүн (эпостон чакан үзүндү) Эл мугалими А. Сманбаев педагогика илимдеринин доктору, профессор Н. Ишекеев менен биргеликте жазышкан, жетинчи класстагы эпостун негизинде драматург Б. Жакиевдин калемине таандык болгон «Манастын уулу Семетей» драмасы бөлүмүн педагогика илимдеринин доктору, профессор Б. Алымов, ал эми сегизинчи класстагы «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүн филология илимдеринин доктору, профессор А.Т.Турдугулов менен биргеликте педагогика

илимдеринин кандидаты, доцент Б. К. Оторбаев жазышкан. Булар окуу китептериндеги бөлүмдөрдүн аткарылышы тууралуу маалымат. Алар боюнча зарыл жерде өзүнчө токтолобуз, азыр болсо мектептин он биринчи классындагы «Манас таануу» курсу, ал боюнча окуу китебинин аткарылышы тууралуу кеп козгойлу.

Мектептин он биринчи классынын «Кыргыз адабияты» окуу китебин республикада бул тармактын мыктылары, белдүү окумуштуулар: Советбек Байгазиев, Кеңешбек Асаналиев, Киреше Иманалиев, Качкынбай Артыкбаев, Назаркул Ишекеев жана Абдыкерим Муратовдор жазышкан. Ал эми мында сөз болуп жаткан Манас таануу бөлүмү [25, 251-334-бб.] филология илимдеринин доктору, профессор С. Байгазиевге таандык. Бул методист-окумуштуу кыргыз адабиятынын мектеп программасынын да түзүүчүсү, андыктан окуу китебиндеги анын жазган бөлүмү программадан четтеп кетиши, дегеле, мүмкүн эмес экендиги белгилүү.

Окуу китебинин автору жалпы материалдарын кылдаттык менен жайгаштырган, сунуш кылынган окуу материалдарынын ички логикасы да бузулбай улам арылап отурган сайын татаалдап, ары окуучуга түшүнүктүү стилде төмөнкүчө сунуш кылынган: «Манас» эпосунун кыргыз элинин руханий турмушунан алган тарыхый орду жана анын бүгүнкү күндөгү мааниси (252-258-беттер); Эпостун эл оозунан жыйноо тарыхынан (258- бет): «Манас» качандыр бир кезде кагазга түшкөнбү? (258-259-беттер); «Маджму ат-таварих» (Тарыхтар жыйнагы) жана «Манас» (259-263-беттер); Чокон Валиханов жана «Манас» эпосу (263-268-беттер); В. Радлов жана эпостун Европада таанылышы (268-276-беттер); Татар-башкыр мугалимдеринин «Манасты» жыйнашы (276-277-беттер); Октябрь төңкөрүшүнө чейин кыргыздардын «Манасты» жыйнагандар болгонбу? (277-280-беттер); Совет бийлиги жана «Манас» ааламынын алгачкы карлыгачы (280-282-беттер); Сагынбай Орозбаковдон «Манастын» жазылып алынышы (282-286-беттер); «Манас» эпосу Саякбай манасчыдан жазылып алынышы (286-292-беттер);

Манасчылар жана эпостун варианттары (292-295-беттер); «Манас» эпосу Кытайда жана Ооганстанда кантип жыйналган? (295-300-беттер); Эпостун жарыяланыш тарыхынан (300-305-беттер); «Манастын» изилдениш тарыхынан: эпостун орус жана казак окумуштуулары тарабынан изилдениши (305-318-беттер); «Манас» эпосунун кыргыз окумуштуулары тарабынан иизилдениши (318-328-беттер); Эпостун чет өлкөлөрдө изилдениши (328-334-беттер). Көрүнүп тургандай, автор программадан четтебеген, окуу материалдарын сунуш кылууда логикалык ырааттуулукту сактап, окуучуга окуу маалыматтарын кызыктуу абалда сунуш кылуунун жолун тапкан.

Окуу китебинин ички талаптарына ылайык окуу метериалдарынын соңунда окуучуларга суроолор менен тапшырмалар коюлат. Муну да автор кылдаттык менен ишке ашырган, суроо-тапшырмаларын карап көрөлү:

1.Улуу дастаныбыз «Манас» үчилтигинин улуттук руханий турмушубуздагы ролу менен орду кандай экен?

2. Эпос алгачкы жолу кимдер тарабынан жана кандай шартта жаралган?

3. Эпостун энциклопедиялуулук мааниси менен маңызы эмнелер менен түшүндүрүлөт?

4. «Манас» үчилтиги ырааттуу түрдө качан жыйнала баштаган экен?

5. Кандай манасчылар жана алардын кандай варианттары менен тааныштыңар?

6. Кытайлык манасчылардын варианттарындагы өзгөчөлүктөрдү байкадыңарбы, алар кандай экен?

7. «Манас» эпосунун жарыяланышы тууралуу эмнелерди билесиңер?

8. Эпосту илимий жактан изилдөөгө кимдер өзгөчө салым кошушкан? Алардын бири-биринен болгон өзгөчөлүктөрүн белгилегиле.

9. Кыргыз Манас таануу илимин түптөгөндөр кимдер жана алардын кандай эмгектерин билесиңер?

10. Силер «Манас» эпосунан кандай руханий сабак алдыңар? Бул улуу дастан кыргыз улуту үчүн эмнеси менен өзгөчө баалуу экен?

11.Эпостун руханий сабактары, жыйналышы, жарыяланышы, изилдениши, манасчылар, манасчылык өнөр туурасында рефераттарды, дил баяндарды жазгыла (334-бет).

Мында белгилей кетүүчү зарыл маселе – диссертациялык изилдөөбүздүн эксперименталдык иштерин жүргүзүү жана анын жыйынтыктарына арналган экинчи параграфта бул суроолорду бир кыйла кеңейтип, булардан эки эсе көп суроолор менен тапшырмаларды сунуш кылганбыз. Диссертацияда кыргыз орто мектептеринин XI класстарында «Манас таануу» курсун компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун илимий-методикалык технологияларынын натыйжалуулугун көрсөткөн ошол жыйынтыктоочу параграфта программаларды жана окуу китептеринин мазмунун өркүндөтүү иштери боюнча алгылыктуу сунуштар иштелип чыкты.

Мектеп мугалимдери бул багытта жетишерлик кошумча маалыматтарга ээ болууга тийиш. Эгерде мектеп мугалими «Манас таануу» курсу боюнча окуучусунун ***окурмандык, баалуулук – дүйнө таанымдык, адабий-чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн*** калыптандыруу менен чектелбей, аларды андан ары өнүктүрөм десе сабактарында төмөнкү маселелер боюнча да кошумча маалыматтарды бериши керек (кошумча сабактын структурасы), атап айтканда:

**а) «Манас» эпосунун эпикалык улуу мурас катары мүнөзү.** Дүйнөлүк оозеки эпикалык чыгармачылыкта «Манас» эпосунун алган орду. «Манастын» кыргыз элинин эпикалык улуу мурасы катары мүнөзү. Фольклор жөнүндө жалпы түшүнүк. Кыргыз фольклорунун жанрлары, курамы. Миф, легенда, жомок. Кыргыз эпосторунун көлөмү жана мазмуну боюнча бөлүнүштөрү. Эпостордун стадиалдык өнүгүүсү жана жанрдык өзгөчөлүгү жагынан бөлүнүшү: Мифологиялык-баатырдык эпостор: «Кожожаш», «Эр Төштүк». Тарыхый-баатырдык эпос: «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Эр Табылды», «Эр Солтоной» ж.б.

Социалдык-турмуштук же лиро-эпикалык эпостор: «Сарынжы-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан», «Кедейкан» ж.б.

б) **«Манас» эпосу жана кыргыз мамлекеттүүлүгү.** «Манас» эпосу – кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башаты катары. Эпосто мамлекеттүлүктүн белгилерин алып жүргөн тарыхый-этнографиялык материалдар. Эпостогу мамлекетгүүлүктүн символдору жана атрибуттары. Эпосто дипломатиялык кызматтын көрсөтүлүшү. Улуу Жибек жолу жөнүндө эпостогу маалыматтар. Мамлекеттүүлүктүн эң негизги белгиси катары бийлик булактарынын, аскердик өнөрдүн, курал-жарактардын эпосто сүрөттөлүшү. Мамлекеттүүлүк жана идеология.

в**) «Манас» эпосунун жаралышы жана анда изин калтырган тарыхый доорлор.** Кыргыз элинин тарыхындагы бурулуш доорлор тууралуу фактылык материалдар. «Манас» эпосундагы тарыхый окуялар. Байыркы Чыгыш түрк каганаты жана Кыргыз каганаты, VI-IX кылымдар; Карлуктар жана Караханийлер мамлекеттеринин доору: X-XII кылымдар; Монгол доору: XIII кылым; Алтын Ордо мезгили: XIV-XVI кылымдар; Жунгар доору: XVI-XVIII кылымдар; Кийинки доорлор: XIX-XX кылымдар. «Манас» эпосун изилдөө иштери. Анын XIX-XX кылымдарда изилдениши, изилдөөлөрдүн азыркы учурда улантылып жатышы. «Манас» эпосунун пайда болушу жөнүндө илимий көз караштар. Тарыхый, этнографиялык, археологиялык, лингвистикалык материалдарга таянып чыгарылган жыйынтыктар жана гипотезалар: М. Ауэзов, А. Н. Бернштам, Орхон-Енисей доору: VII-IX кылымдар; Б. Юнусалиев-Алтай доору: IX-XI кылымдар; В. Жирмунский- Жунгар доору: XVI-XVII кылымдар.

М. Ауэзов менен А. Н. Бернштамдын пикиринде, эпостун Орхон-Енисей руникалык жазуулар менен, Б. Юнусалиевдин көз карашы боюнча кидандар доору менен байланышы. В. Жирмунскийдин жунгар доору эпосто терең из калтыргандыгын туура негиздегендиги, анын пикиринин чындыкка жакындыгы. Белгиленген пикирлер жетекчиликке алынып, практикада

колдонулуп жаткандыгы. Б. Юнусалиевдин пикиринин негизинде «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесинин бүткүл дүйнөлүк деңгээлде белгилениши. «Манас» эпосу менен Орхон-Енисей руникалык эстеликтериндеги үндөштүк мотивдер: Барсбек Ынанчы Алп, Билге каган жана Йаглакар эстеликтериндеги жазуулардын «Манас» эпосуна үндөштүгү; Байыркы Күлтегин эстелигиндеги жазуулардын сюжетинин, андагы тарыхый окуялардын, эпикалык идеялизациялоо мотивдеринин «Манас» эпосунда орун алышы. Тонүкөк, Билге каган эстеликтериндеги жазууларда Кыргыз каганаты, кыргыз эли туурасында кеңири маалыматтардын орун алышы жана анын «Манас» эпосуна үндөштүгү; «Манас» эпосунун пайда болушу, Орхон - Енисей дооруна байланышы бар экендиги жөнүндөгү илимий көз караштар, пикирлер.

**г) «Манас» эпосун изилдөө иштеринин тарыхы.** «Манас» эпосун жазып алуу менен катар изилдөө иштеринин башталышы. Ч. Валихановдун «Манас» эпосу жөнүндөгү пикири. В. Радловдун ишмердүүлүгү, анын 1885-жылы Санк-Петербургда жарык көргөн «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» аттуу эмгегинин V томуна жазган баш сөзү. Кыргыз элинин эпикалык чыгармачылыгы, айтуучулук өнөрү жөнүндөгү көз караштары. В.Бартольд, В.Гордлевский, Ф.Корш, В.Потанин, А.Веселовский, Н.Аристов, С.Малов, Е.Фалевдердин тарых, этнография, фольклор маселелери боюнча эмгектериндеги «Манас» эпосу жөнүндөгү пикирлери. Советтик мезгилде «Манас» эпосун изилдөөгө түзүлгөн шарттар. М.Ауэзовдун «Кыргыздын элдик баатырдык эпосу – «Манас» аттуу илимий эмгеги. Е.Поливановдун «О принципах русского перевода эпоса «Манас» аттуу эмгеги. Е.Поливанов тарабынан эпосту орус тилине которуунун принциптеринин иштелип чыгышы. А. Бернштамдын «Кыргыздын «Манас» эпосунун жаралуу доору» аттуу эмгеги. Эпостун пайда болушу, тарыхый прототиптери жөнүндө пикирлери. В. Жирмунскийдин «Введение в изучении эпоса «Манас» аттуу эмгеги. К. Рахматуллиндин «Манасчылар», «Улуу

патриот, укмуштуу – Манас» аталышындагы эмгектери. «Манас таануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү». Б. Юнусалиевдин «Манас» эпосунун кыскартылып, бириктирилген вариантына жазган баш сөзү. Эпосту изилдөө, бастырып чыгаруу иштерине өзгөчө салым кошкон кыргыз окумуштуулары: С. Мусаев, Р. Кыдырбаева, Э. Абдылдаев, Р. Сарыпбеков, О. Сооронов, А. Акматалиев, С. Байгазиев, М. Мамыров, И. Молдобаев, С. Бегалиев, М. Борбугулов, К. Кырбашев, Ш. Акмолдоева, А. Жайнакова, М.Убукеевдин эмгектери. «Манас» эпосунун чет элдерде изилдениши. «Манас» эпосу Түркияда. М. Көпүрөлүзаде, А. Инан, Д. Йылдырым, И. Хайретдин, Н.Йылдыз сыяктуу түрк окумуштууларынын изилдөөлөрү. Эпостун Англияда изилденшии. Кембридж университетинин профессору И.Чедвиктин «Манас» эпосун карело-фин эпосу «Калевала» менен салыштырган «Борбордук Азиядагы түрк тилдүү элдердин эпикалык поэзиясы» аттуу эмгеги. К. Райхлдын «Тюркский эпос: традиции, формы, поэтическая структура» деген эмгеги. Ч. Валиханов, В. Радлов жазып алган «Манас» эпосунун варианттарынын негизинде жүргүзүлгөн. Оксворд университетинин профессору Артур Хаттонун текстологиялык изилдөөлөрү. «Манас» эпосуна жогору баа берген академик С. Бауэрдин «Баатырдык поэзия» монографиясы. Эпостун Францияда изилдениши. Сарбонна университетинин профессорлору Луи Базен, Тертев Баратов жана Реми Дордун «Манас» эпосу боюнча изилдөөлөрү. «Манас» эпосунун Кытайда изилдениши. «Манас» эпосун изилдөөнү, кытай тилине которууну уюштурууга жетекчилик кылган окумуштуу Лю Фа Линдин «Кыргыздын баатырдык тарыхый эпосу – «Манас» аттуу эмгеги, Ху Чжен Хуанын «Манас»: баатырдык эпос» аттуу эмгеги. Сексенинчи, токсонунчу жылдардагы Кытайда «Манас» эпосун изилдөөнүн жанданышы. Эпосто тарыхый окуялардын чагылдырылышына байланыштуу маалыматтар. Чжан Хуан Цяонун «Манас» эпосунун калыптануу доору жана Манастын образы», Ху Чжан Хуанцянын «Манас» эпосунун жазылган вариантынын

үзүндүлөрү», «Манас» эпосунун калыптануу доору жөнүндө», Кытайдагы кыргыз окумуштуусу Ерисбек Абыандын «Манас» эпосунун калыптануу мезгили жана анын эл арасына тарашы боюнча көз караштар», Макелек Өмүрбайдын «Манас» эпосунда чагылдырылган айрым тарыхый булактар жөнүндө», Чжан Юанын «Манас» эпосунда чагылдырылган баскынчыларга каршы күрөш» аттуу эмгектери. Мамбетгурду Мамбетакундун изилдөөлөрү.

д) **Манасчылар жана «Манас» эпосунун варианттары.** Көчмөн турмушка жана коомдук экономикалык түзүлүшкө байланыштуу кыргыз эли нечен кылымдар бою адабиятты оозеки түрдө жаратып келгендиги тууралуу маалымат. Оозеки чыгармаларды ар дайым эсине сактап, аны өнүктүрүп, кийинки муундарга ата мурасы катары жеткиришкени, эл ичинен чыккан таланттуу инсандар: элдик акындар, жазгыч акындар, куудулдар ж.б. болуп бөлүнүштөрү. Эл чыгармачылыгында жомокчулардын (манасчылардын) орду. Алардын өзүнө таандык болгон мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жана түш көрүү салты. «Манас» айтуучулукту кесип кылып айтуу салты жана манасчы акындардын «Манасты» айтуудагы көркөм чеберчилик маселелери. «Манас» эпосун айтуучу-аткаруучулар менен өз алдынча, өз вариантын жаратуучулардын ортосундагы жалпылыктар жана айырмачылыктар. Манасчылардын чыгармачылык дараметине жараша үйрөнчүк, чыныгы, чоң манасчы, жазгыч манасчы болуп бир нече топко бөлүнүшү жана алардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү. Улуу манасчы Келдибек, Балык, Тыныбек, Чоюке, Сагымбай, Саякбай жөнүндө жалпы маалымат. Жазгыч манасчылар: Тоголок Молдо, Жусуп Мамай (кытайлык кыргыз манасчысы) жана Ыбрайым Абдырахмановдордун чыгармачылыгына мүнөздүү белгилер. Кийинки жазгыч манасчылар тууралуу маалыматтар. Вариант, варианттуулук жөнүндө жалпы түшүнүк. Сагымбайдын, Саякбайдын классикалык варианттары, алардын өзгөчөлүктөрү, жалпылыктары тууралуу маалыматтар.

**е) «Манас» эпосун эл оозунан жыйноо, жарыялоо жана котормо иштери.** Манас баатыр тууралуу тажик тилинде жазылган алгачкы китеп –

«Мажму-ат-товарих». Ал китептин авторлору Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксыкенти жана анын уулуу Нурмухаммед экендиги. Алар жазып калтырган эмгек (XVI кылымга таандык «Тарыхтар жыйнагы») «Манас таануунун» башаты. Алтын Ордо мезгилинде жазылган «Тарыхтар жыйнагындагы» Манас баатыр баяны менен «Манас» эпосундагы окшош мотивдердин кеңири орун алышы жана андагы айырмалуу белгилердин бар экендиги тууралуу маалымат берүү. «Тарыхтар жыйнагынын» «Манас» эпосун изилдөөдөгү ролу. «Манас» эпосун Улуу Октябрь төңкөрүшүнө чейинки мезгилдерде эл ичинен жыйноо, жарыялоо жана изилдөө иштери. Орус бийлигинин Жети-Суудагы өкүлү, майор К. Л. Вранелдин 1851-жылы «Записки императорского русского географического общества» журналына жарыялаган «Манас» эпосу жөнүндө маалыматтарды камтыган макаласы. Казак агартуучусу Ч. Валихановдун кыргыз жергесине 1856-жылы келиши, «Көкөтөйдүн ашын» жазып алышы, 1904-жылы «Новое время» журналына Ч. Валихановдун котормосунда эпостун кара сөз түрүндө жарык көрүшү. Академик В. Радловдун 1862-жылы, 1869-жылдардагы Кыргызстанга сапарлары. Эпостун үч бөлүмүн, «Жолой хан», «Эр Төштүк» эпикалык поэмаларын жазып алуусу, 1885-жылы Санк-Петербургда эпосту бастырып чыгаруусу. Совет мезгилинде эпосту жазып алуу, жыйноо иштеринин мамлекет тарабынан уюштурулушу. 1920-жылдары С.Орозбаковдон, 1930-40-жылдары С. Каралаевден, М. Мусулманкуловдон, Ш. Рысмендеевден, Тоголок Молдодон, Ы.Абдырахмановдон, Багыш Сазановдон, М. Чокморовдон эпостун жазылып алынышы. Эпосту жазып алууда Э. Арабаевдин, Ы. Абдырахмановдун сиңирген эмгеги. КР УИАнын Манас секторунун жүргүзгөн иштери. Классикалык варианттар болуп эсептелген

С. Орозбаковдун, С. Каралаевдин варианттарынын 1980-жылдары өзүнчө китеп болуп жарык көрүшү. 1990-2013-жылдары С. Орозбаков, С. Каралаев, Тыныбек, Тоголок Молдо, Ш. Азизов сыяктуу манасчылардын варианттарынын жарык көрүшү.

ж) **«Манас» эпосунун сюжети жана көркөмдүк өзгөчөлүгү.** Эпостун өзөктүү эпизоддору, канондук структурасы. Окуялардын эпикалык арым менен кеңири чагылдырылышы, алардын коомдук-социалдык, философиялык маңызы. Эпостун идеялык-көркөмдүк байлыгы жана терең мазмундуулугу, эпикалык реализми. Эпостогу эркиндик, көз карандысыздык жана гуманизм идеялары. Манастын төрөлүшү жана балалык чагы: баатырдын теги, кыргыздын чабылып-чачылышы, Жакыптын жана анын аялдарынын түш көрүшү, Манастын төрөлүшү, балалык чагы. Баатырдын алгачкы эрдиктери, кан көтөрүлүшү. Кошой окуялары. Ата Журтту душмандардан бошотуу. Алманбеттин баяны. Манастын Каныкейге үйлөнүшү. Көзкамандар окуясы. Көкөтөйдүн ашы, жети кандын чатагы. Чоң казат. Кичи казат. Манастын өлүмү, күмбөз салдыруу. Эпостун көркөмдүк өзгөчөлүгү. Генеалогиялык циклизация принциби. Эпостун элге кеңири белгилүү бөлүмдөрү «Манас», «Семетей», «Сейтек» жана анын улантып айтылыштары. Негизги варианттар ортосундагы айырмачылыктар. «Манас» эпикалык чыгармачылыктын классикалык үлгүсү экендиги, эпостун көркөм поэтикалык каражаттары, ыр түзүлүшү.

**и) «Манас» эпосунун образдар системасы.** Эпостун образдар системасы жана анын типтери: Баатырлардын образдары: Манас, Бакай, Чубак, Алманбет, Кошой, чоролор. Алардагы жалпылык жана жекелик; Эпикалык баатыр – душмандардын образдары: Алооке, Коңурбай, Нескара, Жолой, Шыпшайдар; Аялдардын образдары: Чыйырды, Бакдөөлөт, Каныкей, Арууке, Карабөрк, Акылай, Оронгу ж.б. Алардагы жалпылыктар жана өзгөчөлүктөр; Тулпарлар жана алардын негизги көркөмдүк функциясы; Эпостогу мифологиялык жандыктар. Чыгармада тотемдик, фетиштик, анимистик түшүнүктөрдүн орун алышы.

- **«Семетейдин» сюжети, идеясы жана негизги каармандары.** Абыке, Көбөштүн Манастын ордосун чабышы. Каныкейдин Семетейди алып Букарга качышы. Семетейдин бала чагы. Каныкейдин Тайторуну чабышы.

Каныкейдин жомогу. Семетейдин Букардан Таласка келиши, Абыке, Көбөштү жана кырк чорону жеңиши. Семетей менен Чынкожонун чыры. Семетейдин Чынкожо, Толтойду жеңип, Айчүрөккө үйлөнүшү. Семетейдин Коңурбайды жеңиши. Семетей менен Үмөтөйдүн чатагы, Семетей, Күлчоро, Канчоро, Чынкожо, Толтой, Үмөтөй, Бакай, Каныкей жана Айчүрөктүн образдары.

**й) «Сейтек» эпосунун сюжети.** Сейтектин төрөлүшү. Карадөөнүн Сейтекти издеп келип, ата-тегин айтышы. Айчүрөк, Күлчоро экөөнүн Акбала, Каныкейлер менен көрүшкөнү. Карадөөнүн Тайбуурулду минген Семетейди көрүшү. Желмогуз уулу Сарыбай келип казат башташы. Айчүрөктүн Куялыны алып келиши. Куялынын согушка кириши. Карадөөнүн Таласка жасаган жүрүшү. Сейтек менен Акжолтойдун перинин кыздарына үйлөнүшү. Кытай каны Чоң Китенин жиберүүсү менен Чоң Билгичтин кыргыздардын жылкысына тийгени.

**к) «Манас» эпосу жана кыргыз искусствосу.** «Манас» эпосунун мотивдеринин искусствонун башка түрлөрүнөн кеңири орун алышы. «Манас» эпосунун сюжетинин жана образдарынын кыргыз драматургиясында көркөм иштелиши, драмалардын кыргыз театрларында коюлушу. 1938-жылы К.Маликов, Ж. Бөкөмбаев, Ж. Турусбеков тарабынан «Айчүрөк» операсынын либреттосунун жазылышы жана анын 1939-жылы Кыргыз музыкалык драма театрында коюлушу, ошол эле жылы Москвада өткөн кыргыз искусствосунун биринчи декадасында көрсөтүлүшү. 1946-жылы К. Маликов, А. Токомбаев жазган «Манас» эпосунун либреттосунун Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрында коюлушу. 1982-жылы Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасынын Кыргыз мамлекетгик академиялык драма театрында ийгиликтүү коюлушу жана анын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болушу. Драманын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү жана көркөм образдары. Ж. Садыков тарабынан «Сейтек», «Айкөл Манас» драмаларынын жазылышы жана

театрда коюлушу. «Манас» эпосунун мотивдеринин кыргыз музыкасында кеңири орун алышы. А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере тарабынан «Айчүрөк», «Манас» операларынын музыкасынын жазылышы. Композитор К. Молдобасанов тарабынан Ж.Садыковдун «Манастын уулу Семетей», «Сейтек», «Айкөл Манас» драмаларына музыкалык сюиталардын жазылышы жана алардын көркөм-эстетикалык наркы. К. Молдобасановдун «Манастын ордосунда» аттуу симфониялык сүрөттөмөсү жана композитор М. Бегалиевдин «Манас» симфониясы кыргыз музыкасынын сапаттык жактан өнүгүүсүн белгилеген чыгармалар экендиги. «Манас» эпосунун кыргыз сүрөт өнөрүнүн өнүгүүсүнө зор таасир тийгизиши. С. А. Чуйков, Г. Айтиев, Б. Жумабаев, В. Торопов, Т. Курманов, С. Чокморов, Т. Герцен ж.б. сүрөтчүлөрдүн «Манас» эпосунун негизинде тарткан сүрөттөрү жана алардын көркөмдүк, жанрдык өзгөчөлүктөрү. Т. Садыковдун Кыргыз филармониясынын алдындагы «Манас-2» архитектуралык-скульптуралык композициясы. Сагымбай, Саякбай, Найманбай ж. б. манасчылардын скульптуралык портреттеринин Т.Садыков тарабынан жасалышы. «Манас» эпосу жана манасчылар туурасында кино жана телефильмдердин тартылышы, 1962-жылы «Улуу Манас» аттуу эки бөлүктөн турган (режиссеру Л.Турусбекова) телефильмдин тартылышы. Б. Шамшиев тарабынан «Манасчы» аттуу даректүү фильмдин тартылып, эл аралык сыйлыкка татыктуу болушу. Кинорежиссер М. Убукеевдин «Саякбай Каралаев» аттуу үч бөлүктөн турган кино тасмасында жана «Манас» эпосу боюнча тартылган толук метраждуу «Манас ааламы» кино тасмаларында эпостун мотивдеринин көркөм чагылышы жана ал фильмдердин тарых менен болгон байланыштары. «Манас» эпосунун мотивдеринин кино өнөрүндө көркөм иштелишинин бүгүнкү абалы.

**л) «Манас» эпосу жана мамлекеттик, улуттук идеология.** Совет өкмөтүнүн орношу менен «Манас» эпосунун жазып алуу, изилдөө иштеринин уюштурулушу. Түркстан АССРинин Эл агартуу комиссарынын

алдындагы илимий комиссиянын эпосту жыйноо иштерин уюштурушу. РКП(б) Кыргыз обкомунун «Манас» эпосун китеп кыльш бастырып чыгаруу жөнүндө 1925-жылы кабыл алган чечимдери. Тыныбектин айтуусунда «Семетейден бир бөлүм» деген ат менен эпостун 1925-жылы жарык көрүшү. Эпоско карата таптык мамиленин башталышы. Эпостун тегерегинде идеологиялык күрөштүн курчушу. Кыргызстан обком партия тарабынан 1935-жылы «Манас» эпосу боюнча бүткүл союздук илимий конференциянын уюштурулушу. К. Тыныстановдун конференцияда сүйлөгөн сөзү. 1930-жылдарда эпосту жыйноо, бастыруу, орус тилине которуу иштеринин уюштурулушу жөнүндө маалымат. 1945-жылы Кыргызстан КП(б) БК тарабынан «1947-жылы кыргыздын баатырдык эпосу «Манастын» юбилейин өткөрүү жөнүндө» токтом кабыл алынышы. Эпостун тегерегинде идеологиялык күрөштүн курчушу. Эпосту изилдеген илимий эмгектерден буржуазиячыл улутчулдукту издеп, саясий кине койгон К. Орозалиев,
Г. Нуров, Н. Балтин, Ж. Самагановдун макалалары. Кыргызстан КП (б) БКнын 1950-жылы кабыл алган «Манас» эпосун изилдөө боюнча илимий конференция өткөрүү жөнүндө токтому. 1952-жылы «Манас» эпосунун элдүүлүгү боюнча Бүткүл союздук илимий конференциянын өтүшү. Конференция жөнүндө жалпы маалымат. Эпостун элдүүлүгүн жактаган
Б. Юнусалиев, А. Бернштам, М. Богданова, А. Токомбаев, К. Маликов, М. Ауэзовдун баяндамалары. Эпостун элдүүлүгүн танган Г. Балтин, Г. Нуров, Ж. Самаганов, В. Зимогляд, А. Өмүрзаков, А. Каниметовдун баяндамалары. Конференциянын жыйынтыгы: эпостун элдүүлүгүн таануу, кыскартылып бириктирилген вариантын түзүү, эпосту изилдөөнү андан ары терендетүү ж.б. маселелер. Ч.Айтматовдун Кыргызстан компартиясынын XVI, XVII, XVIII съезддеринде «Манас» эпосун бастыруу, изилдөө, кеңири жайылтуу иштерин жандандыруу, эпостун 1000 жылдык юбилейин өткөрүү жөнүндөгү баяндамалары. Ч. Айтматовдун манасчылар Сагынбай, Саякбай жөнүндөгү «Ал океандай болгон «Манастын» миллион сабын билет», «Байыркы кыргыз

рухунун туу чокусу» аттуу программалык макалалары. К. Асаналиевдин «Манас» эпосунун тегерегиндеги чайкоочулук же бир көз караштын он кубулушу» аттуу макаласы. 1995-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдык юблейинин өтүшү. 2011-жылы «Манас» эпосу жөнүндө мыйзамдын кабыл алынышы, «Манас» эпосу жана бүгүнкү кыргыз коомундагы ага байланышкан талаш маселелер.

Ырас, «Манас таануу» курсунун сабактарында мындай кеңири, окуучулар үчүн ары татаал маалыматтарды өздөштүрүү бир топ кыйынчылыкты, көп убакытты талап кылып, мугалимдин, окуучунун ченемсиз жоопкерчилигин, чыдамкайлыгын сынаган абалды жаратышы толук ыктымал. Бирок мектеп бүтүрүүчүсүнүн адабият боюнча предметтик компетенттүүлүгүн толук кандуу камсыз кылам деген мугалим үчүн бул жоопкерчиликтүү иштин түпкүлүгүндө майнабы чыкпай койбойт.

## Биринчи бап боюнча корутунду

Диссертациялык изилдөөнүн биринчи главасы «Мектепте «Манас таануу» курсун компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикалык шарттары» деп аталып, курамына үч параграфты камтыды, биринчиси, мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн «Манас» эпосу боюнча предметтик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык шарттары каралса, экинчи параграфта мектептин жогорку классатырында фольклордук чыгармаларды окутуунун теориялык меселелери, ал эми үчүнчү парграфта «Манас таануу» курсунун прогаммалары менен окуу китептеринен алган орду каралды.

Ырас, адабияттын мектеп курсунда элдик оозеки чыгармалар саны боюнча ого эле көп, алардын көбү адабияттык окуу курсунда, тагыраак айтканда, бешинчи, жетинчи класстарда окутулуп, ал эми жогорку класстарда, айталы, сегизинчи, он биринчи класстарда ошол оозеки адабияттан «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтик менен «Манас таануу»

курсу гана окутулат. Буларга каралган программалык сааттар да көп. Ушунун өзү аталган үчилтиктин кыргыз оозеки адабиятынын, кыргыз фольклорунун мыкты үлгүсү катары каралгандыгынан да кабар берет.

Диссертациянын аталган параграфында фольклордук чыгармаларды окутуу маселесинин теориялык гана жагын карадык, анын практикалык маселелери изилдөөнүн башка бөлүмдөрүндө, буга атайын бөлүнгөн главаларда каралат. Адабий-теориялык маселелер дегенде мугалим сабак учурунда жетекчиликке ала турган негизги маселелердин түйүнү тууралуу сөз жүрдү. Ал эми главанын кийинки параграфында мектептин жогорку класстарындагы эпостун окуу программалаларынан жана окуу китептеринен алган орду тууралуу кенен сөз болду. Мында программанын «Манас» үчилтигине арналган ар бир бөлүмү тууралуу, эпос боюнча окуу китептеринин ар бир класстагы бөлүмдөрү кенен анализденди. Бирок ушуну менен маселеге толугу менен чекит коюлду деген бүтүм чыкпашы керек, бул боюнча келечекте дагы кызыктуу, ары пайдалуу изилдөөлөр жүргүзүлөт деген ишеним бар. Анткени «Манас таануу» курсу мектептер менен жогорку окуу жайларында системалуу окутуу үчүн киргизилгенине көп деле убакыт болгон жок. Кыргыз адабияты боюнча мектеп мугалимдери, методист окумуштуулар, аспиранттар менен магистранттар бул ишти колго алышат деген ойдобуз.

**Экинчи бап**

# МЕКТЕПТИН XI КЛАССЫНДА «МАНАС ТААНУУ» КУРСУН ОКУТУУНУН МАЗМУНУ МЕНЕН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ БОЮНЧА ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. «Манас таануу» курсун XI класста окутуу боюнча уюштурулган эксперименттик сыноонун материалдары жана аларды окутуунун дидактикалык шарттары

Адабият сабактарында кайсыл гана көркөм чыгарма өздөштүрүлбөсүн, анын составдык бөлүгү катары ошол чыгармадагы каармандардын образдарын талдоо иштери негизги маселелердин бири, мунсуз адабият сабагын элестетүү мүмкүн эмес. Адабий каармандардын көркөм образдарын сабакта талдоо жумуштары инновациялык технологиялардын көмөгү менен жүргүзүлгөнү максатка ылайык, мында мугалим мына буларды жетекчиликке алганы туура. Окумуштуу-методист Б. Оторбаев «Кыргыз адабиятын инновациялап окутуунун негизинде төмөнкүдөй ***инновациялык технологиялардын*** орун алаарын белгилейт: өнүктүрүп окутуу; проблемалык окутуу; сынчыл ойломду өнүктүрүү; окутууга карата дифференцирленген мамиле; сабакта ийгиликтүүлүк кырдаалын түзүү. Мындай технологияны ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрү катары ал буларды белгилеген: алдыга озуп окутуу, өсүп-өнүгүүгө тынымсыз умтулуу; ар дайым чыгармачылыктын орун алуусу; мамилелердин өзөктүк тиби катары кызматташтыкты, биргелешкен аракеттер» [186, 59-65-бб.]. Булардын ичинде инсанга багыттап окутуу да бар (муну окумуштуу инсанга, аны өнүктүрүүгө багытталган технология дейт). «Манас таануу» курсунун эпостун каармандарына мүнөздөмө берип талдаган сабактарда мугалим мына ушул технологияны инсанга – багыттап окутуу технологиясын колдонот.

Эпостун башкы каарманы – талашсыз, Манас. Окуялардын басымдуу көпчүлүгү Манастын тегерегинде жүрөт, сюжеттин өнүгүшү да анын өмүр

жолу менен түздөн-түз байланышып турат. Мүнөзүндөгү оң сапаттары, мүчүлүш жактары менен катар, ал – белгилүү бир тарыхый кырдаалдын, өз заманынын типтүү өкүлү. Ошол эле мезгилде ал эпостук каарман, андыктан эл баатырына мүнөздүү бардык жакшы сапаттарга ээ. Баарыдан мурда ал – эч нерседен коркпогон баатыр, ченемсиз балбан, ак көңүл, чынчыл, калыс адам. Айкөл деген эпитет ага так ошол ак көңүл калыстыгынан, ичи кенендигинен улам берилген. Ошону менен бирге, ал – жөн баатыр эмес, күчтүү душман тарабынан өз жеринен куулган кыргыз элин бириктирүүдө, кыргыздарды эзүүдөн жана кемсинүүдөн куткарууда, качандыр алдырып ийген Мекенин кайтарып алууда чечүүчү ролду ойногон жетекчи, жол башчы. Эпосто эр жүрөктүүлүгү, күчү, акылы жагынан Манастан кем калышпаган, ал эмес кайсы бир сапаттары жагынан ашып түшкөн көптөгөн баатырлар (Бакай, Алмамбет, Кошой, Чубак, Сыргак) бар. Бирок эпос алардын ар бири коомдук турмуштагы орду боюнча Манастан кыйла төмөн турарын белгилөө менен, Манастын эл турмушундагы ролун, уюштуруучу катары эбегейсиз мүмкүнчүлүгүн баса көрсөтөт. Бакай, Алмамбет, Чубак баштаган көптөгөн башка баатырлар Манастын так ушул эл башы, жол башчы катары артыкчылыгын таанышат жана анын бул өзгөчөлүгүнө сыйлоо жана урмат кылуучулук менен мамиле кылышат.

Сабакта Манастын образын ачуу үчүн ар кандай көркөм ыкмалар пайдаланылат. Мугалим мында төмөнкү жагдайларды негизги багыт катары кармангáны максатка ылайыктуу: Каарманга мүнөздөмө берүүдө адам төрөлгөндөгү коюлган ысымга өзгөчө маани берилет; элдик түшүнүккө ылайык ал жөн эле демейки ысым эмес, ички сапаттарын, келечекте ким болоруна тыгыз байланышкан ысым болуусу керек. Мындай талап биринчи иретте башкы каарман үчүн коюлат. Чубактын:

Мунун аты да Манас, заты да Манас турбайбы,
Өзү да Манас, сөзү да Манас турбайбы!
Манас болсо жолборсум,

Алмамбет болсо жолдошум,

Канча душман келсе да,

Жалтансам кудай урбайбы?!,-деп айтканы эске түшөт. Демек, Манас Манас болгону үчүн ага башка ысым туура келбейт. Көрүнүп тургандай, Манас – келечектеги эл баатыры үчүн абдан туура тандалып алынган, анын негизги сапаттарына жооп бере ала турган ысым.

Эл баатырынын өзгөчө сапаттары жөнүндө маалыматтар, мурдатан калыптанган эпостук салтка ылайык, анын төрөлүшүнөн мурда кабар берилет. Эл башына кыйын күн түшкөн маалда аны такыр жок болуп кетүүдөн куткара турган өзгөчө баатырдын төрөлүшү зарылдык болчу. Ата-энесинин көпкө чейин баласыз жүрүшү, боюнда кезде энесинин жолборстун жүрөгүнө талгак болушу сыяктуу кеңири белгилүү деталдар да келечектеги баатырдын өзгөчө сапаттарынан алдын-ала кабар берет. Элдин тилегин орундоого төрөлгөн баланын сейрек кездешүүчү өзгөчө сапаттарга ээ болуусу – табигый көрүнүш.

Манас – маанилүү иш-чаралардын демилгечиси жана уюштуруучусу гана эмес, анын активдүү иш жүзүнө ашыруучусу да. Манастын ар бир кадамы эл жөнүндөгү камкордукка баш ийдирилген. Ал жеке кызыкчылыгын ойлоп, сыйлык алууну көздөбөгөн, өзгөчө көңүл бурууну, ашыкча укуктарды да талап кылбаган. Баатырдык иштерин ал өзүнүн эл алдындагы милдети катары эсептейт, ошондой эле башкалар да өзүндөй болушу керек деген ойду ойлоп да койбойт, улам артына карап күтпөйт аларды, ал дайым алдыда, эң кыйын жана коркунучтуу жеринде жүрөт. Манас башкаларды күч менен мажбур кылбайт, өзү аракеттенип, өзү көрсөтүүсү аркылуу көпчүлүккө таасир тийгизет. Манастын элди артынан ээрчитүүгө жөндөмдүүлүгү анын жеке сапаттары – эрдиги, алысты көрө билгичтиги, кара күчү менен эле эмес, өз ишинин тууралыгына бекем ишенгендиги, элдин кызыкчылыгын баарынан жогору койгондугу менен шартталат. Эпосто Манастын өзгөчө жогору бааланып, көңүл бурулган эң жакшы сапаттары катары адамгерчилиги,

ошондой эле бардык ички оң сапаттарынын биримдиги болуп эсептелет. Алардын ичинен өзгөчө ичинин кенендиги жана адилеттүүлүгү бөлүнүп турат. Бардык ишке болгон адилеттүүлүгү, башкалардын жакшы жагын мактап, жетишпеген жагын кечире билиши, теңдеши жок ичи кенендиги гана ага чачылган урууларды бириктирүүгө, элди күчтөнтүүгө, аны ички жана тышкы душмандарга каршы көтөрүүгө, «кулаалы жыйып куш кылууга», «курама жыйып журт кылууга» жардам берет. Манастын ар кайсы жактан келген кырк чорону бириктирип, аларды өзүнүн ишенимдүү, бекем таянычына айландырышы буга эң сонун мисал боло алат. Уруу түзүлүшүнүн шартында бул өтө чоң иш эле, мындай иш ар кимдин эле колунан келе бербейт. Эпос мындай жөндөмдү жалгыз Манаска гана берет.

Манас баатырдык салттын эрежелерин так аткарат. Өз сөзүнө туруу, айтканын аткаруу – ал үчүн ыйык милдет. Айткан убадасын бузуудан көрө зыян тартууну туура көрөт. Мисалы, Кичи казат маалында толук жеңилерине аз калган Коңурбай жаңы күч чогултуп алуу үчүн амал менен жети күн тыным сураса, ак көңүл Манас макул болот. Кийин бул атайын амал экенин Алмамбеттен укканда, ал өз сөзүн бузуудан баш тартат.

Бээжинге бараткан жолдо кырктын башы Кыргыл чал узак жүрүштө жаны кыйналып, колдун каны Алмамбетти тыныгуу берсин деп айтчы?,-деп Манаска келип жалбарат. Алмамбет Манастын сунушун катуу айтып, кагып коёт. Манас ага ачууланууну ордуна, башкы согуштук кол башчынын ишине жөндөн-жөн кийлигишкени үчүн өзүн күнөөлү сезет. Бул чакан эпизод Манастын адилеттүүлүгүн жана жөнөкөйлүгүн ачык көрсөтүп турат.

Мугалим эпостун каармандарынын образын талдап жаткан сабакта ошол эле «Чоң казат» эпизодунан дагын башка бир мисалды келтирүүгө болот. Жылкы тийип келаткан кыргыз чалгынчыларынын душмандын колу тарабынан куугунтукка алынганын кароолдо туруп көргөн Чубак жоонун көптүгүнөн коркуп, уктап жаткан Манасты көздөй шашат. Ойготууга канчалык аракет кылса да, Манас ойгонбойт, аны найза менен сайып араң

ойготот. Коркуп алган Чубакты көрүп, Манас түк да кебелип койбойт: «Ашыкпа, Чубак, жоо келсе нетербиз, уруша-уруша чыгып кетербиз». Бул мисал Манастын эч нерседен коркпостугун, эркинин күчтүүлүгүн жана туруктуулугун айкындап турат.

Манас эр жүрөк, катаал жоокер эле эмес, шайыр, мээримдүү да киши, убагы келгенде элди күлдүрүү үчүн таамай тийген, курч сөздөрдү айта билет, юморду түшүнөт жана баалайт. Бээжинге бараткан жолдо он башы болуп дайындалган Тазбаймат өзүнүн онунчу жоокери Манасты унутуп калат жана онунчу ким экенин такыр эстей албайт. Баары ал жоокер жолдо жоголсо керек деп ойлошот, жыйынтыгында, он башы аз жерден өлүмгө буйрулбай калат. Тазбайматтын унуткан адамы Манас экенин билишкенде, ал башканы унутпай, Манасты унутуп калганы үчүн Манас Тазбайматка ыза болуп, таарынгандай түр көрсөтөт. Чын дилден бир күлүп алып, элдин баарынын көңүлү көтөрүлө түшөт. Манас өз кемчилигин түшүнө да билет. Мисалы, Көкөтөйдүн ашында Үрбүнүн жөнсүз сөзүнө ачууланып, аны камчы менен чаап жиберет. Бирок чукулдугун дароо мойнуна алып, көп алдында тилдеген Кошойдун сөзүн көтөрүп, үн катпай жыгылыштуу болот.

Ошентип, Манас – төрт тарабы шай, бардык жагынан куп келишкен, эл арасындагы артык сапаттардын көбүнө ээ баатыр. Анын сапаттары менен ар бир окуучу сыймыктангыдай абалда мугалим сабагын жыйынтыктайт.

Албетте, курстун мазмунунда эпостун башкы каармандарынын орду өзгөчө мааниге ээ. Мисалы, Бакайдын образын алалы. *Бакай* – Манаска аталаш тууган. Эпосто ал кыргыз элинин акылманы, Манас баатырдын башкы кеңешчиси, калыс, адилет, кең пейил адам катары белгилүү. Ал ошондой эле бой көтөрүп менменсинүүнү билбеген сыпайы да. Чоң чабуулга аттанарда колду башкарууну алгач Манас Бакайга тапшырат. Качан ошол эле Манас аны колду башкаруудан бошоткондо, ал ичине эч кир албастан, кошунга жетекчилик кылууну согуш иши боюнча тажрыйбалуу Алмамбетке өткөрүп берет.

Манас баштаган ар бир маанилүү иш Бакайдын кызуу колдоосуна таянат. Өзгөчө маанилүү маселелерди чечүүдө, кыйын учурларда Манас сөзсүз Бакайга кайрылат, анын колдоосуна чоң маани берет жана ага ишенет. Демек, Бакай – Манас үчүн кеңешчи гана эмес, аны туура жолго салуучу жана жакшы иштери менен эрдик жүрүштөрүн колдоого алуучу устат да.

Эгер Манастын өзү же башка баатырлар каталык кетирип, болбосо кызуулук менен чектен чыгып баратса, Бакай алардын ишин орду менен жөнгө салган. Ири чыр-чатактардын жана жок жерден кан төгүлчү уруштардын алдын алуу мүмкүнчүлүгү Бакайдын акылмандыгы аркасында гана ишке ашкан эпизоддор буга мисал боло алат. «Каныкейге үйлөнүү» эпизодунда жаш аялдардын эч бири Манас отурган үйгө кирүүгө батына алышпай, жыйынтыгында, ал бир нече күн катары менен ачка калат. Колуктусунун туугандарына ыза болуп жана өзүн шылдың кылышкандай сезип, Манас кайнатасынын шаарын күч менен каратмакчы болот. Алмамбет, Чубак, Сыргак баштаган баатырларын, кырк чоросун кошо алып, тоодон кулаган көчкү сымал качырып кирет. Бирок Бакай акылмандык менен ишти оңоп, кырдаалдын кескин курчуп кетпешине себепчи болот.

С. Каралаевдин вариантындагы эпизоддо он эки кан өзүм билемдик кылыгы үчүн Манастын сазайын окутуп коюуну чечишип, аскерлери менен анын айылына басып киришкенде, келип калган кырсыкты, ири кан төгүүнү баягы эле Бакай токтотот. Чоң казат учурунда төрт баатыр жылкы тийип келатышканында абал кыйындап, Алмамбет Сыргакты «Кошуунга кабар бергин!» деп жөнөтөт. Үстү-башына чаң, кан чачырап, аптыгып алган кебетеси менен ал кыргыз колу өргүп жаткан жерге жакындайт. Атайын күтүп турган Бакай аны токтотуп, бул боюнча барса, андагылардын жүрөгү түшүп каларын айтып, жуундуруп, «жылкы тийип, эми аны бөлүшүүгө чакырып жаткандай болуп баралы» дейт. Антпегенде чоң согуш башталбай туруп, колдун ындыны өчө түшмөк да, жеңилүүгө түздөн-түз өбөлгө түзүлмөк. Мындай мисалдар эпосто аз эмес. Дегинкиси, Бакайдын образында

кыргыздардын адамдагы акылмандык, эстүүлүк, адилеттүүлүк жөнүндөгү түшүнүгү берилген. Бакай тууралуу эпосто «караңгы жерде көз тапкан, капилет жерден сөз тапкан», «астыга салса ак жолтой, аркасы бийик сан колдой» деп бекеринен айтылбаган.

Каныкейдин образы да курстун борбордук идеяларын чагылдырып турат. *Каныкей* – Манастын каалап алган жары, эпосто алган орду жана мааниси жагынан Манас менен теңтайлаша алган бирден-бир каарман, кай бирде андан жогору да. С. Каралаевдин варианты боюнча, ал Манасты «сайып жүрүп бак кылат, салып жүрүп там кылат», [151] тактап айтканда, Манастын Манас болушу Каныкейдин аракетинен, камкордугунан улам.

Каныкейге мүнөздүү сапаттардан эпосто, айрыкча, анын ар бир сөзгө маани берип сүйлөгөн токтоолугу, акылмандыгы көзгө урунат. Алдыдагы боло турган ишти алдын ала билүү, сезүү – Каныкейдин өзгөчө сапаттарынын бири. Эпостогу башкы каарман Бакай, Кошой сыяктуу акылман карыялар да Каныкейдин пикири менен эсептешишкен, пикирлери өз ара дал келбей калган учурларда да Каныкейдин айткандары чындыкка дал келген. Каныкейдин болчу ишти алдын ала туя билиши Манастын душмандарынын арам ойлорун өз убагында билүүгө мүмкүндүк берип, жакындап калган же качандыр боло турган жамандык жөнүндө Манаска эскертип турган. Көзкамандар адеп келгенинде, Каныкей алардын арамдыгын билип, муну Манаска бир нече жолу эскертет. Манас буга кийин гана көзү жетип, Каныкейдин айтканын эстеп өкүнөт. Манас Бээжинге аттанганда да Каныкей каршы болуп, Манастын бул иш-аракетин колдогон эмес. Баатырдын максаты душмандан өч алуу болгондуктан анын айтканын укпай жөнөп кетет. Манас жеңишке жетишкенин укканда, Каныкей: «Бээжинди билди дегиче, бейпайга калды десеңчи, алтын так минди дегиче, ажалы жетти десеңчи!», - деп, бул кабарды чоң кейиш менен кабыл алат. Ал жерде көпкө кармалбай тез келишин билдирип кат жиберет, аманат сөзүн

айттырат. Манас Каныкейдин бул кеңешине да кулак салбай, Чет Бээжинге кандык кылып алты ай туруп калат.

Каныкейдин  дагын бир мыкты сапаттарынын бири – колунан көөрү төгүлгөн уздугу, чебердиги. Ал баатырдын жана анын кырк чоросунун жоого кийчү ок өтпөс кийимдерин, ал гана эмес, ат жабдыктарын да камдайт. Кыйынчылык учурунда  желчү үнөмдүү, адамга күч-кубат берчү  күлазыкты, ат үчүн кубаттуу мээр чөптү да даярдайт. Чоң казатка аттанган күнү «Баатырлар кырк чоросу менен кайрыла кетсин»-деп, атайын чакырып, коноктоп, Манастын өзүнө, Бакай, Алмамбет, Чубак, Сыргакка, кырк чорого деп даярдаганын бүт Каныкей өз колу менен тапшырат.

Каныкей баатырдык, балбандык сапаттан да куру эмес. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча ал баатырдыкты кыз кезинен эле көрсөтөт. Чубак Букар элин каратып алууга ниеттенип, коркунуч келтиргенде, бел байлап каршы туруп, бетме-бет сайышта аны качууга мажбур кылган Каныкей болот. Каныкейдин баатырдык, балбандык жайы Манаска келгенде да көрүнөт. Көзкамандар Манасты уулandырышып, аны өлтүрүшмөкчү болгондо, Аккула менен качырып кирип салышып, чоро Акаярдын жардамы менен Манасты өңөрө качат. Каныкейдин табыпчылыктан да кабары бар. Көзкамандар ууландырган Манасты дарылап айыктырат. Манасты Чоң казаттан жаралуу кайтканында да колунан келишинче дарыламак. Бирок Манас жаралуу жерин жашырып, Каныкей аны жараты күчөгөндө билип жүрөт. Кан, зил аралаш мээ кусуп жыгылганында кеч болуп калган эле, аргасыз катуу өкүнөт.

Каныкейдин баатырдык мүнөзү Манас Чоң казатта жүргөндө да көрүнөт. Ичи бузук Абыке, Көбөш Манастын жоктугунан пайдаланып, элдин ыркын кетире турган болгондо, мындай оор абалдан Каныкей сактап калат. Ал  күн-түнү менен ат үстүнөн түшпөй, майтарылбас эрктин, темирдей бекемдиктин үлгүсүн көрсөтүп, ою арамдарды орду-ордуна коёт. Ушундай кыйын кезеңде Манастын жоктугун билгизбей өзүн элдин туусу, ээси катары алып жүрө

алганы үчүн ал «калк энеси» аталат. Каныкей элге жалаң эле баатырлыгы, кайраттуулугу менен эмес, адамкерчилиги, боорукерлиги, баарын алдын ала ойлой билген акылдуулугу менен таанылган.

Анын эркектикинен кем калышпаган кайраттуулугу, майтарылбас эрки Манастын Чоң казаттан жаралуу кайткандан кийинки эпизоддордо ачык көрүнөт. Манасты жерге берер күнү баатырдын кан, ириң аралаш зил кусуп жыгылганында эле Каныкей баарын түшүнүп, «эми болору болду»-деп, белин бекем бууп, даярдыгын көрүп баштайт. Кыргыз элинин мурдатан келаткан салты боюнча эри өлгөн аял өлүк үстүндөгү кеңешке алынбаган. Анын милдети кошок кошуп отуруу гана болчу. Ал эми Каныкей демейки аялзатынан айырмаланып, өлүк көмүүнүн бардык түйшүгүн мойнуна алат. Манас кайткыс болгондон баштап, атайын уста алдырып, ага арнап күмбөз салдырат. Алыс-жакынына, тууган-уругуна кабар бердирет. «Душмандар өлүктөн өч алышы ыктымал»-деген Манастын керээзин эске алып, эч ким билбеген, туйбаган жерден жай каздырып, ага сөөктү жашырат. Ушул айтылгандын баарын ал башы каралуу, жүрөгү жаралуу болуп, ою бир орунда турбай, оор кайгыда жүргөн абалында өзү башкарып жасатат. Мындан Каныкейдин жандан башкача кайраттуулугу, күчтүүлүгү, эрктүүлүгү ачык көрүнүп турат.

Дегинкиси, Каныкейдин образында аялдарда, деги эле адам баласында болчу жакшы сапаттар жалпылаштырылып берилген. Жомоктогу ар бир аялзаты үчүн Каныкейдин бүтүргөн иштери, баатырлык, кайраттуулук, акылмандык, алдыны көрө билгичтик, жөн билгилик, сарамжалдуулук, уздук сыяктуу мыкты жактары – чыныгы идеалдын үлгүсү. Каныкейдин образын түзүү аркылуу эл аялдарды кемсинтүүгө, эркектин күңү, сатып алчу буюму катары кароого каршы турган.

Эл достугу идеясын алып жүрүүчү каарман – Алмамбеттин образы дагы бараандуу образдардын бири. Сабакта мугалим эл достугу идеясын алып жүрүүчү каарман катары Алмамбеттин образына өзгөчө көңүл бурганы

туура. ***Алмамбет*** – Манастын эң жакын жардамчыларынын бири. Эпосто анын улуту кытай, Солобо кан, андан Соорондүк (Саякбайда Азизкан болуп айтылат) деген белгилүү кандын, кытайдын башкы аскер башчысынын уулу экени айтылат. Алмамбеттин келечекте ченемсиз баатыр, кыргыз элине дос боло турганынан учкай кабарлар ал өзү төрөлө электе же жаңы төрөлөр менен эле берилет. Ата -энеси узак убакыт балалуу болушпайт, туулганда колуна кан уучтап түшөт, келечекте мине турган тулпар аты өзү менен бир күндө туулат. Балага атты кайдан-жайдан келгени белгисиз бир думана коёт. Көрсө, ал Кызыр экен. Минтип каарманга ат коё албай кыйналуу мотиви Манастын калган башка чоролоруна мүнөздүү эмес. Бул айырмачылыгы анын Манастын өзүнө тете баатыр экенин көрсөтөт. Ысмы Кызыр тарабынан мусулманча коюлушу жана аны дунган аялы Изат эмизип, анын тарбиясында өсүшү Алмамбеттин келечекте кыргыздарга дос болушунан кабар берет.

Алмамбет бала күнүнөн эле эң жогорку адамкерчилик сапатка ээ болуп өсөт. Он төрт жашынан кан болуп дайындалган ал эзилгендердин укугун коргоп, алар үчүн камкордук көрөт. Эсенкандын алдына барганда, Алмамбетти көргөн аярлар анын кыргыздарга өтүп кетерин, ошондуктан балтыр эти толо электе өлтүрүп салуу керектигин айтышат. Өздөрүнүн урматына адамдарды курмандыкка чалып, жаш адамдардын боорунан өлбөстүктүн дарысын жасатмак болушкан Коңурбай, Эсенкандардан запкы көргөн эл өздөрүнүн анык коргоочусу, адилет башкаруучусу катары Алмамбетке арызданып келишет. Болбогон шылтоо менен зынданга салынган кишилерди бошотуп, ал атасы менен араздашууга чейин барат. Бул сапаттары анын эл кишиси экенин көрсөтөт.

Алмамбет Көкчөгө келгенде да карапайым эл үчүн көргөн камкордугу, адилеттиги менен таанылат. «Алмамбет Агеркеч менен соо эмес» деген жөнсүз ушакка ишенген Көкчөнүн пастыгынан улам ал андан кетет. Динсиз кытай кандыгынан эле эмес, мусулман Көкчөдөн да кетиши Алмамбеттин издегени дин эмес, адилеттик, теңдик, элге кызмат кылуу сыяктуу идеалдар

экендигине күбө боло алат. Айкөл, жоомарт, достукка, антка бекем, эл кишиси Манаска жолугуу менен ал өзүнүн самап издеген идеалын табат.

Кайраттуулугу жана күчтүүлүгү жагынан Алмамбет чоролордон айырмаланып турары анын Манаска келген күнүнөн эле белгилүү болгон: Ал Көкчөгө таарынып Манаска келген кезде Манас баатыр өзүнүн Чубак, Сыргак, Ажыбай баш болгон тандалма беш чоросун «Алманбетке кокусунан качырып кол салып, эрдигин сынап көргүлө» деп жиберет. Чоролор «доолбасын кагып, жеп ийчүдөй бакырып, жакын жерден жабылып, сес көрсөтүп» качырып киришсе, Алмамбет баатыр эч бир сестенип койбойт. Ушул эле эпизод Б.Сазановдун вариантында төмөнкүчө берилет: Манас Алмамбеттин алдын тостуруп Сыргак баш болгон беш чоросун жиберет. «Капыстан качырып киргиле, качса, андай коркок немени өлтүрүп салгыла»,- дейт. Алмамбет капилеттен кол салгандардан коркуп качмак турсун, Сыргакты аттан ыргыта саят. Манастын колу Бээжинге карай бет алып жөнөгөндө, Алмамбетке аскер башчылык кылуу милдети тапшырылат. Кол башчы болгонунун биринчи күнү эле ал согуш тартибинин эрежелерин киргизип, анын бекем сакталышын буюрат. Бул жагынан Манастын санаасы тынч. Анткени ал согуш өнөрүн жакшы билет. Алмамбет мындай өнөргө бала күнүнөн ажыдаардан окуп үйрөнгөн. Ал – согуштук тактикадан улам кубултуп күндү жайлаган жайчылыкты, жоого кирсе алдырбаган ыктуулукту жакшы билген өнөрлүү адам.

Алмамбеттин акылдуулугу, алдыны көрө билгени аны башка чоролордон айырмалап турат. Чоң казатта кытайлар жеңилип, ушундан улам алардын башкы канына жиберилүүчү элчиге Бакайдын чектелишин сунуш кылышканда, каршы туруп, эгер Бакай барса, Эсенкан кайра жибербесин билдирип, акылдуу кеңешин кошкон да Алмамбет болот. Кичи казат учурунда душмандын колу дагы жеңилүүгө учурап, Манас Коңурбайга жети күн тыныгуу бергенде, жеңилүүгө мүмкүндүк түзгөнүн билдирип кейиген да Алмамбет. Чынында эле, ошол тыныгуудан кийин Манастын колу

жеңилүүгө, четинен жок болууга өтөт. Манастын Каныкейге үйлөнүшүнө да Алмамбет себепчи. Ал Манаска келгенден көп өтпөй эле анын аялдарынын сыйды билбеген, күйөөсүн бири-биринен кызгангандан башка түк эч нерсеге жарабаган жөндөмсүз, жөнсүз адамдар экенин айтып, өзүнө ылайыктуу колукту издешин сунуш кылат. Жандын акылдуусу Каныкей Алмамбетти жогору баалап, сыйлап, Манас ага кандай ишенсе, так ошондой ишенген. Ошон үчүн Чоң казатка аттанарда Манаска көз болууну ал башка бир да кишиге эмес, бөтөн элдин кулуну Алмамбетке тапшырат.

Алмамбеттин тагдыры эң бир трагедиялуу. Ага өз атасы баштап душман чыгып, өлтүрүшөрүндө эл-жеринен кыркылышып жатып кетүүгө туура келген. Учурунда өз эл-жеринин чыныгы патриоту болгону үчүн ага бөтөн жерге кетүү, андан да кайра кайрылып өз журтуна согуш ачуу абдан эле оор. Эгер Кытайды биротоло жеңүүгө мүмкүн болгондо, ал өз Ата Журтуна бейпилдикти, ынтымак-ырашкерликти алып келмек. Максаты да ошол болучу. Өз эл-жерин сүйүп, баалаганы үчүн Алмамбеттин ичи толо арман, өкүнүч. «Бирөөнүн элинде султан болгуча, өз элиңде ултан бол» дегендей, ал кыргыз ичинде канчалык жогорку кызмат ордуна, кадыр-баркка, сыйга ээ болбосун, дайым өзүн азгын, жалгыз катары сезет. Алмамбет түз жүрүп, ичиндегисин ачык айтканды жактырып, куйтулукту жек көрөт. Ошон үчүн ал кытай эли, жери тууралуу оң пикирин ачык айтып, ага болгон сагынычын, кусалыгын жашырбайт. Манас жана анын чоролору да аны туура түшүнүп, урматтоо менен мамиле кылышат. Алмамбеттин антип бөлөк эл, бөтөн жерде жүрсө да, өз эли-жерин унутпай, сагынып көксөөсү табигый, оң сапат катары кабылданып, анын адамдык баркын дагы бир тепкичке жогору көтөрөт.

Эпосто Алмамбеттин трагедиялуу тагдырынын мисалынан улам уруу түзүлүшүнүн шартында адам өз уруусунан, элинен тышкары жашоосу абдан эле оор болору, дээрлик мүмкүн эместиги айтылган. Уруу ичинде жашап, уруу менен бирдикте аракеттенгенде гана иштен майнап чыгары жөнүндөгү идея эпостун бүткүл мазмунунан ачык сезилип турат. Мына ушул себептүү

өз эл-жеринен, уруусунан кеткен адам өзүн дайым жат сезип, ошондой эле уруу мүчөлөрү тарабынан да жат адам катары кабылданышы – табигый көрүнүш. Мына ошол себептүү кыргыз колунун башкы аскер башчысы, Манас баатырдын эң ишенимдүү жардамчысы жана эмчектеш тууганы Алмамбет: «Элдүүнүн баары эр экен, не деген кеби эм экен, элинен азган мен кургур, эгем талаа кудурет не түрдүү пендем деди экен?!»-деп, муңканып отурат.

Ал эми Чубак – кыргыздын нойгут уруусунун өкүлү Акбалтанын жалгыз уулу. Ал кичинекей  кезинен тартып  Манас менен үзөңгүлөш болуп чоңоет. Акбалта баласы Чубактын Манас менен ар дайым  бирге, чогуу болушун каалаган жана  аны Манаска атайы кошот. Эпосто ал «Алышса адамдын алы жетпеген, арыстандын тиши өтпөгөн, көк ырапыс тон кийген, Көгала сындуу ат минген, кан Балтанын Чубагы – арыстандын бири бу дагы»-деп сүрөттөлөт [151].

Чубак эпосто  күчтүү,  аны-муну көп байкай бербеген энөө чалыш, ишенчээк, кыялы чорт, ачуусу чукул, чогоол, ала көөдөн жагы да бар баатыр катары берилет. Ачуусу келгенде: «Ногойдон нойгут кем бекен, Чубактан Манас эр бекен?»-деп опурулганы да мына ошол ала көөдөндүгүнөн улам. Ошондой эле  ичинде кири жок ак көңүл, арамдыгы жок, албарман сапаттан да куру эмес. Бозуулдун бузуку сөзүнөн улам Чубак чыр чыгарып, чалгынга барбай калганы үчүн Алмамбеттин көзүнө бир көрүнүүнү ойлойт. Манас Чубактын ачуусун араң басып, аны ээрчитип алып, чалгынчылардын артынан барат. Манас менен Чубак алыстан  көрүнгөндө эле Алмамбет баарын түшүнүп, өкүнүчтүү жүйөөлүү сөздөрүн айтып, өзүнүн бардык аракети жеке керт башы үчүн эмес, элдин камы үчүн экендигин баса белгилеп келип, Чубакты катуу жемелейт. Бир аз эле мурдараак «соём!», «өлтүрөм!» деп жулунуп, оолуккан Чубак айыбын мойнуна алып, Алмамбеттен кечирим сурайт.

Чубактын негизги артыкчылык сапаты катары жан алгыч Азрейил периште өзү келсе да жалтанбас эрдигин, түгөнгүс, бүтпөс күчкө ээ экенин белгилеп кетүүгө болот. Ал Чоң казат учурунда кытайлардын Нескара баш болгон кырк баатырын жеке байлап келет. Атынан ажырап, жоо колунун курчоосунда жалгыз калганда да кабагым-кашым дебей, тогуз күн жөө согушат.

Чубактын тобокелчил, күчтүү, эр жүрөк мүнөзү эпостун «Макел дөө менен кармашуу» эпизодунда да ишенимдүү, элестүү берилген. Жан алгыч кейиптенген дөө Макелди көрүп: «Манаска кабар салалы, мейли Манас алабы, же балакеттүү Макел дөө аны байлап кетип калабы, өзүлөрү билишсин» деп коркуп, алдастап шашып калган Алмамбетти ал: «Катыгүн, Алмам, не дейсиң, качуунун камын не жейсиң?! Атасынын көрү каапырды, ал сөздү айтпа акыры! Тобокел кылып, токтотуп уруш салалы! Албай кантип коёрбуз, ант ургурду соёрбуз! Эгер өлүп калсак кокустан, качпай өлгөн эрлер деп, жакшы аттысы саа, жолдошу Чубак экен деп, сооптун чети маа болсун!» деп кайрат айтат [151]. Кыязы, Кыз Сайкалдын дүмөгүнө жалгыз түтүп, ажыдаардан жалтанбаган Алмамбет алдастап шашып калганда, Чубакка кайрат айттыруу менен эпос анын  жанда жок эрдигин дагы бир жолу баса белгилеп көрсөткүсү келсе керек.

Чубактын ала көөдөн, энөөлүгүн мындай бир эпизоддон байкоого болот. Макел дөө жеңилип, бирок дале жаны чыга элегин көрүп, Алмамбет Чубакты сынамакка тамаша кылат: «Кокус тура качпасын, батыраак баса кал!» Чубак шашкан бойдон аттан түшө чуркап баш жагынан баса калганда, жан талашкан Макелдин серпкен оң колу тийип, ал аркан бою алыс учуп барып түшөт. Эптеп башын кесишкенден кийин Алмамбет дагы: «Башын кестик акыр, эми байлангын башты, баатыр!»,-дейт. Макелдин башын көтөрүп дагдаңдап Көктекеге барган Чубак аны эптеп жатып канжыгасына байлап, аттанып бастыра бергенде, аты баш байланган жакка майышып, түз баса албай коёт. Муну көрүп Чубак айтат: «Алаке, көрчү! Атымдын бели

сынбасын, ант ургур мага кылбасын?!» Чубактын бул жоругуна Алмамбет көзүнөн жаш чыкканча күлөт.

Чубактын эрдик көрсөтүшү, негизинен, эпостун «Чоң казат» эпизодунда да чагылдырылат. Манас кытайлар менен болгон чабуулда жаралангандан кийин колун Ата Мекенине кайтарып жиберип, эсепсиз душманга каршы ит урушун салганда душманга туруштук берип, дене бою бүт жарадар болгонго чейин кармашкандардын бири да – Чубак. Саякбай манасчынын варианты боюнча Чубак Ажыдаардын окуусунда Алманбеттен алты айга көп окуган, көзгө атар мерген Кожожаштан оор жарадар болгондо да Көгаланын үстүнөн түшпөй тырмышып, дайынсыз болуп кетет. Бирок мындан Чубакты «коркок», «качып кетти» деген түшүнүккө келбөөгө тийишпиз. Эл өзүнүн сүйгөн каарманын өлүмгө кыйгысы келген эмес, ошон үчүн ал өлүү-тирүүсү белгисиз болуп жоголуп отурат [151]. Кийин Семетей эр жеткени «Чубакты туткунда, кор болуп жүрөт» дегенди угуп, «Тирүү болсо таап бергиле, болбосо кун төлөгүлө!»-деп Кашкарды, Букарды, анан Коконду чаап алат. «Чубактын кунундай чубалган» деген ылакап кыргыз элинде мына ушундан улам айтылып калган экен.

Атка жеңил, тайга чак, уйкусу жок, жолго сак Сыргактын образы курстун мазмунунда жарк эте көрүнүп турары бышык. Сыргак – Манастын белдүү баатыр чоролорунун ичинен эң эле кичүүсү. Окко учканда ал жыйырма бир гана жашта болгон. Эпосто «Көпкөк темир кийинген, жоо дегенде сүйүнгөн» [151] деп сүрөттөлөт. Ал алгач башкалардан анчалык деле айырмаланбайт, көзгө урунбайт. Анын теңдешсиз баатыр катары Чоң чабуул убагында таанылат. Чоң казатта Алмамбет чалгынга бармак болгондо, бирге баруу үчүн «өлүмдү билбес өзү, өрт жалындай көзү бар» Сыргакты тандап алат. Алмамбет өзү да аны «Сырттан тууган Сыргактын жеке башын өзүнүн миңге тете көрөмүн» -деп баалайт. «Жети түмөн кол келсе, желбегей кирип кол салган» [151]. Сыргак Алмамбеттин бул ишенимин толугу менен актаган. Түрүн өзгөртүп кийинип душмандын жерин аралап жүргөндө да, жылкы

тийип кайра кайтышканда да Сыргак Алмамбетке бардык жагынан жөлөк болуп, өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көргөзөт. Калмактардын Бозкертик дегени Алмамбетке артынан келип найза сайып, аз эле жерден атынан кулабай калат. Сыргак Бозкертиктин өзүн сайып түшүрүп, жолдошун куткарып кетет.

Сыргактын, айрыкча, өзгөчөлөнгөн дагын бир мыкты сапаттарынын бири шамдагайлыгын айтууга болот. Негизи, душманына тоо илбирсиндей атырылган шамдагайлык сапаттан эпостогу Алмамбет, Чубак баштаган калган баатырлар деле куру эмес. Бирок эпосто Сыргакка өзгөчө шамдагайлык мүнөздүн тиешелүүлүгүнө басым жасалат. Анын шамдагайлыгы, ыкчамдыгы жаанын жебесине салыштырылат, бул мүнөзү Сыргактын баатырдык дараметин толуктап, күчөтүп турат.

«Чоң казаттын» Манас жеңишке ээ болгон бөлүмүндө Сыргак калмак, кытайлардын колун кыргынга учуратып, баатырдыктын мыктысы үлгүсүн көрсөтөт. Манас жарадар болгондон кийинки согушта да ал башка баатырларга караганда көрсөткөн өзгөчө эрдиги менен айырмаланат. Сыргактын эрдиги, айрыкча, Коңурбайдын жүрөк үшүн алат. «Ушу Сыргак баладан ээримен арт кетти, жүрөгүмө дарт кетти, боконо сөөгүм болк этти, таш сыйынган кытайдын тазасы ыйлап солк этти»-дейт, аргасы кетип. Коңурбай чоролордун эң жашы Сыргактын баатырлыгына тан берип, аны Манастан да жогору коёт. Сыргак Кытайдын күчтүү баатырларын жеңип, кырып жибергендиктен, Коңурбай өз жигиттерине аны курчоого алып, тирүүлөй кармоого буйрук берет. Бул амалы да ишке ашпай, айласы кеткен Коңурбай айтылуу көзгө атар мерген Каражой уулу Кожожашка: «Башканы коюп, биринчи Сыргакты атып бер»-деп, жалынат. Сыргактын аты мүдүрүлүп, колундагы куралы ыргып кеткенинен пайдаланган Кожожаш аны дал чекеге атып өлтүрөт.

Сыргактын баатырдыгы алп жазуучубуз Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестиндеги Улуу Ата Мекендик согуш маалында он алтыга толуп-толбой өз ыктыяры менен согуш майданына аттанган, кырчындай жаш

күнүндө курман болгон Жайнак сыяктуу каармандын, кыргыз жоокеринин элесин эске салат. Сыргак – гүлгүн жаштыктын символу, эртең эле Мекенин коргоо үчүн Мекен чегине аттанчу жаш өспүрүмдөрдүн туу тутар идеалы катары баалуу.

Мугалим корутунду сөзүндө каармандар тууралуу негизги ойлорду синтездөө менен жыйынтык чыгарат. Төмөндө ушуга карата эпостогу көркөм образдарды талдоо боюнча кошумча сабактын структурасын сунуш кылабыз. (албетте, бул сунуштар сыноодо текшерилген жана жакшы натыйжага жетишилген).

«Манас таануу» курсуна программа тарабынан жалпы он сегиз саат убакыт караган болсо, анын төрт сааты эпостун сюжети, өзөк окуялары, башкы каармандардын образдары, эпостун идеясы жана адеп-ыймандык мааниси сыяктуу маселерди окутууга каралган [121, 48-49-бб.]. Мында программа «Трилогиянын жалпы сюжеттик сызыгы: Манас жана анын кыргыз эли үчүн зарылдыгы; баатырдык окуялар; турмуш-тиричиликтик мотивдер; Бакай, Алмамбет, кырк чоро, аялдардын образдары; согуш эпизоддору; Семетей – Манастын ишин улантуучу каарман; Семетейдин ички жана тышкы душмандар менен болгон күрөшү; Сейтек баатырдын турмуштук жана баатырдык жүрүштөрү; күрөш, эркиндик темасы», - деген талап – аннотация, же багыттарды аныктаган. [121, 50-51-бб.]

Ал эми окуу китебинде авторлор «Манас таануу» курсун төмөнкүдөй бөлүштүрүшөт: «Манас» эпосунун кыргыз элинин турмушунан алган тарыхый орду жана анын бүгүнкү күндөгү мааниси – 1 саат; Эпостун сюжети, негизги өзөк окуялары, башкы каармандардын образдары, эпостун негизги идеясы, адеп – ыймандык маңызы – 4 саат; Эпостун эл оозунан, манасчылардан жыйналуу тарыхы – 4 саат; Эпостун китеп болуп басылуу тарыхы – 1 саат; Эпостун изилдениш тарыхы – 4 саат; Кайталоо жана жазуу иштерине – 4 саат сунуш кылышат [ 25, 251-252- бб.].

Окуу китебинен көрүнүп тургандай, эпос боюнча тигил же бул каармандын көркөм образын талдоо иштерине атайын саат каралган эмес, бирок Манас баатыр сыяктуу эпостогу башкы каармандарынын бири Алмамбеттин көркөм образынын сабакта талдоо иштери зарыл экендигин эске алып, мугалим кайталоо жана жазуу жумуштарына каралган төрт сааттын бирин ушул Алманбеттин көркөм образын талдоо иштерине арнайт. Биз мында аны окутууда мугалим  колдонулуучу негизги педагогикалык факторлор тууралуу кеп кылабыз.

**Мугалимдин кириш сөзү:** Алмамбет – Манастын эң жакын жардамчыларынын бири. Эпосто анын улуту кытай, Солобо кан, андан Соорондүк (Саякбайда Азизкан болуп айтылат) деген белгилүү кандын, кытайдын башкы аскер башчысынын уулу экени айтылат. Алмамбеттин келечекте ченемсиз баатыр, кыргыз элине дос боло турганынан учкай кабарлар ал өзү төрөлө электе же жаңы төрөлөр менен эле берилет. Ата-энеси узак убакыт балалуу болушпайт, туулганда колуна кан уучтап түшөт, келечекте мине турган тулпар аты өзү менен бир күндө туулат. Балага атты кайдан-жайдан келгени белгисиз бир думана коёт. Минтип каарманга ат коё албай кыйналуу мотиви Манастын калган башка чоролоруна мүнөздүү эмес. Бул айырмачылыгы анын Манастын өзүнө тете баатыр экенин көрсөтөт. Ысмы думана тарабынан мусулманча коюлушу жана аны дунган аялы Изат эмизип, анын тарбиясында өсүшү Алмамбеттин келечекте кыргыздарга дос болушунан кабар берет. Алмамбет бала күнүнөн эле эң жогорку адамкерчилик сапатка ээ болуп өсөт. Он төрт жашынан кан болуп дайындалган ал эзилгендердин укугун коргоп, алар үчүн камкордук көрөт. Эсенкандын алдына барганда, Алмамбетти көргөн аярлар анын кыргыздарга өтүп кетерин, ошондуктан балтыр эти толо электе өлтүрүп салуу керектигин айтышат. Коңурбай, Эсенкандардан запкы көргөн эл өздөрүнүн анык коргоочусу, адилет башкаруучусу катары Алмамбетке арызданып келишет. Баатыр казактан кетип, Манаска келет.

Кыргыз кошууну Бээжинге карай бет алып жөнөгөндө, Алмамбетке аскер башчылык кылуу милдети тапшырылат. Кол башчы болгонунун биринчи күнү эле ал согуш тартибинин эрежелерин киргизип, анын бекем сакталышын буюрат. Бул жагынан Манастын санаасы тынч. Анткени ал согуш өнөрүн жакшы билет.

Алмамбеттин акылдуулугу, алдыны көрө билгени аны башка чоролордон айырмалап турат. Чоң казатта кытайлар жеңилип, ушундан улам алардын башкы канына жиберилүүчү элчиге Бакайдын чектелишин сунуш кылышканда, каршы туруп, эгер Бакай барса, Эсенкан кайра жибербесин билдирип, акылдуу кеңешин кошкон Алмамбет болот. Кичи казат учурунда душмандын колу дагы жеңилүүгө учурап, Манас Коңурбайга жети күн тыныгуу бергенде, жеңилүүгө мүмкүндүк түзгөнүн билдирип кейиген да Алмамбет. Чынында эле ошол тыныгуудан кийин Манастын колу жеңилүүгө, четинен жок болууга өтөт.

Манастын Каныкейге үйлөнүшүнө да Алмамбет себепчи. Ал Манаска келгенден көп өтпөй эле анын аялдарынын сыйды билбеген, күйөөсүн бири-биринен кызгангандан башка түк эч нерсеге жарабаган жөндөмсүз, жөнсүз адамдар экенин айтып, өзүнө ылайыктуу колукту издешин сунуш кылат. Жандын акылдуусу Каныкей Алмамбетти жогору баалап, сыйлап, Манас ага кандай ишенсе, так ошондой ишенген. Ошон үчүн Чоң казатка аттанарда Манаска көз болууну ал башка бир да кишиге эмес, бөтөн элдин кулуну Алмамбетке тапшырат.

Алмамбеттин тагдыры эң бир трагедиялуу. Ага өз атасы баштап душман чыгып, өлтүрүшөрүндө эл-жеринен кыркылышып жатып кетүүгө туура келген. Учурунда өз эл-жеринин чыныгы патриоту болгону үчүн ага бөтөн жерге кетүү, андан да кайра кайрылып өз журтчулугуна согуш ачуу абдан эле оор. Эгер Кытайды биротоло жеңүүгө мүмкүн болгондо, ал өз Ата Журтуна бейпилдикти, ынтымак-ырашкерликти алып келмек. Максаты да ошол болучу. Өз эл-жерин сүйүп, баалаганы үчүн Алмамбеттин ичи толо арман,

өкүнүч. «Бирөөнүн элинде султан болгуча, өз элиңде ултан бол» дегендей, ал кыргыз ичинде канчалык жогорку кызмат ордуна, кадыр-баркка, сыйга ээ болбосун, дайым өзүн азгын, жалгыз катары сезет. Алмамбет түз жүрүп, ичиндегисин ачык айтканды жактырып, куйтулукту жек көрөт. Ошон үчүн ал кытай эли, жери тууралуу оң пикирин ачык айтып, ага болгон сагынычын, кусалыгын жашырбайт. Манас жана анын чоролору да аны туура түшүнүп, урматтоо менен мамиле кылышат. Алмамбеттин антип бөлөк эл, бөтөн жерде жүрсө да, өз эли-жерин унутпай, сагынып көксөөсү табигый, оң сапат катары кабылданып, анын адамдык баркын дагы бир тепкичке жогору көтөрөт.

Туңша журтунда Чылаба кан, андан Солобо кан, Солободон Соорондүк зор кан болуп, бүтүн кытайдын аскер башчысы болуп турат. Элүү төрткө чыкса да эркек бала көрбөйт. Акыры аялы Эксердин боюна бүтүп, эркек бала төрөйт. Соорондүк чоң той берип, чогулгандардан балага ат коюп берүүлөрүн сурайт. Эч кимиси ат коё албай коёт. Ошондо бир думана чыгып, балага «Алмамбет» деп ат коюп, көздөн кайым болот. Көрсө, ал думана болуп кубулган Кызыр экен. Алмамбетти дуңган аял Изат багып өстүрөт. Ал алты жашында эле жандан башкача зээндүү бала болот. Сегиз жашында атасы окууга берет: төрт жылы мектептен, эки жылы ажыдаардан окуйт. Алты миң баладан алты бала тирүү калып, ал алтынын бири – Каражой уулу Кожожаш. Ал Алмамбеттен үч айга ашык окуп, көзгө атар мергендикке мыктап дасыгат.

Алмамбет он төрт жашка чыкканда атасы ага бийликти берет. Тактыга отурган күнүнөн эле анын адилдиги билинет. Өз бийлөөчү төбөлдөрүнө наразы болгондор арманын айтып, Алмамбетке качып келишет. Чоң Бээжинге барганында, анын урматына курмандык чалууга даярдалган алтымыш кишини бошоттурат. Муну көргөн Эсенкандын эки аяры: «Бул баланын түрү башка, түбү бизге эл болбойт»-деп бүтүм чыгарышат. Ууландырып өлтүрөлү дешти эле, Эсенкан атасы Соорондүктөн чочулап көнбөй коёт. Бир күнү Алмамбет жолдоштору менен аң уулоого чыгат.

Алардан өзүнчө бөлүнүп аң кубалап жүрүп, ал кырк чилтендерге, андан ары барып, Көкчөгө жолугат. Көкчөдөн мусулманчылыктын жолун угуп, мусулман динине өтөт. «Ары болсо токсон, бери болсо кырк күндө жолугалы»-деп экөө кош айтышып айрылышат.

Үйүнө келип, апасы Экзерге мусулман бололу десе, көнбөйт. Алмамбет жоо жарагын, минер атын даярдап алып, атасынын үстүнө кирет. Сооронддүк улуктарын чогултуп отурган экен, баары ордунан туруп ага урмат көрсөтүшөт. Алмамбет өзүнүн мусулман болгонун айтып, отургандардын баарын мусулман динине өткүлө дейт. Атасы өз колу менен өлтүрөрдө качып чыгат.

Алмамбеттин жолун алгач он эки миң кол менен Кырмус шаанын Мурадылы тосот. Аны тез эле сайып түшүрүп, алдына кез келгенин сулатып, жолун улайт. Алмамбеттин жолун эми он төрт миң кол менен Жолой тосот. Жолойду сайып сулатып, каршы алдына келгенин жар көчкөндөй кулатып, андан ары кетет. Эми куугундан кутулдум го деди эле, кырк миң кол менен Коңурбай алдынан чыгат. Коңурбайды аттан кулатып, колунун катарын тим эле боо түшүрүп жиберет. Атасы Сооронддүктү жарадар кылып, куугундан чындап кутулат.

Манас түш көрүп, түшүндө албарс кылыч таап алат. Анысы ташты тең экиге бөлөт. Байланып андан ары баратса, кылычы жолборс болуп ээрчип алат. Жолборс үн салганда, төрт аяктуунун баары келип, Манаска таазим кылышат. Жолборсу карчыга болуп, канаттуунун баарысы ага таазим ийип келишет. Ойгонсо – түшү. Чоң той берип, өзгө журт тарап, өз эл калганда, Манас көргөн түшүн айтып, жоруп бергиле дейт. Эч бири жарытылуу кеп айта албаганынан Ажыбай: «Кытайдын кыйыны Сооронддүктүн уулу Алмамбет өз элинен кетип, Көкчөгө келип турду деп уктум эле. Жолборс жолдош болгону ошол Алмамбет келип сага кошулат экен. Анын аркасы тийип, учуң узарат» -деп түштү жакшылыкка жоруйт.

Жай күзгө карайт. Манас бир күнү эрте туруп, кошуунду эс алып, аң уулап келүүгө чакырат. Кушу, тайганын, жоо жарагын даярдап, жөнөп калышат. Бото-Мойноктун жайыгында аң уулап алты күн жатышат. Эртең кетебиз деген күнү Манас Чүй өзөнү жакка бастырып барып, көзүн салып карайт. Караса, бир атчан келатат. Жолун тосуп келүүгө Чубак, Ажыбай, Сыргак баштаган беш баатырын жиберет. «Качырып кирип сынап көргүлө, эмнеси болсо да атчан эмес, жөө келип салам айтсын», - дейт.

**Мугалим:** Силер мындан үч жыл мурда, сегизинчи класста «Манас» үчилтигин толугу менен окудуңар, ошондо Манас, анын чоролору жана Алманбет сыяктуу баатырлардын образдарын талдадыңар, текстен саптарды жаттадыңар, кана кимиңер азыр Алманбетке тиешеси бар саптарды айтып бере аласыңар?

**Окуучу:** (Алмамбеттин Манаска келиши эпизодунан үзүндү).

Белендеген беш баатыр
Жакын жерден жабылып,
Качырып чыга калганы.
Чаалыгып келген Алмамбет
Чил учкандай селт этип,
Бир да көзүн салбады.
Барганы менен бакырып,

**Экинчи окуучу:**

Бар кайратын чакырып,
Кайраты мындай ким болду?
Кайсаңдаган беш баатыр
Катыла албай тим болду.
Бардашы мындай ким болду?
Барган менен беш баатыр
Батына албай тим болду.
Кыйкырып барган беш баатыр
Кошулуп калды бастырып,

Мына, он төбөлүү кырк чатыр,
Төрө Манас үстүндө,
Дөөкүрсүгөн көй баатыр.
Кыргыл, Бакай кары бар,
Кыйындардын баары бар.
Арыстан Алмаң ошондо,
Аты менен келүүгө,
Айтып салам берүүгө.
Бастырган бойдон барыптыр,
Атына сылай камчы салыптыр.
Эшикке жакын барганда.
Элүү кадам калганда,
Ээрчий келген бешөөнүн.
Эт жүрөгү былкылдап,
Эч аргасын табалбай,
Эстери чыгып кыпылдап,
Эшигине Алмамбет,
Жакын жетти чукулдап.
Чыдай албай Ажыбай,
Бастырып чыйрак барганы,

**Үчүнчү окуучу:** Баатыр Алмаң кыраандын.
Чылбырынан алганы:
«Кадамыңыз кут болсун,
Каалап мында келипсиз.
Калың кыргыз журтуна,
Карашуучу шериксиз.
Улук да болсоң – ушул жол,
Биздер үчүн кичик бол.
Каары катуу каныбыз,

Ат менен салам берсеңиз,
Калбас тирүү жаныбыз.
Аттан түшүп алалык,
Ыгы болсо көкжалга,
Ызат кылып баралык» [151].

Мына ушунда Алмамбет баатыр атынан түшүп, Бакай, Манастын маңдайына асталай басып кирип, салам айтат. Манас Алмамбетти кадырлап тосуп алат. Аккуланы жабдыктап, үстүнө Аккүбөнү жаап, Аккелтени ээрдин кашына илип, Сырнайза менен Ачалбарсты ага кошуп, Аккула баш болгон тогуз атты тартуу кылат. Анын артынан Сарала тулпарды баш кылып дагы тогуз атты туура тартат. Алмамбет ыраазылыгын билдирип, өзүнө Сараланы алып калат да, калганын кайра кайтарат.

**Мугалим:** Эпостогу монументалдуу образдардын ичинен Алмамбеттин образы өзүнүн көп кырдуулугу менен бөтөнчө орунда турат. Манаска жакын башка каармандар өздөрүнө таандык сапаттары менен өзгөчөлөнүп турушат. Айталы, Чубак күч-кубаты мол, намыскөй, Сыргак чыйрак, шамдагай, эрки күчтүү моюбас, Бакай менен Каныкей акылман, даанышман, көсөм, иш билги жана кең пейилдиктин символу. Ал эми Алмамбетте болсо, ушул аталган сапаттардын баары бар. Мугалим бул кошумча сабагында эпостогу баш каармандардын ичинен Алмамбеттин көркөм образын талдоо боюнча мурдатан даярдап келген суроолору менен тапшырмаларын берет, булар окуучулардын үйдөн өз алдынча даярдануусу үчүн түзүлгөн суроолор.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. «Манас» үчилтиги боюнча сегизинчи класста окуган материалдарды эсиңерге түшүргүлө, андагы, айрыкча, баатырлардын көркөм образдарын талдоо иштерин эстегиле.

2. Алманбет баатырды Манаска теңөөгө болобу, эмне үчүн? Анын кайсыл сапаттары ушуга себеп боло алат?

3. Алманбеттин Манаска тете баатыр экендигин тастыктаган саптарды жатка айта аласыңарбы?

4. Жогоруда силер айткан саптардан Алманбеттин Манаска келгендеги алгачкы көрүнүшү сүрөттөлдү. Мындан башка саптардан анын баатырдыгын сыпаттаган жерлерди көрөбүзбү? Жатка айткыла.

5. Эпосто баш каарман Манастын чоролору кимдер? Алардан Алманбет эмнеси менен айырмаланып турат?

6. Үйдөн «Алманбет баатырдын көркөм образы» деген темада чакан эссе жазып келгиле.

## 2.2. «Манас таануу» курсун XI класста окутуу боюнча уюштурулган эксперименттин методдору, ыкмалары жана ал аркылуу окуучунун предметтик компетенттүүлүгүн калыптандыруу

Мында биз эпосту сабактарда талдап жатып анын поэтикасын, тулпарлар сынын, баатырлар колдонгон курал-жарактардын көркөм сүрөттөлүшүн талдоо аркылуу окуучунун коммуникативдик: оозеки жана жазуу речин, башкача айтканда, анын речтик компетентүүлүгүн калыптандыруу максатын көздөйбүз.

Ырас, окумуштуу методисттер А. Муратов, К. Акматов жана С. Рысбаев окуучунун речтик ишмердүүлүгүн калыптандыруунун негизги каражаттары катары адабият сабактарында жазуу иштеринин ролу менен маанисин белгилешет. Алардын карманган педагогикалык, методикалык принциптерине таянып биз мында сабакта эпостун поэтикасын: турпарлар сынын сүрөттөлүшүн, баатырлар колдонгон курал-жарактардын сүрөттөлүшүн талдоо аркылуу окуучунун предметтик компетенциясын, ал аркылуу анын речь ишмердүүлүгүн калыптандыруу аракетин көрөлү.

«Манас таануу» курсундагы ондон ашуун сабактардын маанилүүлөрүнүн бири – эпостогу баатырлардын жоого минген аттары

(тулпарлар), кийим-кечеси жана курал-жарактарынын сүрөттөлүшүнө арналган сабактар. Бул программада эпостун поэтикасын өздөштүрүүгө да маани берет [121, 48-б.] деп сунуш кылынган. Мугалим мындан четтеп кете албайт. Экинчи жагынан, бул сабак окуучулардын оозеки жана жазуу речин калыптандыруу милдетин аткарганы менен баалуу. Окуучунун речтик, коммуникативдик компетенттүүлүгү да ушундай сабактарда калыптандырылат эмеспи. Төмөндө бир сабактын методикалык ишмелмесин талдап көрөлү.

**Сабактын темасы: «Манас» эпосунун поэтикасы: жоого минчү тулпар аттардын көрүнүшү**

Элибизде «Ат – адамдын канаты» деген накыл кеп бар. Илгертен атчан жоокерге чоң маани берилген, алар үчүн атынан ажыроо өлүмгө тете болгон. Буга элибиздин өткөндөгү тарыхынан, тактап айтканда, элдик оозеки чыгармачылыктан көптөгөн мисалдарды келтирсек болот. Маселен, «Курманбек» эпосунда Телтору атынан ажыраган Курманбек баатырдын иши жүрүшпөй, өмүрү тамам болгон кейиштүү тагдыры сүрөттөлөт. «Манас» үчилтигинин биринчи бөлүмүндөгү «Чоң чабуул» эпизодунда да Алмамбет менен Чубакты жараштырганы барган Манастын алмаштырып минчү аты Айбанбоз жүрбөй калган учурда, артта калган Бакай менен Сыргак Аккуланы алып келгенге чейин, ал үңкүргө жашынууга аргасыз болот. Качан гана аты алдына туура тартылганда, Манас өзүн кайрадан ишенимдүү сезип, кадимки баатырдык, балбандык мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

**Мугалим.** Эпосто Манастын минген аты Аккуланын сүрөттөлүшүн кимиңер жатка көркөмдөп айта аласыңар?

**Окуучу.** Улуу манасчы Саякбай Каралаевдин вариантында Манас баатырдын минген аты Аккула минтип сүрөттөлөт:

Чаткаягы Чаткалдай,
Жүрүп берсе чатына,
Жүктүү төө баткандай.

Куюшкандын кошконго,
Он бир карыш казанды,
Ойноп-күлүп аскандай,
Аккуланын таноосу.
Чабал-чубал адамдар,
Кийими менен баткандай [151].

**Мугалим.** Эпосто Аккула мынчалык чоң болуп сүрөттөлүп аткандан кийин, демек, аны минген Манас өзү да алп адам экени ачык көрүнүп турат. Албетте, мында айтуучунун апыртуусу да жок эмес. Чыныгы турмушта Аккула мынчалык көлөмдө болбосо да, ал-күчкө толуп турган алп Манас баатырды курал-жарагы, соот-тону менен чарчабай көтөрүп, ошончо жүк менен артынан кууган душмандан куткарган, качса жеткирбеген мүмкүнчүлүгүнүн болушу эле канчалык?..

**Мугалим.** Эми, балдар, Алмамбеттин минген аты Сараланын кантип сүрөттөлгөнүнө назар салалы. Кана, кимиңер аны сүрөттөй аласыңар?

**Окуучу.** Сарала эпосто минтип сүрөттөлүп жатат:

Кетмен туяк, кең соору,
Керишке минээр мал экен.
Чара туяк, коён жон,
Чабышка минээр мал экен...

**Мугалим.** Ал эми Коңурбайдын Алгарасычы?

**Окуучу.** Калчанын минген Кара аты,
Капталында канаты.
Айбандан бөлөк мал экен,
Алдадан ажал жетпесе,
Колу сынып кетпесе,
Качан болсо Калчаны
Куткара жүргөн адаты, - деп сүрөттөлөт.[151,48-б.]

**Мугалим.** Кытайлык жазгыч манасчы Жусуп Мамайдын варианты боюнча Коңурбайдын Алгарасы, Жолойдун Ачбууданы, Манастын Аккуласы үчөө бир тукумдан, Эсенкандын жылкысындагы Кула бээден туулган деп сүрөттөлөт. Демек, Аккулага бир теңдешсе, Ачбуудан менен мына ушул Алгара теңдеше алат. Ал эми Алгара Аккуладан капталындагы канаты менен айырмаланган артыкчылыкка да ээ.

Ошентип, кыргыз баатырларынын минген аттары качканды кууп жеткен ыкчамдыгы, тике качырганда жалтанбас өткүрлүгү, кыйын жолдо арыбас чыдамкайлыгы менен бааланса, калмак-кытай шерлеринин минген тулпарлары капталына канат бүткөн фантастикалуу касиет-сапатка ээ болуп, качса, жеткирбестиги менен айырмаланып турушу керек.

Эпостогу окуучуларга жоокерлердин курал-жарактардын сүрөттөлүшү тууралуу да маалымат берүү өз алдынча кеп кылууну талап кылат. Эпосто Манастын жоо жарагына да өзгөчө маани берилгет. Баатырга кылычтын курчу, бекеми, найзанын өткүрү, мылтыктын көзгө атар түзү, эң бир мыктысы гана ыйгарылат. Алардын ар биринин жасалышынын, баатырдын колуна тийишинин да өзүнчө тарыхы бар. Алысты, жуукту ылгабас Аккелтеден баштап, соот-тонун, жоо жарагын, болот туулгасын, Күрөөкө тонун, төшкө тартчу чарайнаны, өзүнө гана ылайык Айбалтасын, күрсү менен чокморун, Сырнайзасын, Ачалбарс кылычын, «коломсок саадагы толтура уу тилдүү жебесин, текенин мүйүзүнөн түпкүч болуп ийилер, сынбас жаасын, аны тартып турар жылан боор киричин, ал эмес ок өтпөс ат жабуусунан өйдө Бадахшандагы Дөөкер уста Бөлөкбай (айрым учурда төкөр уста Бөлөкбай деп да айтылат) жасап берет. Сыргактын айтылуу Жойкума кылычын да ушу Бөлөкбай жасаган. Жүк артына катылуу кылычты аялына алдырып, ал Бакайга карап мындай дейт: «Бу кылыч Жойкума, алп баатырга чакандык кылат, бирок бала баатырга куп жарашат. Койнуңа катсаң билинбейт, сууруп алып шилтесең, бет келгенин жойкуй чабат. Ушул кылыч сага берген белегим болсун, иним». Кылычты Сыргакка Бакай тапшырат.

Кийин Сыргак эр жеткени Жойкума шилтегенин кур кетирбей, калмак-кытайдын далай эрлеринин жүрөк үшүн алат.

**Мугалим.** Эпосто Манастын атактуу Аккелте мылтыгы кандайча сүрөттөлөрүн киминер жатка көркөм айтып бере аласыңар?

**Окуучу.** Ошол эле белгилүү манасчы Саякбай Каралаевдин вариантында Манас баатырдын мылтыгы минтип сүрөттөлөт:

Алыскы-жуук айныбас,
Ыраакы-жакын ылгабас.
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү ыспан.
Кароолу тажаал, огу ажал,
Бургулап ичин түздөгөн.
Аткан огу жөн учпай [151].

Ажалдуу жанды издеген-деген ыр саптары аркылуу берилген.

**Мугалим.** Балдар, эми буларды да эсиңерден чыгарбагыла: «Ойноп атса, очогор, далдап атса, замбирек» деген баага татыган Аккелте – чындыгында эле кереметтүү курал. Кичи казатта Алмамбет, Чубак, Сыргак баштаган башкы баатырлар курман болуп, баатырдын минген аты Аккула окко учуп, айласы кетип турганда, Ошпурда козу кайтарып жүргөн кезинде кырк чилтен тарабынан берилген касиеттүү окту Аккелтеге октоп, далдаалап туруп атканда, калмак-кытайдын Каражой уулу Кожожаш баштап катар тизилип отурган белдүү сегиз баатырынын башын алып түшөт.

**Мугалим.** Ал эми Сырнайзасы кантип сүрөттөлөөрүн киминер айта аласыңар?

**Окуучу.** Сайган жоого мылгыган,
Ар түрдүү адам болсо да,
Аттан жерге ыргыган.
Тартып алса чоюлган,
Жанчышкан адам союлган - деп сүрөттөлөт [151].

**Мугалим.** Абдан жакшы. Мен силерге мына буларды кошумча иретинде айтайын: Сырнайза абдан бекем, мыкты даярдалганы үчүн атадан балага өтүп, тажаал, кыйын жоо менен беттешүү зарылчылыгы туулганда, бычырап кетпей  ишке жарайт. Үчилтиктин «Сейтек» бөлүмүндө баатыр кыз Куялы Желмогуз уулу Сарыбайды так ушул Сырнайзанын учуна илип алып, жогору көтөрөт эмеспи. Мунун силер кийинки сабактарда өздөштүрөсүңөр. Эми кайрадан Манас баатырдын куралдарынын көркөм сүрөттөлүшүнө келели. Муну ким айтат?

**Окуучу.** Манастын Ачалбарс кылычы эпосто:

Ажыдаардын уусуна,
Үч ай таштап чылаган.
Тоого чапса таш кескен,
Шиберге койсо өрт кеткен.
Шилтегени мүрт кеткен, - деп айтылат [151].

**Мугалим.** Балдар, тарых сабагынан алган маалыматтарыңарга кайрылып көрөлү, силер да эстегилечи. Эпосто кыргыздардын байыркы тарыхынын жаңырыгы катылып жаткандай туюлат. VII – VIII кылымдардагы көк түрктөрдүн заманында Борбордук Азия боюнча эң курч мыкты кылычтар кыргыз элинде  жасалчу экен. Ал кездеги кыргыздын кылычы кадимки темирди, ташты кескени тууралуу аңыз кептер  азыркыга чейин айтылып келет. Демек,  эпосто баяндалгандай, Манас баатырдын «тоого чапса таш кескен, шиберге койсо өрт кеткен» Ачалбарс кылычы болгону чын окшойт. Муну Манас таануу илиминин бир катар окумуштуулары эчак далилдешкен.

Эми Манас баатырдын жоодо колдонгон найзасына келели, аны эпосто Манастын Аколпогу деп берилерин силер жакшы билесиңер. Мен өзүм беш-алты сап мисал келтирейин:

Найзанын учу тешпеген,
Наркескен мизи кеспеген.
Жылас болгон Аколпок,

Жылан боор кайыган.

Караган пенде таӊ калып,

Адамдын көзү тайыган - деп сүрөттөлөт [151].

Булардын карама-каршысында турган Коӊурбайдын курал-жарактары да жеке өзүнө таандык бөтөнчөлүктөрү менен айырмаланат. Мисалы, Коӊурбайдын найзасы:

Найзасынын темири,

Кулач карыш болоттон.

Жарды сайса эшкендей,

Каарданып бир койсо.

Кара ташты тешкендей,

Бөрү тил мизин чыгарган.

Заар менен сугарган,

Кармаган бенде кубанган,-деп берилет [151].

Коӊурбайдын найзасы бекемдиги, курчтугу жагынан Манастын Сырнайзасынан кем калышпайт. Бул эми мыйзам-ченемдүү көрүнүш болуш керек. Эгер Манастын артында кыргыздардын байыркы кен, темир иштетүү маданияты турса, Коӊурбайдын артында эзелки Чыгыш илиминин, цивилизациясынын нечен кылымдардан берки жетишкендиги, албан мүмкүнчүлүгү турат.

**Мугалим.** Кана, Коӊурбайдын Акжөкөр деген мылтыгынын эпосто кантип сүрөттөлөөрүн ким мисалдар менен айта алат?

**Окуучу.** Жогоруда сөз болгон Саякбайдын вариантында айтуучу өзгөчө баталдык окуяларга, согуш окуяларына басым жасайт эмеспи. Анын айтуусунда кыргыздын душманы Конурбайдын куралы (мылтыгы):

Ортосу болот, оозу албарс,

Бетке алганы соо калбас.

Ат чабым жерге ок учкан,

Атышкан жоосу жер кучкан.

Тарс дегенде доошу,

Жер көчүрүп, тоо бузган. - деп айтылат [151].

**Мулалим.** Ырас, бул Акжөкөр мылтык өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү боюнча Аккелтеден түк кем турбаган курал. Минтип айтуучу «бетке алганы соо калбайт», «ат чабым жерге ок учат», «тарс дегенде доошу, жер көчүрүп, тоо бузат». Манастын «ойноп атса очогор, чындап атса, замбирегинин» эле өзү. Эми Айбалтасын карайлы. Коңурбайдын Айбалтасы:

Уңгусу болот, учу курч,

Бетине уу жаптырган.

Ажыдаардын уусуна,

Алтымыш бөлүп сугарган,-деп сүрөттөлөт [151]. Көрүнүп тургандай, Коңурбайдын Айбалтасы да – теңдеши жок мыкты курал. Минтип Коңурбайдын Манастыкына тете курал-жаракка ээ болушу, бир чети – туура. Калмак-кытай сыяктуу түптүү элдин башкы баатыры, башкы аскер башчысынын курал-жарагы  начар болмок беле? Кокус куралы начар болсо, кантип башкы душманы Манаска каршы тура алмак?.. Башкы душманына тете тулпар ат, курал-жабдык күтүп, Коңурбай Манасты алып түшсөм дегенде эки көзү төрт. Бирок жалтак, жалакай мүнөзүнөн улам ал кээде баатырдык мүмкүнчүлүгү өзүнөн төмөн кыргыз баатырлары менен да бетме-бет, түз беттешүүдөн жалтайлап качат.

Мындай сүрөттөөлөр  түрдүүчө согуштук жагдайларга байланыштуу бир аз өзгөрүлүп, алымчаланып, кошумчаланып,  минген тулпарларындай эле, тутунган курал-жарактарынын, соот-тондорунун сүрөттөлүштөрү да эпостогу кейипкерлердин баатырдык, балбандык дараметинен, оң же терс сапатынан,  кандай адам экенинен  кабар берип,  алардын образдарын ар тараптуу толуктап турат.  Демек, тулпарлардын сынын, курал-жарактардын сүрөттөлүшүн билүүнүн, чечмелөөнүн эпикалык баатырдын кулк-мүнөзүн ачуудагы ролу чоң экени да анык.

Ошентип, мугалим бул сабагын суроо-жооп иретинде жүргүздү. Мында ал ар бир окуучунун жеке даярдыгына тынымсыз көңүл буруп, алардын берген жоопторун улам толуктап олтурду.

Окуучулар мугалимдин берген суроолоруна жооп издеп жатып, сабакта тынымсыз проблемалык кырдаал түзүлүп отурду. Аларды чечүүнүн жолдорун мугалимдин көмөгү менен балдар өздөрү таап отурганына күбө болдук. Мугалимдин суроолоруна берилген жооптор ар бир окуучунун оозеки речинин калыптанып отурушуна өбөлгө болгонун тануу кыйын.

## 2.3. Педагогикалык экспериментти уюштуруу, жүрүшү жана жыйынтыктары

**Эксперименттин максаты жана милдеттери.** Эксперименталдык-тажрыйбалык иштер – педагогикалык изилдөө иштерин жүргүзүүнүн методдорунун бири катары практикада кеңири жайылган көрүнүш. Ал адамдардын ишмердүүлүгүндөгү аракеттерди, кубулуштарды жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү, илим изилдөө иштеринин жыйынтыктарын, айрым бир божомолдорду текшерүү үчүн колдонулуп, жыйынтыгында, практикага бирдиктүү бир системадагы ойлорду, тыянактарды сунуш кылат. М.Н.Скаткиндин түшүнүгүндө ал педагогикалык кубулуш катары таанып-билүүнүн методу болсо, дагы бир окумуштуу Ю.З.Кушнердин пикиринде, «Практикада буга чейин кеңири колонулуп келген жоболорду түбүнөн өзгөртүү максатында изилдөөчү-экспериментатордун ошол ишке түздөн-түз кийлигишүүсү. Демек, педагогикалык эксперимент – педагогикада иштелип чыккан жаңы билим, билгичтик, көндүм-адаттарды, компетенцияларды, гипотезаларды, илимий ачылыштарды текшерип алууга негизделген педагогикалык процесс.

Кыргыз Республикасынын түштүк регионундагы жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин XI класстарында «Манас таануу» курсунун материалдарын компетенцияларга негиздеп натыйжалуу окутууда

сабактардын формаларын, методдорун жана каражаттарын аныктоо, тандоо боюнча уюштурулган эксперименталдык-тажрыйбалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары диссертациялык изилдөө иштерине адеп киришип жаткан мезгилде аныкталган жумушчу божомолдун (гипотеза) тууралыгын тастыктады.

Илимдин башка тармактары сыяктуу эле, жалпы билим берүүчү орто мектептерде, лицейлер менен гимназияларда, кесиптик билим берүү мекемелеринде жана жогорку окуу жайларында тигил же бул предметти окутуунун методикасы (технологиялары) да – тынымсыз өсүп-өнүгүп турган динамикалуу процесс. Илимдин ар кайсы тармагы өзүнүн алкагындагы изилдөөлөрдө фактыларга таянат. Белгилүү физиолог академик И. П. Павлов, профессор М .Н. Скаткин менен кыргыз окумуштуулары И. Бекбоев менен Э. Мамбетакунов эмгектеринде муну далилдешти, булардын түшүнүгүндө, факт тигил же бул маселеде эксперименттик-тажрыйба иштерин жүргүзүп жаткан изденүүчү же окумуштуу үчүн жетекчиликке алынуучу негизги көрсөткүч. Биздин шартыбызда, мектепте көркөм чыгармаларды окутуунун технологияларын изилдеген илим өз тармагы боюнча алдыңкы тажрыйбага жана практикага таянат. Мында окуу процесси менен алдыңкы мугалимдердин тажрыйбалары негизги мааниге ээ. Бирок мугалимдердин тажрыйбалары ошол турушунда илимий-педагогикалык жактан негизделбесе мунун натыйжалары болбойт. Алар качан гана ар тараптан изилденип, талкууланып турмуш сыноосунан өткөндө гана илимге айланып, практикада колдонууга сунуш кылынат. Педагогиканын илгертен бери келе жаткан дидактика тармагындагы жаңылыктардын, жетишкендиктердин баары мына ушундай болгон. Демек, методикада изилдөө ишин жүзөгө ашыруунун бирден бир жолу – педагогикалык эксперимент. Ал аркылуу изилдөөчү тарабынан иштелип чыккан технологиялар: методдордун, жоболордун жана сунуштардын ынанымдуулугу, ишенимдүүлүгү жана тууралыгы кийин окуу

процессинде текшерилип, алгылыктуулары мектеп практикасына сунуш кылынат. [50,133, 208, ]

Орто мектептин XI классында «Манас таануу» курсун окутуунун технологияларын иштеп чыгууну максат кылган бул изилдөөбүздүн алкагында эксперименталдык-тажрыйбалык иштерин жүргүзүп жатып, биз педагогикалык методдордун төмөнкү принциптерин жетекчиликке алдык:

1.Кыргыз адабиятын окутуу методикасы боюнча адистердин, методист-окумуштуулардын, мектеп мугалимдеринин жана бүтүрүүчү класстардын окуучуларынын пикирлерин угуп, анкеталык сурамжылоо иштерин жүргүздүк. Анткени соңку мезгилдердеги социалдык шарттар мектепте окутуунун жана тарбиялоонун жаңы талаптары менен багыттарын аныктады, окутуунун бүтүндөй мазмуну модернизацияланды, педагогикалык таасирдин формалары менен каражаттары өзгөрдү.

2.Педагогикалык процесс жүргөн социалдык конкреттүү мезгил менен мейкиндик (мектеп), андагы педагогикалык жана социалдык шарттар эске алынды.

3.Педагогикалык кубулуштурдан жана фактылардын бири экинчиси менен болгон өзгөчөлүктөрүнүн жана аларды бириктирип турган жалпылыктардын диалектикалык биримдиги ишке ашырылды. Ар бир мугалимдин, окуучунун инсандык жеке өзгөчөлүктөрү, эмоционалдык жана физиологиялык жөндөмдүүлүктөрү, мүнөзү менен интеллектуалдык өнүгүүсү эске алынып, эксперименттин тапшырмалары улам өзгөртүлүп, толукталып же редакцияланып олтурду.

4.Окутуунун технологияларындагы ынанымдуу метод катары инсандын өнүгүүсүнүн процессин кыймылга келтирүүчү күч катары, анын өнүгүүсүнүн булагы катары анын өзүн-өзү аракетке келтирүүсү, Ушинскийдин сөзү менен айтканда, «өзүн-өзү кыймылга келтирип, өнүктүрүүсү» жетекчиликке алынды.

Эксперименттин ***максаты*** – мектептин XI класстарында «Манас таануу» курсун окутуунун компетентүүлүктүн негизинде өздөштүрүүнүн мазмунун оптималдаштыруу, натыйжалуулугун арттыруу жолдорун практикада текшерип көрүү.

Эксперименттин ***милдеттери:***

▪ мектептин бүтүрүүчү класстарында «Манас таануу» курсун өздөштүрүү процессинин учурдагы абалын, байкалган проблемаларды аныктоо иштери;

▪ эксперименталдык-тажрыйбалык иштер жүргүзүлүп жаткан мектеп мугалимдерине мамлекеттик жана предметтик стандарттар, программалар, окуу китептери тууралуу, алардын өзгөчөлүктөрү тууралуу тааныштыруу, алар менен сурамжылоо иштерин жүргүзүү;

▪ мектептин бүтүрүүчү класстарында «Манас таануу» курсун өздөштүрүүнүн эксперименттик жана контролдук класстардагы абалын аныктоо жана бул предметтин компетенттүүлүккө негизделген мазмунун сынап көрүү;

▪ жүргүзүлгөн эксперименттин натыйжаларын текшерүү, аларды жалпылаштыруу жана зарыл жыйынтыктарды чыгаруу иштери.

**Эксперименталдык-тажрыйбалык изилдөө иштерибиз** *үч этап менен жүргүзүлдү, алар:* ***2017-2018-окуу жылдары эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабы; 2018-2019-окуу жылдары аныктоочу этап; 2019-2021-окуу жылдары жыйынтыктоочу этаптары*** *жүргүзүлдү.* Ар бир этапты коштоп жүрүп олтурган эксперименталдык-тажрыйбалык иштердин алдында турган максаты, милдеттери, изилдөө методдору жана күтүлүүчү натыйжалары белгиленип, баяндалды. Алар боюнча бир нече таблицаларда көрсөтүлдү. Белгиленген максат, милдеттер бүгүнкү күндөгү заманбап талаптарга жооп берген предметтик сабактардын формасын, жүрүшүн эске алуу менен түзүлдү. Эксперименттин жүрүшүндө экиден класс (эксперименттик класстар жана контролдук класстар) тандалып

алынды: Сынак иштеринин процессинде булардын ар биринде окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрү, жөндөмү, проблемага чыгармачылык менен мамиле жасаганы эске алынып, ага ылайыктуу дифференцияланган тапшырмалар түзүлдү.

XI класстын мектеп окуучусунун «Манас таануу» курсунун окуу материалдарын компетенттүүлүктүн негизинде өздөштүрүү процессинде анын креативдүү (чыгармачылык) мамилесин, өз алдынча ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу иштерине арналган кыргыз адабияты сабактарынын республиканын түштүк аймагындагы бир катар мектептери менен эксперименталдык-тажрыйба иштерин жүргүзүү үчүн тандалган мектептердеги маселенин практикадагы абалын, окшоштуктарын жана айырмачылыктарын байкап, алардын ортосундагы жалпылыктарды айкындап, эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабында аткарылуучу иш-чараларды аныктап, иш процессинде бизге керектүү натыйжаларга багыт алып, айрым маселелерди чечүүгө жетишкен соң төмөнкүдөй *таблица* түздүк.

***№ 1 таблица***

| | | |
|---|---|---|
| ***Эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабы*** | ***Максаты:*** | Мектептин XI класстарында «Манас таануу» курсун компетентүүлүктүн негизинде өздөштүрүүнүн мазмунун оптималдаштыруу, натыйжалуулугун арттыруу жолдорун алдын ала аныктап, эксперименттин кийинки этаптарында аткарыла турган иш-чараларды белгилеп алуу. |
| | | 1.Эксперименттик иштерди жүргүзүүнүн педагогикалык негизин аныктоо, аны жүргүзүүнүн жолдорун, |

| | | |
|---|---|---|
| | ***Милдеттери:*** | максаттарын, милдеттерин, формаларын жана каражаттарын тактоо.<br>2. «Манас таануу» курсун өздөштүрүү процессинин учурдагы абалын үйрөнүү, байкалган проблемаларды аныктоо |
| | ***Изилдөө методдору:*** | 1. Эмпирикалык байкоо жүргүзүү;<br>2. Эмгектерди, тажрыйбаларды үйрөнүү, изилдөө, талдоо;<br>3.Тиешелүү маалыматтарды жыйноо, иликтөө;<br>4. Окуучулардын предметтик сабактарга катышуусу, жетишүүсү. |
| | ***Күтүлүүчү натыйжалар:*** | 1. XI класстагы мектеп окуучусунун «Манас таануу» курсу боюнча продуктивдүү, репродуктивдүү жана креативдүү (чыгармачылык) жөндөмдүүлүгүн салттуу жана инновациялык сабактарда калыптандыруу жана өркүндөтүү боюнча окутуп-тарбиялоонун теориялык, практикалык маселелеринин бүгүнкү абалы аныкталды.<br>2. Мектептердеги алдыңкы тажрыйбалар үйрөнүлдү, талданды.<br>3. «Манас таануу» курсу боюнча салттуу жана инновациялык сабактарды уюштурууга карата мугалимдердин адабий-теориялык суроо-талаптары, |

| | | |
|---|---|---|
| | | муктаждыктары такталды. |

Эксперименттин эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабындагы негизги максат – мектептин XI класстарында «Манас таануу» курсун компетентүүлүктүн негизинде өздөштүрүүнүн мазмунун оптималдаштыруу, натыйжалуулугун арттыруу жолдорун алдын ала аныктап, эксперименттин кийинки этаптарында аткарыла турган иш-чараларды белгилеп алуу.

XI класска сабак берген адабият мугалимдеринин «Манас таануу» курсу аркылуу мектеп окуучуларынын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга карата билимдери менен даярдыгынын жарамдуулугу, кесиптик даярдыктары жана аны окуучуларга жеткирүүнүн дидактикалык концепцияларды түзгөндүгүн билүүгө арналган болчу.

Ал эми эксперименттин аныктоочу этабынын негизги максаты окуучулардын «Манас таануу» курсун өздөштүрүүдө чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу учур талабына жооп берген предметтик сабактардын теориялык негиздерин аныктоого багытталган. Мында проблеманы айкындоо үчүн экспериментти жүргүзүү иштеринде кеңири колдонулуп келген мугалимдер менен да, окуучулар менен да аңгемелешүү методу жана аныктоочу эксперименттери пайдаланылды.

Аңгемелешүү процессине биз эксперимент жүргүзгөн мектептерден тышкары Кыргызстандагы башка орто мектептердин мугалимдери, окуучулары да катышты. Жүргүзүлгөн эксперименттик иштердин натыйжасында мектеп мугалимдеринин «Манас таануу» курсу боюнча мектеп окуучусунун чыгармачылыгын калыптандырууга арналган сабактарда колдонгон методдору, дидактикалык концепциялары, педагогикалык принциптери, билим берүүдө жана тарбиялоодо маанилүү деп эсептелинген көз караштары, натыйжалуу сабактарды өткөрүүгө жарамдуу болгон методикалар, ык-усулдарын пайдаланууга тоскоол болгон көрүнүштөр айкындалды.

2017-2018-окуу жылдарынын аралыгында аткарылган педагогикалык байкоо жана аңгемелешүү иштери Кыргызстандын түштүк аймагынын ар кандай райондорунда жайгашкан мектептердин окуучуларынын «Манас таануу» курсу боюнча продуктивдүү, репродуктивдүү жана креативдүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн аныктоого мүмкүнчүлүк түздү. Эксперименттин учурунда пайдаланылган эмпирикалык байкоо жүргүзүү, изилдөө, аңгемелешүү, анкета алуу, адабият сабактарына катышуу сыяктуу бир катар педагогикалык методдор мугалимдердин «Манас таануу» курсу боюнча окуучуларынын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу ишинде педагогикалык зарыл маалыматтарды берүүгө кантип даярдана тургандыгын, алардын теориялык деңгээлдерин да аныктоого мүмкүнчүлүк түздү.

Эксперименттин алгачкы этабында алынган жоопторду, маалыматтарды тактоо, жалпылаштыруу жана бул багытта анализдөө иштери биздин диссертациялык изилдөө ишибиз үчүн төмөнкүдөй тыянак чыгарууга негиз болуп берди: Эмпирикалык байкоо жүргүзүү жана изилдөө иштерине Ош шаарынын эки мектеби, Ноокат, Кара-Суу, Жалал-Абад, Кадамжай мектебинен бирден мектептин мугалимдери, жалпы болуп 6 педагог (адабиятчы мугалимдери) катышты. Ал эми экспериментке катышкан окуучулардын саны – 200дөн ашык.

Изилдөөгө ар түрдүү багыттагы орто билим берүүчү мектептер тартылганын, анда мугалимдер менен бирдикте окуучулар катышкандыгын эсепке алсак, изилдөө объектиси жалпы республикабыздын түштүк аймагын камтыды.

Ал эми диссертациялык изилдөө ишибиздин алкагында жүргүзүлгөн эксперименталдык-тажрыйбалык иштеринин жыйынтыктоочу этабында (2019-2021-окуу жылдарда аткарылган иштер) мектептин он биринчи класстарындагы «Манас таануу» курсу боюнча салтка айланган жана инновациялык сабактардын жаңы интерактивдүү формаларын, методдорун

так аныктоонун теориялык да, практикалык да мааниси зор экендигине толук ынандык.

Республиканын түштүк аймагындагы жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин он биринчи класстарында «Манас таануу» курсу боюнча окуучулардын оболу продуктивдүү, репродуктивдүү жана креативдүү чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча жүргүзүлгөн жумуштардын аткарылышында айрым өзгөчөлүктөрдүн болгонун жана аларды баалай билүү керектиги аныкталды, алар тууралуу диссертациянын тийиштүү параграфтарында же зарыл жерлеринде айтылды. Эксперименттин жыйынтыктоочу этабында аткарылган иштерди таблица түрүндө берүү зарылчылыгы келип чыккандыктан, аны түздүк, болжол менен төмөнкүдөй абалда чагылдырылды (№ 2 таблицаны караңыз)

***№ 2 таблица***

| | | |
|---|---|---|
| **Жыйынтыктоо этабы** | ***Максаты:*** | 1. Мектептин бүтүрүүчү класстарында «Манас таануу» курсун натыйжалуу өздөштүрүүнүн эксперименттик жана контролдук класстардагы абалын аныктоо жана бул предметтин компетенттүүлүккө негизделген мазмунун сынап көрүү;<br>2. Жүргүзүлгөн эксперименттин натыйжаларын текшерүү, аларды жалпылаштыруу жана зарыл жыйынтыктарды чыгаруу. |
| | | 1.Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча баяндамаларды жасоо, конференцияларга катышуу;<br>2.Изилдөөгө байланышкан макалаларды |

| | | |
|---|---|---|
| | ***Милдети:*** | жарыялоо;<br>3. «Манас таануу» курсун өздөштүрүү боюнча салттык жана инновациялык сабактардын үлгүлөрүн түзүү жана мугалимдерге сунушт кылуу;<br>4. Интерактивдүү окутуунун оптималдуу жолдорун, формаларын иштеп чыгуу; ж. б. |
| | ***Изилдөөнүн методдору:*** | 1.Кыргыз адабиятынын программасына жана окуу китептерине карата анализдөө иштери;<br>2. «Манас таануу» сабактарына карата талдоо иштерин жүргүзүү;<br>3. Натыйжалуу сабактардын заманбап моделдерин түзүү, толуктоолорду киргизүү, өркүндөтүү;<br>4.Өтүлгөн сабактарды талдоо, толуктоо; ж. б. |
| | ***Күтүлүүчү натыйжалар:*** | 1.«Манас таануу» сабактарын өздөштүргөн окуучунун креативдүү ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын калыптандыруу боюнча заманбап окутуунун натыйжалуу методикасы такталды;<br>2.Креативдүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктү калыптандыруу боюнча натыйжалуу адабий билим берүүнүн дидактикалык, принциптери толукталды;<br>3.«Манас таануу» курсун өздөштүргөн окуучунун креативдүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык, илимий-методикалык жана дидактикалык талаптарына ылайык окутуунун жана тарбиялоонун активдүү формалары жана методдору иштелип чыкты; |

| | | |
|---|---|---|
| | | 4.Мектептин бүтүрүүчү класс окуучусунун өз алдынча ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын калыптандыруу, өнүктүрүү боюнча аткарыла турган жумуштарга карата педагогикалык, илимий-методикалык жана дидактикалык сунуштар берилди; ж. б. |

Эксперименттин жыйынтыктоочу этабында республиканын түштүк регионундагы жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин окуу-тарбия процессинин жүрүшүндө биз сунуштаган методдор, формалар, ык-амалдар жана каражаттар менен катар параллель класстарда (топтордо) окутуунун жана тарбиялоонун салттуу ык-формаларында берилген текшерүү сабактары да өтүлдү. Негизинен, эксперименттик жана текшерүү класстарына 200дөн ашык окуучу катышып, алардын продуктивдүү, репродуктивдүү жана креативдүү чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү, өз алдынча ой жүгүртүү боюнча билими, билгичтиктери жана көндүмдөрү (компетенциялары) мугалимдер тарабынан да экспериментатор тарабынан да дыкат текшерилди. Натыйжада, теориялык жана практикалык жактан жакшы куралданган, педагогикалык, дидактикалык метод, ыкмаларда иш алып барылган эксперименттик класстарда (топтордо) текшерүү класстагы окуучуларга салыштырмалуу жалпы көрсөткүчтөр кыйла жогору болду.

Мектептин кыргыз адабияты сабактарынын алкагында «Манас таануу» курсу боюнча он биринчи класс окуучуларынын предметтик компетенттүүлүгүн, же алардын адабий-чыгармачылык (креативдүү) жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу иштерине киришүүдөн мурда республикабыздын түштүк аймагындагы орто мектептерде аталган маселе боюнча предметтик сабактардын кандай багытта жүрүшүн аныктоо максатында изилдөө жана байкоо жүргүзүү жумуштарын алып бардык.

Анткени педагогика илиминде эксперименттик иш-чаралар изилдөөгө алынган иштин илимий божомолунун канчалык туура экендигин, ага кандай кошумчалар киргизүүгө боло тургандыгын аныктоого мүмкүндүк түзгөт. Алгач жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринде салтка айланган предметтик сабактарда бүтүрүүчүлөрдүн компетентүүлүгүн калыптандыруу аркылуу окутуп-тарбиялоонун жетишилип жаткан ийгиликтерин билүү максатында эксперименттин эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабы 2017-2018-окуу жылдардын аралыгында ишке ашырылды. Мында педагогикалык экспериментти так жана натыйжалуу аткаруу, натыйжага ийгиликтүү жетүү үчүн анын ***эмпирикалык байкоо жүргүзүү этабына*** төмөнкүдөй дидактикалык талаптар коюлду:

- темага байланышкан эксперименттик иштерде аткарууга тийиш болгон изилдөө объектиси, предмети жана максаты боюнча илимий-педагогикалык теориялык жана дидактикалык ойлорду практикага жакындаштыруу, б. а., изилдөө ишине таандык практикалык маселелер менен толук тааныш болуу;
- байкоо жүргүзүү аркылуу белгилүү бир тажрыйбага жана ал боюнча эксперименттик иштерде аткарылуучу жумуштардын мазмунун тактоо;
- аныктоо максатынан келип чыккан натыйжаларга таянып, жүргүзүлүүчү эксперименттин түрүн (кийинки этаптарда кандай иштер аткарыла тургандыгын) жана ага ылайык максат-милдетин иштеп чыгуу;
- текшерүүчү жана эксперименттик топторду тактоо жана аларга бардык жагынан бирдей шарттар түзүлүшүнө кам көрүү;
- эксперименттик-тажрыйбалык иштердин туура аткарылышы үчүн

«Манас таануу» курсу боюнча суроолорду жана тапшырмаларды иштеп чыгуу.

Эксперименталдык тажрыйба иштеринин алгачкы этабында төмөнкүдөй суроолор менен тапшырмалар түзүлдү:

**Суроолор:**

1. «Манас» эпосунун кыргыздын улуттук руханий, маданий турмушундагы ролу жана орду тууралуу эмнелерди айта аласыңар?

2. Эпос оозеки формада алгачкы жолу кандай социалдык шартта жаралган?

3. Эпостун энциклопедиялуулук маңызы эмнелер менен түшүндүрүлөт?

4. «Манас» училтиги же анын айрым үзүндүлөрү ырааттуу түрдө качан жыйнала баштаган?

5. Кыргызда ким деген манасчыларды билесиңер? Алардын варианттары менен таанышсыңарбы?

6. Кытайлык манасчылардын эпосту айтуу өзгөчөлүктөрү эмнеде?

7. «Манас» эпосунун жарыяланышы тууралуу эмнелерди билдиңер?

8. Эпосту илимий жактан изилдөөгө кимдер өзгөчө салым кошушкан? Ал окумуштуулардын бирин экинчисинен болгон өзгөчөлүктөрүн белгилей аласыңарбы?

9. Кыргыз Манас таануу илимин түптөгөндөр кимдер жана алардын кандай эмгектери бар?

10. Силер «Манас» эпосунан кандай руханий, адеп-ахлактык сабак алдыңар?

11. Бул улуу дастан кыргыз улуту үчүн эмнеси менен өзгөчө баалуу?

12. Манасчылык өнөр, манасчылардын мектеби тууралуу эмнелерди айта аласыңар?

13. Эпостун көркөм каражаттары, тилинин өзгөчөлүктөрү тууралуу эмнелерди айта аласыңар?

**Тапшырмалар:**

14. «Эпостун руханий, адеп-ахлактык сабактары» деген темада сочинение жазгыла.

15. «Манас» эпосунун эл арасынан жыйналышы, китеп түрүндө жарыяланышы» деген темада окурмандар конференциясына билдирүү даярдагыла.

16. «Эпостун изилдениши, манасчылар, манасчылык өнөр» деген темада реферат жазгыла.

17. Сегизинчи класста өздөштүргөн материалдарды эсиңерге түшүрүп, эпостун сюжеттик өзөк окуяларын оозеки айтып бергиле.

18. Эпостогу баш каармандардын образдарына карата өзүңөрдүн ойлоруңарды оозеки билдиргиле.

19. Эпостун негизги идеясын, андагы моралдык-этикалык, руханий адеп -ахлактык маселелер тууралуу ойлоруңарды кенен билдиргиле.

20. Манасчылардын эпосту айтуудагы көркөм чеберчилиги, туруктуу сөз айкаштарынын пайдаланылышы жана тилдик каражаттары боюнча эркин темада сочинение жазгыла.

21. Эпосто кезиккен макалдар менен ылакаптар туралуу кеңири пландагы реферет же баяндама жасагыла.

Окуучуларга берилген мындай суроолор менен тапшырмалардан улам алардын ээ болгон компетентүүлүктөрүнүн деңгээлин аныктоо иштери жүргүзүлдү, жыйынтыктары төмөндө бир нече таблицаларда чагылдырылды.

Эксперименталдык иштер республиканын түштүгүндө жайгашкан бир катар мектептеринде, атап айтканда, Ош шаарынын Самидин Алымкулов атындагы № 33 мектеп, № 42 Керме-Тоо мектеп-гимназиясы, Ноокат районунун Бегалы Абдиев атындагы орто мектеп, Жалал-Абад облусунун Сузак районуна караштуу №7 Жусуп Турусбеков атындагы орто мектеп, Баткен областынын Кадамжай районундагы №8 Максим Горький атындагы орто мектеп, Кара-Суу районунун №130 Шабы Жумаев атындагы орто мектептердин кыргыз адабияты мугалимдеринин катышуусунда өткөрүлдү.

Эксперименттин алгачкы, биринчи этабында, аталган мектептердин мугалимдери менен «Манас таануу» курсунун окутулушундагы проблемалар тууралуу анкеталык сурамжылоо иштери жүргүзүлдү. Анкеталар болжол менен төмөнкүдөй суроолордун айланасында түзүлгөн:

***Анкета № 1.*** Сиздин мугалимдик практикаңызда азыркы учурда бүтүрүүчү класстарда «Манас таануу» курсун окутууда кандай проблемалар жаралды? Эгерде алар бар болсо, санап берсеңиз.

***Анкета № 2.*** «Манас таануу» курсунун окуу материалдарын өздөштүрүүдө окуучунун алдында кайсыл кыйынчылыктар жаралды?

***Анкета № 3***. Сиз учурда пайдаланып жаткан окуу китебинде берилген материалдар канчалык деңгээлде жөнөкөй же татаал? Буларды далилдүү фактылар менен айта аласызбы?

***Анкета № 4.*** Окуу китебиндеги материалдар программага дал келеби?

***Анкета № 5***. Он биринчи класстын «Кыргыз адабияты» окуу китебинин «Манас таануу» боюнча сунуш кылган материалдары ага каралган сааттарда өздөштүрүүгө болобу? Буга каралган сааттар азбы, көппү же жетиштүүбү?

Анкеталык суроолорго алынган жоопторду жалпылаштырылып келгенде, болжол менен булар айтылды:

1. «Манас таануу» курсу боюнча окуу китебинде сунуш кылынган материалдар окуучунун бүтүрүүчү класс болгонуна карабай татаал жазылган, стили татаал, азыркы окуучу муну кыйналып түшүнөт.

2. Окуу китебиндеги материалдар жыш, фактылар өздөштүрүп алуу үчүн өтө көп сунуш кылынган. Балким, ашыкча маалыматтар да көптүк кылат.

3. Эгерде авторлор окуу китебине маалыматтарын сыгып, кыскартып сунуш кылышса, буга каралган сааттарда өздөштүрүүгө болот.

Эксперименталдык-тажрыйбалык иштердин суроолорун менен тапшырмаларын түзүүдө, класстардагы буга тиешеси болгон ар кандай башка иш-чараларга карата мамиле компетенттүүлүктүн үч деңгээлине ылайык жүргүзүлдү, алар *репродуктивдүү, продуктивдүү* жана *креативдүү*

*(чыгармачылык)* суроо, тапшырмалар болду. Булар, албетте, адабият предметинин окурмандык, баалуулук-дүйнө таанымдык жана адабий-чыгармачылык компетенттүүлүктүн алкагында түзүлдү.

***Мектептеги «Манас таануу» курсу боюнча № 1, 2, 3-суроолорго окуучунун берген жоопторунун көрсөткүчү (эксперименттин аныктоочу этабы):***

**№ 3 таблица**

| Мектептер | Класстар | Берилген суроолорго канааттандырарлык жооптор | | |
|---|---|---|---|---|
| | | окуучулардын саны | канааттан-дырарлык | % менен көрсөткүчү |
| Ош шаары С.Алымкулов ат. №33 орто мектеп | 11-кл. (эксперим.) | 14 | 8 | 57 |
| Ош шаары №42 Керме-Тоо мектеп гимназия | 11«б» (байкоочу) | 20 | 13 | 65 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 11«а» (эксперим.) | 21 | 11 | 52 |
| | 11«б» (байкоочу) | 20 | 10 | 50 |
| Бардыгы: | төрт класс | 75 | 42 | 56 |

***Мектептеги «Манас таануу» курсу боюнча № 4, 5, 6-суроолорго окуучунун берген жоопторунун көрсөткүчү (эксперименттин аныктоочу этабы):***

**№ 4 таблица**

| Мектептер | Класстар | Берилген суроолорго канааттан-дырарлык жooптор | | |
|---|---|---|---|---|
| | | окуучулардын саны | канааттан-дырарлык | % менен көрсөткүчү |
| Ноокат району Б.Абдиев ат. мектеп | 11«а» (эксперим.) | 21 | 14 | 67 |
| Сузак району Ж. Турусбеков ат. мектеп | 11 «а» (байкоочу) | 20 | 11 | 55 |
| Баткен областынын, Кадамжай районундагы М.Горкий ат.мектеп | 11«а» (байкоочу) | 11 | 7 | 64 |
| | 11 «б» (эксперим.) | 13 | 9 | 69 |
| Бардыгы: | төрт класс | 65 | 41 | 63 |

Эксперимент жүргүзүлгөн класстардагы окуучулардын сабактардан кийин ээ болгон билим, билгичтиктери, компетенциялары эмпирикалык байкоо жүргүзүү мезгилине салыштырмалуу бир аз жогору болуп, орто эсепте **61%** ды түздү; ал эми байкоочу класстарда орто эсепте **57%.** Орто мектептин бүтүрүүчү класстарында мындан эки-үч окуу жылы мурда өздөштүргөн «Манас» үчилтигинин окуу материалдарын эске түшүрүү, эпостун сюжетинен башка адабий-теориялык маалыматтарды унутуп коюшканы, айрыкча, манасчылардын айтуучулук өзгөчөлүктөрү, эпостун варианттары тууралуу маалыматтардын жокко эсе экендиги дайын болду. «Манас» эпосу мектептеги адабий билим берүү процессинде элдик оозеки чыгармачылыктын мыкты үлгүсү катары алгачкы жолу V класста эле чакан

үзүндү катары, кийин VII класста үзүндүлөрү өздөштүрүлөт, ал билимдер менен билгичтиктер, тагыраак айтканда, эпостун үч бөлүмү («Манас», «Семетей», «Сейтек») боюнча теориялык кенен маалыматтар VIII класста тереңдетилип, өздөштүрүлүшү зарыл. Ушундай шартта гана улуттун руху болгон бул уникалдуу чыгарманы компетенттүүлүктүн негизинде системалуу өздөштүрүү, анан келип XI класска келгенде толук кандуу өздөштүрүп алуу маселеси системалаштырылып, окуучулардын терең билими, билгичтиктери менен көндүм-адаттары жана  креативдүү (чыгармачылык) машыгуулары калыптанат.

***Мектептеги «Манас таануу» курсу боюнча окуучуларга берилген тапшырмалардын канааттандырарлык абалда аткарылганынын көрсөткүчү:***

***№ 5 таблица***

| Мектептер жана класстар | Тапшырманы аткаруунун жыйынтыктары | | | |
|---|---|---|---|---|
| | экспериментке чейин | | эксперименттен кийин | |
| | окуучулар-дын саны | канааттан-дырарлык | окуучулардын саны | канаттандырар-лык жооп |
| Ош шаары С.Алымкулов ат. №33 орто мектеп | 14 | 8 | 16 | 10 |
| № 42 Керме-Тоо мектеп-гимназиясы | 20 | 13 | 22 | 14 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 21 | 11 | 19 | 11 |
| | 20 | 10 | 23 | 12 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ноокат району Б.Абдиев мектеби | 21 | 14 | 23 | 16 |
| Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Ж.Турусбеков ат. мектеп | 20 | 11 | 22 | 12 |
| Баткен областынын Кадамжай районундагы М.Горький ат. орто мектеп | 11 | 7 | 14 | 10 |
| | 13 | 9 | 16 | 12 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, эксперимент коюлган класстардагы он биринчи класстын окуучуларынын темаларды өздөштүрүүсү, ээ болгон компетенттүүлүктөрү бир кыйла дурус болуп, мурдагы орто эсеп менен берилген тапшырмалардын канааттандырарлык деңгээлде аткарылышы, тактап айтканда, экспериментке чейин **59%** дан, эксперименттен кийин **62%** га өскөндүгү байкалды. Ошентип, эксперименттик жумуштар толук аяктаган окуу жылында берилген тапшырмаларга алынган канааттандырарлык эмес жооптор **1,08** эсеге азайды. Мындан улам төмөнкүдөй тыянакка келүүгө болот: XI класстарда «Манас таануу» курсу боюнча ар бир сабакта окуучулардын VIII класста өздөштүргөн материалдарын улам эске салып отуруп, сабактарды салтуу жана салтка айланбаган ар кандай интерактивдүү технологияларды колдонуп уюштуруу аркылуу окуучулардын предметтик компетенцияларын калыптандыруу ишинде каалаган ийгиликтерге жетишүүгө болот. Демек, биздин илимий божомолубуздун теориялары практикада тастыкталды, өзүн актады.

Бирок ошол эле мезгилде эксперименталдык тажрыйба иштеринде байкалган одоно бир проблема бар экен: бул бүтүрүүчү класс болгонуна карабай окуучулардын **64-69%** пайызынын оозеки жана жазуу речинин калыптанбагандыгы болду. Окуучу сабактарда билген материалдарын жеткиликтүү сүйлөп бере албайт, ал эми сочинение, эссе, реферат, баяндама сыяктуу жазуу иштерин аткарган мезгилде түзгөн сүйлөмдөрүнөн стилистикалык каталардын көп учураганын айтууга болот. Демек, окуучунун оозеки жана жазуу речинин көндүмдөрүн (коммуникативдик компетенция-ларын) калыптандыруу милдети дагы эле курч бойдон турат.

***Мектептеги «Манас таануу» курсу боюнча түзүлгөн бардык суроолорго окуучулардын берген жоопторунун көрсөткүчү (эксперименттин жыйынтыктоочу этабы):***

**№ 6 таблица**

| Мектептер | Класстар | Берилген суроолорго канааттандырарлык жооптор | | |
|---|---|---|---|---|
| | | окуучулардын саны | канааттан-дырарлык | % менен көрсөткүчү |
| Ош шаары С.Алымкулов ат. №33 орто мектеп | 11«а» (эксп.) | 17 | 11 | 65 |
| Ош шаары №42 Керме-Тоо мектеп гимназиясы | 11«в» (байкоо.) | 19 | 12 | 63 |
| Кара-Суу району Ш.Жумаев ат. №130 орто мектеп | 11«а» (эксп.) | 24 | 15 | 63 |
| | 11«б» (байкоо.) | 19 | 10 | 53 |
| Бардыгы: | төрт класс | 79 | 48 | 61 |

**№ 7 таблица**


| Мектептер | Класстар | Берилген суроолорго канааттандырарлык жооптор | | |
|---|---|---|---|---|
| | | окуучулардын саны | канааттан-дырарлык | % менен көрсөткүчү |
| Ноокат району Б.Абдиев мектеби | 11«а» (эксп.) | 24 | 17 | 71 |
| Сузак району Ж.Турусбеков ат. мектеп | 11«а» (байкоо.) | 22 | 14 | 64 |
| Баткен областынын, Кадамжай районундагы М.Горький ат. орто мектеп | 11«а» (эксп.) | 13 | 10 | 77 |
| | 11«б» (байкоо.) | 12 | 7 | 58 |
| Бардыгы: | төрт класс | 71 | 48 | 68 |

Эксперимент иштеринин акыркы мезгилиндеги, жыйынтыктоочу этабындагы текшерүүнүн натыйжалары менен байкалган айрым ийгиликтерди, ошону менен айрым кемчилдиктерди белгилөөгө болот. Эксперименттин алдына койгон максаты өзүн практикада актады, ошонун натыйжасында окуучулардын билим деңгээли, билгичтиктери менен көндүм-адаттары (компетенциялары), креативдүү чыгармачылык машыгуулары, байкоочу класстарга караганда, эки-үч эсеге жогору болду. Окуучулар эми эпостун үч бөлүмүнүн тең сюжетин өздөштүрүштү, чыгармадагы өзөктүү окуялардын системасын билишет, көркөм образдарды талдоо, аларга баа берүү жумуштарын туура аныктоого жетише алышты. Ал эми байкоочу класстарындагы окуучуларга төмөнкүдөй кемчиликтер мүнөздүү: окуучулардын көпчүлүгү «Манас» эпосунун кыргыз элинин руханий жана маданий турмушундагы ордун, ролун так билишпейт, манасчыларды Сагымбай менен Саякбайдан башкасын билишпейт, эпостун тилдик

каражаттарына кенен анализ жүргүзө алышпайт, тактап айтканда, бүтүрүүчү класстын окуучуларынын 85% ы мындай кемчилдиктер мүнөздүү (бул эксперимент коюлган класстын айрым окуучуларына да таандык). Окуучунун VIII класста өздөштүргөн «Манас» үчилтигинин толук вариантын өздөштүрүүсү, тагыраагы, эске салуусу, эстөөсү, анан XI класста «Манас таануу» курсун толук кандуу өздөштүрүү боюнча мектеп окуучуларынын билиминин, билгичтигинин жана көндүм-адаттарынын, жалпысынан, компетенттүүлүгүнүн калыптануу динамикасын түзүп чыктык (диаграмманы караңыз).

**«Манас таануу» курсунун материалдарын өздөштүрүү боюнча мектеп окуучуларынын предметтик компетенттүүлүгүнүн калыптануу динамикасы**

***№ 1 диаграмма***




*Диаграммага* ылайык абал экспериментке чейин **59%** дан, эксперименттен кийин **62%** га өзгөрүлгөндүгү байкалды.

***Эксперименталдык класстар:***

*Экспериментке чейин* төмөнкү, ортоңку, жогорку баллдык шкала менен белгиленгенде 42,6% (төмөнкү), 38,4% (ортоңку) жана 0% (жогорку) көрсөткүчтү берген эле. Ал эми *эксперименттен кийин* 55,2 (төмөнкү), 55,6 % (ортоңку) жана 39,1 % (жогорку) көрсөткүчтү берген.

***Байкоочу класстары:***

Буларды да төмөнкү, ортоңку жана жогорку баллдык шкала менен белгилегенде *экспериментке чейин* 34,6 % (төмөнкү), 37,4 % (ортоңку) жана 0 % (жогорку) көрсөткүчтү берген болсо, ал эми *эксперименттен кийин* 56 % (төмөнкү), 54,2 % (ортоңку) жана 1,8 % (жогорку) көрсөткүчтү берди.

Мектептин XI класстарындагы «Манас таануу» сабактарынан эпостун текстиндеги тарыхый сөздөрдү (историзмдер менен архаизмдер) табуу жана алардын текстологиялык маанисин аныктоо боюнча текшерүү класстарындагы окуучулардын билиминен эксперименттик класстагы окуучулардын айырмасы 21,4% ды берсе, жазуу жана тесттик тапшырмалардагы көрсөткүч 32,0% га жетти. Ал эми ошол эле эпостун идеясы, адеп-ахлактык жана руханий маани-маңызын оозеки форматта кайрадан айтып берүү боюнча XI класстын окуучуларынын өздөштүрүүсү текшерүү класстарындагы окуучулардын билиминен эксперименттик класстагы окуучулардын айырмасы 21,4% ды берсе, жазуу: сочинение, эсе, реферат, баяндама жана тесттик тапшырмалардагы көрсөткүч 32,0% га жетти.

Ырас, эксперименттин толук жыйынтыгын системалаштырып келгенде окуучулардын эпостун руханий жана маданий маанисин аңдоосу жана анысын оозеки жана жазуу формаларында толук жеткирүү ишинде чыгармачылык менен иштөө жана анын натыйжаларын аныктоо боюнча эксперимантaлдык класстардын окуучуларынын билими, билгичтиктери жана көндүм-адаттары байкоочу класстардын окуучуларынан бир кыйла натыйжалуу экендиги аныкталды.

Ошентип, ***эксперимент*** ар кандай иштин, айрыкча, илимий изилдөө ишинин алдына коюлган жумушчу божомолдун тууралыгын жана

ынанымдуулугун тастыктоо максатында жүргүзүлүп, өз ичине бир нече этаптарды, жылдарды камтыйт. Анын жыйынтыктары, тууралыгы менен ынанымдуулугу тастыкталган, аякталган, аягына чыгарылган иш катары каралып, анын жыйынтыктарын практикага колдонууга сунуш кылынат. Биз мында «Мектептин XI класстарында «Манас таануу» курсун окутуунун технологиялары» деген темадагы диссертациялык изилдөө иштерин жүргүзүүнүн жыйынтыктары менен анын эксперименталдык-тажрыйбалык иштердин натыйжаларын мектеп практикасына сунуш кылып олтурабыз.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин он биринчи классында «Манас таануу» курсун өздөштүрүп бүткөн окуучу төмөнкү ***компетенцияларга*** ээ болушу керек:

1.Искусствонун бир тармагы катары адабияттын коомдук ролу менен маанисин, эстетикалык кызматы менен таанытуучулук, тарбиялык функцияларын так ажырата билет.

2.Кыргыз адабий процессинин өнүгүү тенденцияларын толук өздөштүргөн абалда болот.

3.Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгын (фольклорун) бардык жанрлар тарамында толук өздөштүргөн абалда болот.

4.Анын ичинде «Манас» үчилтигинин ордун, маанисин толук билет, анысын өзүнүн оозеки жана жазуу речинде да, кийин билим алуу процессинде да колдоно билет.

5. «Манас» эпосунун кыргыз элинин турмушунан алган ордун, маанисин, анын түрк элдеринин жана дүйнө элдеринин маданий мурастары менен бир катарда турган уникалдуулугун өздөштүргөн абалда болот.

6.«Манас» үчилтигинин толук сюжетин, негизги өзөк окуяларын, каармандарын, идеясын жана проблематикасын толук кандуу өздөштүргөн абалда болот.

7. «Манас» эпосунун эл арасынан жыйналышы, айтуучулардын оозунан жазылып алынышы, китеп түрүндө жарык көрүшү сыяктуу этаптарын даана билген абалда болот.

8.Кыргыз фольклористика илиминин жаралгандан тартып бүгүнкү күнгө чейинки процессинде «Манас», «Семетей», «Сейтекти» изилдөө иштеринин абалы тууралуу жалпы маалыматтарга ээ болгон болот.

9. «Манас» эпосунун варианттары, манасчылар, айтуучулуктун мектеби, устат жана шакирт маселеси боюнча толук маалыматтарга ээ болгон болот.

10.«Манастын» элге кеңири жайылган варианттары, аларды салыштырып, ар биринин артыкчылыктарын белгилей алат. Эпостун айрым жерлеринен чакан үзүндү айта алат.

11.Эпостун каармандарына карата өз оюн билдире алат, алардын жасаган иштеринен өзүнө эмне ала алганын оозеки жана жазуу формасында толук билдире алат.

13. «Манас» үчилтигинин ар кайсы бөлүмү, сюжеттик окуясы боюнча өз алдынча жазуу иштерин (дил баян, эссе, реферат, доклад ж.б.) аткара алат.

14. «Манас» эпосуна же башка фольклордук чыгармага карата өз оюн, пикирин билдирген рецензия жана аннотация жаза алган абалда болот.

15.Эпостун тилдик каражаттарына баа бере алат, манасчынын колдонгон көркөм сөз каражаттарынан мисал келтире алат, аларын кийин турмушунда колдоно билген абалда болот.

16.«Манас» кыргыз элинин кайталангыс энциклопедиясы, этнографиясы, этнопедагогикасы экендиги жөнүндө билүү менен адамдын жаратылыштагы, социумдагы ордун жана ролун, дүйнөнүн заманбап концепцияларын жана картинасын, көз караштар системасын түшүнөт, жашоодогу жана маданий баалуулуктарга багыт алууга жөндөмдүүлүгү артат.

17.Эпос жөнүндөгү алгачкы маалыматтардан кабардар болуу менен окуучу изилдөөнүн планын иштеп чыгууга жана оңдоп-түзөөгө, жыйналган

маалыматтарды анализдөө менен жаңы кырдаалга жана анын натыйжаларына баа берет, ага адаптацияланат;

18.Чет элдик изидөөчүлөр тарабынан эл оозунан эпос кантип жыйналгандыгынын түйшүгүн түшүнө алышат;

19.Кыргыз «Манас таануусунун» алгачкы аракеттери, 30-60-жана андан кийинки жана азыркы абалы тууралуу түшүнүк алуу менен окумуштуулардын Манас таануу илимине кошкон салымдарына баа беришет.

20.Манасчылык өнөрдүн, өзгөчө изденүүчүлүктүнүн чоң эмгекти талап кылган түйшүгүн жана анын сырын түшүнүү менен манасчылардын бөлүнүштөрү, алардын өмүр жолу, варианттары жөнүндө маалымат алуу аркылуу ар бир кесиптин оор түйшүгүн аркалай билүү керектигин түшүнүп, окуучунун ар бир кесипти баалоо жөндөмдүүлүгү артат;

21.Эпостун байыркылыгы, мифологиялык таасирлер, эпостун ички мазмунундагы философиялык ой толгооолорду түшүнүү менен жаңы кырдаалга жана анын натыйжаларына баа берет, ага адаптацияланат;

22.Ата Мекенге кызмат кылуу жөнүндө ой жүгүртүү аркылуу азыркы кырдаалга жараша патриоттук сезими жогорулап, чыккынчылык менен мекенчилдиктин, ак менен каранын ортосундагы чоң айырмачылыкка баа берүү менен анализдеп жыйынтык чыгара алат;

23.Эпостук окуялардагы каада-салт, үрп-адаттарды билүү менен курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимдердин бирдиктүү системасына ээ болот, адамдын жаратылыштагы, социумдагы ордун жана ролун, дүйнөнүн заманбап концепцияларын жана картинасын, көз караштар системасын түшүнөт, жашоодогу жана маданий баалуулуктарга багыт алууга жөндөмдүүлүгү артат;

24.Эпостун идеялык мазмуну. Мамлекет куруу, эл-жерди сырткы душмандан коргоо, көз карандысыз жашоо. Баатырдык, адилеттүүлүк, патриоттук түшүнүктөрүнүн идеализацияланышын түшүнүү менен окуучу

өзүн өзү аныктоосу үчүн шарттарды түзүүгө жөндөмдүүлүгү артат;

25.«Манас» эпосундагы образдар системасы: Бакай, Жакып, Манас, Семетей, Сейтек, Кошой, Чубак, Абыке, Көбөш, Сыргак, Алманбет, Каныкей, Чыйырды, Акбалта, Алооке, Коңурбай, Кыз Сайкал, Айчүрөк, Кыяс ж.б. оң жана терс каармандардын образдарынын сүрөттөлүшү, эпостогу тулпарлар жөнүндө маалымат алуу аркылуу окуучу адамдардын мүнөздүк өзгөчөлүктөрүн, психологиялык жагдайларынын сырткы коомго тийгизген таасирин анализдөөгө жөндөмдүүлүгү артат;

26.Эпостун театрдагы, сүрөттөгү, музыкадагы орду жөнүндө түшүнүк ээ болуу менен искусствонун адам баласынын жан дүйнөсүнө тийгизген таасирин талдоо аркылуу адамдын жаратылыштагы, социумдагы ордун жана ролун, дүйнөнүн заманбап концепцияларын жана картинасын, көз караштар системасын түшүнөт,  маданий баалуулуктарды барктоого  умтулат.

## Экинчи бап боюнча корутунду

Мектепте «Манас таануу»  курсун өздөштүрүү боюнча педагогикалык экспериментти уюштуруу жана анын жыйынтыктарын алуу иштерине арналган бул главада, биздин ишенимибизде, үч ири маселе каралды, алар:

- «Эпостун каармандарынын көркөм образдарын сабактарда талдоонун дидактикалык шарттары» деп аталган параграфта «Манас» эпосундагы башкы каармандар Манастын, Каныкейдин, Бакайдын, Алмамбеттин, Чубактын жана Сыргактын көркөм образдары сабакта окуучулардын өздөрүнүн аларга берилген (тексттен алынган) мүнөздөмөлөрү аркылуу талданды.
- «Эпостун поэтикасын өздөштүрүү аркылуу окуучунун коммуникативдик комтетенттүүлүгүн калыптандырууга карай» аталышындагы экинчи параграфта эпостогу баатырлар минген тулпарлар, баатырлар жоого киргенде пайдаланган курал-жарактардын көркөм

берилиши каралды. Буга да эксперименталдык жана контролдук класстардагы окуучулардын өздөрү эпостун көркөм текстинен алган мисалдар аркылуу талдоо иштерин жүргүзүштү.

- Главанын үчүнчү, жыйынтыктоочу праграфы толугу менен педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана анын жыйынтыктарына арналып, соңунда бир нече пункттардан турган практикалык сунуштар иштелип чыкты. Алар мектеп практикасына сунуш кылынды.

## Үчүнчү бап

# «МАНАС ТААНУУ» КУРСУН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МАЗМУНУ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

## 3.1. «Манас» эпосу – кыргыз рухунун туу чокусу» темасын киришүү сабактарында өздөштүрүү.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин XI класстарындагы «Манас таануу» курсунун алкагында «Манас» эпосу – кыргыз рухунун туу чокусу» деген ири тема өздөштүрүлөт (программаны караңыз) [121, 20-б.]. Аталган тема жалпы курстун киришүү этабында болгондуктан, муну мугалим сабак-лекция түрүндө жүргүзгөнү максатка ылайыктуу. Ал өзүнүн лекциясында теманын алкагында эки маселенин тегерегинде сөз кылышы керек, алар «Манас таануу» курсу жана аны окуу предмети катары өтүүнүн максат-милдеттери. «Манас» эпосунун чындык негизи, кыргыз элинин тарыхына байланыштуулугу жана «Кыргызстандын эгемендүүлүгү жана улуттук идеология, аны «Манаска» таянып түзүү аракеттери». Ушул эки маселенин айланасында жүргүзүлүүчү лекция сабагынын болжолдуу структурасы төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

***1. «Манас таануу» курсу жана аны окуу предмети катары өтүүнүн максат-милдеттери.*** Мугалимдин киришүү аңгемеси: «Манас» үчилтигине тиешелүү окуу материалдарынын орто мектептердин бүтүрүүчү класстарында «Манас таануу» курсу катары иштелиши учурдун өктөм талабынан улам келип чыкты. Белгилүү болгондой, кыргыз адабиятынын өлчөмсүз бай корунда азыр андан маанилүү, орчундуу, ардактуу орун ээлеген бир да көркөм туунду жок. Бул мыйзам-ченемдүү көрүнүш. Окумуштуу Советбек Байгазиев белгилегендей, «Манасты» терең үйрөнгөнүбүз кылымдардан берки тарыхыбызды, этнографиябызды, үрп-адаттарды, каада - салтыбызды үйрөнгөнүбүз дегендик. Жан дүйнөбүздөгү руханий өксүктү, кемчил жактарыбызды толуктап байытуудагы «Манас» эпосунун ээлеген

ордун, ролун эч ким тана албайт. «Манас» – кыргыз рухунун туу чокусу, дүйнө элдеринин алдында айтып мактанаар мактанычыбыз, сыймыктанар сыймыгыбыз, ар-намысыбыз, кыргыз элинин кылымдардан бери чогулткан сөз байлыгы, нечен заман-доорлордон берки окуяларын камтыган карт тарыхы, силерди Ата Мекенди сүйүүгө, патриоттуулукка, адамдын баркына жетип, табият кооздугун, сулуулукту баалап, улууга урмат, кичүүгө изаат көрсөтө билүүгө тарбиялай турган акыл-насаат топтому [30, 48-49-бб.].

«Манас» эпосунун улуттук идеологиянын түзүп, калыптандыруудагы мааниси, ролу өзүнчө сөз кыла турган баян. Адам баласы, биз, баарыбыз бир нерсеге ишенип, аны ыйык тутуп, өзүбүз эңсеген таза идеалыбызга умтулуп жашашыбыз керек. Алдыда байы да, кедейи да бирдей туу тутуп, жашоонун башкы маңызы боло алчу улуу бир максаттын болгону жөндүү. Демек, улуттук идеологиянын болушу – зарылдык. Ал догматтык ислам динине эмес, кыргыз элинин менталитетине, кылымдардан берки келаткан философиялык ойлоруна, асыл ойлордун көөнөрбөс кенчи улуу «Манас» сыяктуу бай руханий эстелик-мурастарына таянуунун негизинде иштелип чыгуусу абзел. Так мына ушул жагдайдан улам, балдар, жалпы билим берүүчү орто мектептин бүтүрүүчү класстарында «Манас таануу» курсунун өтүлүшү маанилүү жана актуалдуу.

**Мугалимге кеңеш:** Мектеп окуучулары үчүн «Манас таануу» курсунун окуу материалдарын даярдоодо окуучулардын эпостун тексти, өзөк окуялары менен тереңден тааныш болуп, ошондой эле анын ички маани-маңызын, көркөмдүк баалуулук жактарын, эл арасынан жыйналып алыныш тарыхын, изилденишин ар тараптуу чечмелеп берген талдоо материалдары менен тааныштыруу жагдайлары да көңүлгө алынганы максатка ылайыктуу. Мындагы максат – окуучулардын «Манас» эпосу тууралуу билиминин, билгичтиктеринин, демек, компетенттүүлүгүнүн ар тараптуу жана терең болушуна жетишүү. Кыскасы, бул сабак эртеңки келечек ээлери болгон XI класстын окуучуларына сөзсүз керек. Аталган курсту өтүүдө сабактардын ар

кандай формалары менен методдорун кеңири колдонуу иши ар бир мугалимдин жеке чыгармачылыгына түздөн-түз байланыштуу.

***2. «Манас» эпосундагы окуялардын чындык негизи, тарых менен байланыштуулугу.*** «Манас» эпосу бир күндө, бир жылда эле түзүлө калган эмес. Алгач элдик баатырларга арналган оозеки формада ырлар, кошоктор, жоктоолор, чакан дастандар жаралып, муундар алмашып, бүтүндөй бир кылымдар артка жылган сайын ал жаңы маалыматтар менен толукталып, бир бүтүн болуп жуурулушуп, акырындык менен улуу сөз деңгээлине чейин өсүп отурган. Эпостун окуяларынын башкы башатын кыргыздар Саян тоолорунан түндүктү карай Орхон Эне-Сай жерлеринде жашап, өзүнчө мамлекеттүүлүгүн түзүп турган биздин замандын VI кылымынан тарта издеген туура болот.

554-555-жылдары кыргыздар түрк каганы Мухан тарабынан багындырылып, Чыгыш Түрк каганатынын кулашы менен 630-жылы барып гана кайрадан эгемендүүлүккө жетишишет. Ошондон тарта акырындап Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн кубаттуулугу артып баштайт. Ал кезде кыргыздарды жаш кол башчы, баатыр ажо Барсбек башкарып турган. Кыргыздардын күчтөнүп баратышынан чоочулаган көк түрктөрдүн аскерлери 710-жылдан 711-жылга караган кышта өтүүгө мүмкүн эмес болгон Саян тоолорун ашып өтүп, кыргыздарга күтүүсүз сокку урат. Түрк аскерин даңазалуу аскербашы Тонукөк менен баатыр Күлтегин баштап барган. Кыргыздар оор жеңилишке учурап, Барсбек каган өлөт. Барсбек эпостогу Манастын чоң атасы Орозduну (Сагынбайда Ногой деп берилет) эске салат. Эпосто Орозду күчтүү бийлик жүргүзүп, кыргыздарды бириктирип турганы эскерилет. Ал өлгөнү кыргыздар тышкы душмандар тарабынан кыйратылып, туш-тарапка тентип кеткени айтылат.

Эгемендүүлүгүнө кыргыздар Экинчи Чыгыш Түрк каганатынын 745-жылы уйгурлар тарабынан талкаланышынан кийин гана жетишишет. Бирок жаңыдан бутуна туруп келаткан Кыргыз мамлекетин 758-жылы ошол эле

уйгурлар басып алышат. Ошондон жарым кылымдан ашуун убакыт өтүп барып гана кыргыз ажосу өзүн каган деп жарыялайт. 820-жылы уйгурлар кыргыздарга каршы аскер жөнөтүшөт. Бул учурда кыргыздар кыйла күчтөнүп, аскер кошууну жүз миң адамга жеткен. Айыгышкан согуш жыйырма жылдан ашык убакытка созулган. 840-жылы кыргыздар уйгурларга каршы чоң чабуул баштап, 843-жылы алардын Аньси, Бешбалык деген шаарларын каратып алат. Жыйынтыгында, кыргыздардын күчтүү мамлекеттүүлүгү – улуу державасы түзүлүп, ал IX-X кылымдарда, тактап айтсак, IX кылымдын 20-жылдарынан X кылымдын 10-жылдарына чейинки мезгил аралыгында жашап турган. 840-жылы уйгурларга каршы аскер жиберилип, 843-жылга карата аларды толук талкалаган кыргыз колун даңазалуу аскер башы Алп Сол баштап барган. Анын өз ээлигиндеги жерлер Алтайда, анан азыркы Тува аймагында болчу. Кыргыздардын IX кылымдын жыйырманчы жылдарына карата күчтүү мамлекеттүүлүгүн түзүүгө жетишкени, башында Алп Сол турган ири аскер күчтөрүнүн уйгурларга каршы 840-жылдагы чоң чабуулу, алардын Аньси, Бешбалык деген башкы шаарларын каратып алышы Манастын чабылып-чачылган кыргыздарды бириктирип, күчтүү мамлекет түзүп, жүз миңдеген аскерлери менен түндүк-чыгыш тарапка жортуулдап барып, чет Бээжинди багындырышын эске салат. Алп Сол алтайлыктарда Алп Манаш деп айтылат. Мындан Алп Сол Алп Манашка, Алп Манаш Алп Манаска, анан Манаска өткөнү күмөн жаратпайт. Демек, «Манас» эпосунун мазмунунан VIII кылымдын этегиндеги Барсбектен баштап, IX кылымдын орто ченине чейинки окуялар орун алган деген ой корутунду чындыкка жакын сыяктуудай. Муну биз азыр эле ойлоп таба койгон жокпуз, болгону өзүбүзгө чейинки көз караштарды кайра жаңыртып толуктадык. Чындыгында, XX кылымдын кыркынчы жылдарынын экинчи жарымында «Манастын» 1100 жылдыгын өткөрүүгө карата даярдыктар жүргүзүлүп баштап, анан сталиндик репрессиялардан улам токтотулганы белгилүү. Кыязы, 1995-жылдагы 1000 деген сан шарттуу

түрдө тышкы кооздук үчүн эле алынды көрүнөт. Антпесе, ал жылы биз «Манастын» 1150 жылдыгын белгилейт болчубуз. Ал эми эпосто кыргыздардын негизги душманы уйгурлар эмес, кара кытайлар, андан да кийин эле чыккан калмактар болуп калышы сыяктуу ири чаташуулардын орун алышы ырас, жазып калтырган тарыхы болбогондон кийин, элдик оозеки чыгармачылыкта боло берчү мыйзам-ченемдүү эле көрүнүш.

Көрүнүктүү тарыхчы жана археолог А.Н.Бернштамдын жазганы боюнча, Манастын прототиби – 847-жылы өлгөн кыргыз каганы Яглакар. Кытай жазууларында Яглакардын башкы кол башчысы болуп кыргыз тарабына өткөн уйгур Гюйлу-Бага (Аламамбет) деп айтылат да, ал эми колго түшүрүлгөн уйгур каганынын аялы, ханыша Тай Хо эпостогу Эсен кандын кызы Бурулча болушу толук ыктымал. Ошондой эле Бей Тин-Бээжиндин (Бешбалык) алынышы да эпостогу окуяларга дал келип жаткандай. Демек, балдар, эпостун чындык менен улуттун тарыхы менен тыгыз байланыштуу экендигине эми көзүңөр жетти көрүнөт.

***3.Кыргызстандын эгемендүүлүгү жана улуттук идеология, аны «Манаска» таянып түзүү аракеттери.*** «Манас» эпосунун, балдар, улуттук идеологиянын түзүп, калыптандыруудагы мааниси, ролу өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Адам баласы, ар бирибиз бир нерсеге ишенип, аны ыйык тутуп, өзүбүз эңсеген таза идеалыбызга умтулуп жашообуз зарыл. Алдыда байы да, кедейи да бирдей туу тутуп, жашоонун башкы маңызы боло алчу улуу бир максаттын турганы жөндүү. Демек, улуттук идеологиянын болушу – зарылдык. Ал догматтык ислам динине эмес, кыргыз элинин менталитетине, кылымдардан берки келе жаткан философиялык ойлоруна, асыл ойлордун көөнөрбөс кенчи улуу «Манас» сыяктуу бай руханий эстелик-мурастарына таянуунун негизинде иштелип чыгуусу абзел. Бүгүн илимге күдүк туудурбай турган кадиксиз жазма булактарга караганда кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар эзелтен бери белгилүү. Бул боюнча силер жогоруда да уктуңар, айталы, кытай тарыхчысы Сыма Цяндын «Тарых жазуулары» деген

эмгегинде алар гягун (кыргыз) деген ат менен биздин эрага чейинки II кылымдарда эле эскерилет. Демек, калкыбыз ошол чектен да алда канча мурда түптөлүп, ошондон бери атын өчүрбөй сактап, жалпы адамзат тарыхында изин калтырып келген, өз алдынча жолу бир, уюткулуу элдердин биринен болгондугу чындык.

Ушундай узак жолдо журтубуз көп окуяларды башынан өткөргөнү, маңдай жарыла кубанарлык ийгиликтери да, кайгы-муңга баткан көңүл чөгөрлүк алаамат күндөрү да аз болбогону күмөнсүз. Саны аз, көчмөн эл кыргыздардын басып өткөн тарыхый жолу өйдө-ылдыйлуу, өзгөчө татаал болгондуктан бир кездерде өзү пайдаланган жазуу-сызуу өнөрүн унутуп, башынан өткөндөрүн ирээти менен тизмелеп, сактап калуу мүмкүнчүлүгүнө жетише алышпаптыр. Ал эми башка элдердин жазма түрүндөгү кыргыздар жөнүндөгү сакталып калган маалыматтарындагы кабарлар үзүл-кесил мүнөзүндө болгондуктан элибиз басып өткөн узак тарыхый жолдун ирээттүү, так сүрөтүн бере албайт. Натыйжада, элибиздин өткөндөгү тарыхынын көп жерлери ак тактуу, калк башынан өткөргөндөрдүн кыйласы тарыхтын эсебине кирбей, унутта калган, же эскерилсе да кеңири маалыматтар жок. Бирок ай, күндөрү эсепке алынып, жыл артынан жыл келген түрдөгү ирээттүү тарыхый жол жазылып калбаганы менен кыргыздардын байыркы элдердин бири экендигин, анын адам баласынын тарыхынын түпкүрүнөн бери келе жаткан изи даана, басып өткөн жолу күрдөөлдүү да, татаал да, көчү, негизинен, байсалдуу болгонун таасын айгинелеп турган ишенимдүү фактылар аз эмес. Ошолордун ичинде ата-бабаларыбыз өзүлөрү кийинки муундарга мураска калтырган өзгөчө бай көркөм сөз өнөрүнүн үлгүлөрү менен кол өнөрчүлөрдүн буюм-теримдеринен тартып, өтө чебер иштелген көркөм кооздуктарга чейинки материалдык, маданий-руханий эстелик мурастардын ролу чоң. Айрыкча, бул багытта бабаларыбыздын улуу рухий мурасы «Манас» эпосу өзгөчө орунда турат. Анткени «Манас» эпосу көркөм чыгарма катары түзүлүшү, мазмун-маңызы, эл турмушунан алган орду

боюнча жөнөкөй эле оозеки чыгармачылыктын бир үлгүсү, катардагы көркөм чыгарма-баатырдык эпос эмес, өзгөчө, башкаларга такыр окшобогон, өзүнчө орунда турган уникалдуу чыгарма.

Кыргыздар кадимки баатырдык эпостордун бирин тандап алып, аны басып өткөн тарыхый жолунун урунттуу учурларын, башынан өткөргөндөрүнүн көңүл бурууга татыктуу маанилүүлөрүн, узак жылдар бою турмуштук тажрыйбаларынан алынган корутунду жыйынтыктарын, башкалар менен карым-катнашта көргөн-билгендерин, үйрөнгөндөрүн, бир нече миң жылдар бою чогулткан табылгаларынын алгылыктууларын бүтүн эл катары калыптанткан салттык, үрп-адаттык жорук-жосундарын, жакшы-жаман, дос-кас, оң-терс, жашоо-тиричилик, бул дүйнө, тигил дүйнө, жаратылыш, коом жөнүндөгү түшүнүктөрүн, ишенимдерин, билим, өнөр багытындагы ийгиликтерин чогулткан учу-кыйры чексиз кең мазмундагы руханий кенч казынага, көркөм чыгармага айлантышкан. «Манас» эпосунун мазмунунда эң эле көптөгөн маалыматтарды ичине камтыган өзгөчө байлыгы бул чыгарманы көтөрө чалып макташ үчүн гана айтылган куру сөз эмес, ишенимдүү фактылар менен далилденген, эпос менен кеңири тааныш болгон ар бир адамга даана көрүнүп турган чындык.

«Манастын» мазмунуна сиңирилип чогултулган чексиз маалыматтардан турган казына, байлыкты – эстелик мурасты кыргыздар өзүлөрүнүн жашоо шартынын өзгөчө мүнөзүнө ылайыктап кайда жүрсө кошо ала жүргөндөй кылып кирпичтерин убакы-мезгилге моюбай турган түбөлүктүү жандуу тилден турган сөз берметтеринен курап, таасирдүүлүгүн арттыруу үчүн көркөм элестер менен кооздоп, эсте оңой сакталууну камсыз кылуу үчүн ыргакка ээ, уйкаштык менен камсыз кылынган ыр түрүнө келтирип жыйнагандыктан ал байлык кан салыгы түрүндөгү кыймылсыз жата берүүчү өлүү дүйнө болбой, дайым керекке жарап, пайдасы тийип, улам байып, кеңейип олтуруучу жандуу, активдүү, кыймылдагы кенч болгон. Ошон үчүн кыргыздар аны күндөлүк турмушунда жакшылык менен жамандыкта, кайгы

менен кубанычта, ар бир зарыл учурда кеңири пайдаланып, анда айтылган залкар ойлор, терең маанилүү маалыматтар туу тутулуп, керекке жаратылган эпос идеологиялык активдүү курал катары калк турмушуна таасирин тийгизген.

Ошол салтка ылайык кылымдар бою элдин ар бир мууну улуу мурастагы нуска сөздөрдү, үлгүлүү жүрүш-туруш, адам мамилелерин, жакшы-жаман, оң-терс жөнүндөгү, дүйнө, жаратылыш, тирүүлүк, өлүм ж.б. ишенимдерди, уруулар, түрдүү элдер арасындагы мамиленин нускалуу жактарын кабыл алышкан. Мунун баары азыр сөз болуп жаткан оозеки түрүндө жаралган эпос сыяктуу улуу сөз аркылуу муундарга жеткирилип турган.

«Манас» эпосун ар тараптан изилдеп жүргөн окумуштуу С.Байгазиев жазгандай, «көптөгөн маселелер боюнча кыргыз эли адат, салттык жосун катары кабыл алган акыл-насаатка жата турган жол-жоболордун кийинки муунга тарбия берүүдө, өз күндөлүк турмушунда, башкалар менен мамиле, алака-катнаштарында кеңири пайдаланышкан. Ошол элдик салт, балдар, бүгүн да улантылууда. Ырас, буга чейин көп жылдар бою «Манастагы» көптөгөн түшүнүк-ишенимдер, салттык жөрөлгөлөр идеологиялаштырылган шарттагы өкмөттүк расмий талаптарга туура келбегендиктен эскини көксөө, улутчулдук, динчил, реакциячыл түшүнүктөр катары бааланып, аларды пайдаланууга көп учурларда тыюу салынуучу. Кыргызстан өз алдынча, көз карандысыз эркин мамлекет болгондон тартып «Манас» эпосунун калк арасындагы орду өзүнүн илгертеден келе жаткан салттык жогору деңгээлине кайра келди. Азыркы кыргыз мамлекети адеп түптөлүп баштагандагы биринчи президенти жаңы түптөлүп келе жаткан эркин өлкөнүн өз алдынча, жаңы идеологиясынын негизги уюткусу катары «Манастын» жети осуятын сунуш кылышы айкын күбө» [86, 236-б.]. Демек, «Манастын» тулкусунан жети осуятты таап чыгууну улуттук идеологияны түзүүгө болгон көп аракеттердин бир катары таануу зарыл.

***4. «Манастын жети осуяты»:*** эл журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдик; улуттар аралык достук жана кызматташтык; улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет; арыбас мээнет, алдыңкы өнөр, билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу; гумандуулук, айкөлдүк жана кечиримдүүлүк; табийгат менен таттуу мамиледе болуу; кыргыз мамлекетин чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо сыяктуу маселелер, балдар, «Манас таануу» курсунун программасында өзүнчө тема катары сунуш кылынган, муну силер кийинки сабактарда терең өздөштүрөсүңөр.

***Мугалимге сунуштар:*** «Манас» эпосу кыргыз элинин улуттук менталитетине, кылымдардан берки келе жаткан философиялык түшүнүктөрүнө, асыл ойлордуна негизделип, улуттун (балким, жалпы адамзаттын) көөнөрбөс кенчи катары улуу руханий эстелик катары бааланышы керек. Аны өздөштүрүүнүн методдору, формалары менен каражаттары да мына ушуга таянуунун негизинде иштелип чыгуусу абзел; «Манастын» тулкусунан жети осуятты таап чыгууну улуттук идеологияны түзүүгө болгон көп аракеттердин бир катары таануу зарыл; «Манастын» жети осуяты «Манас таануу» курсунун программасында өзүнчө тема катары сунуш кылынган, ошондуктан булар тууралуу мугалим өзүнчө сабактын план-иштелмесин түзүп алганы максатка ылайыктуу.

### 3.2. «Манас» эпосунун изилдениши, китеп түрүндө бастырып чыгаруу» темасын обзордук сабактарда өздөштүрүү иштери.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин XI класстарындагы «Манас таануу» курсунун алкагында, программанын талаптарына ылайык «*Манас*» *эпосунун изилдениши, китеп түрүндө бастырып чыгаруу тарыхы*» деген ири тема өздөштүрүлөт [121,48-б.]. Аталган тема жалпы курстун киришүү сабагынын экинчи этабы

болгондуктан, мунусун да мугалим сабак-лекция түрүндө жүргүзгөнү максатка ылайыктуу. Ал өзүнүн лекциясында теманын алкагында эки маселенин тегерегинде сөз кылышы керек, алар «Манас» эпосунун Октябрь төңкөрүшүнө чейин жана совет доорунда изилдениши жана «Манас» эпосунун акыркы жылдардагы изилдениши. Китеп түрүндө бастырып чыгаруу тарыхынан. Мугалим өз лекциясында төмөнкү маселелерге токтолушу зарыл деп эсептейбиз:

«Манас» эпосунун Октябрь төңкөрүшүнө чейин жана совет доорунда өзүнчө изилдениш тарыхы бар. Атап айтканда, «Манасты» көркөм чыгарма катары анын мазмунуна кирген окуяларды баяндап, баа берип, элге тааныштыруу аракетинин башталышы XIX кылымдын экинчи жарымына таандык. Бул багыттагы алгылыктуу иштердин башталышы казак элинин белгилүү уулу, орус армиясынын офицери, таланттуу окумуштуу Чокан Валихановго тиешелүү.

Ч.Валихановдун «Манас» эпосуна тиешелүү ойлору менен маалыматтары «Ысык-Көл күндөлүктөрүндөгү» бир нече жердеги кыска эскерүүлөрдү эсепке албаганда, негизинен, анын аягына чыгарылбай калган, тема да коюлбаган кыргыздар жөнүндөгү көлөмдүү кол жазмасында жана «Жунгария очерктери» аталган коомчулукка кеңири белгилүү, дыкаттык менен иштелип чыккан фундаменталдуу илимий эмгегинде топтолгон [60]. Бул эмгектерден «Манас» эпосунун мазмуну, айтуучуларынын чыгармачылыгы, чыгарманын пайда болуу, курулуу ыгы ж.б. көптөгөн багыттар боюнча баалуу пикир, илимий жоромолдорду табууга болот.

Казак окумуштуусу кыргыздардын улуу эстелигин жогору баалайт. Анын бул чыгармага карата «Манас» кыргыздардын бардык мифтеринин, жөө жомокторунун, уламыштарынын бир убак мезгилге келтирилген жана бир адамдын – баатыр Манастын айланасына топтолгон энциклопедиялык жыйнагы катары карайт. Бул талаа Иллиадасы сымал нерсе. Кыргыздардын жашоо шарттары, үрп-адаттары, адеп-ахлахтык түшүнүктөрү, географиясы,

диндик ишенимдери жана медициналык билгендери, ошондой эле алардын эл аралык мамилелери бул эпопеяда чагылдырылган,-деген аныктамасы «Манас» эпосуна берилген мүнөздөмөлөрдүн классикалык үлгүлөрүнүн бири болгон.

«Манас» эпосунун негизги үч бөлүмүнүн окуяларын баштан – аяк ирээти менен кагаз бетине түшүргөн, жазган материалдарын кыргыз тилинде китеп түрүндө басмадан чыгарган жана чыгарманы ыр түрүндө башка элдин тилине биринчи болуп которгон адам орус окумуштуусу академик В.В.Радлов болду.

В. В. Радловдун кыргыз жергесинде жазып алган материалдары жана окумуштуунун жалпы эпос, анын айтуучуларынын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү илимий жыйынтыктары «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрү» деген он томдон турган китептердин V томунда транскрипцияланган орус алфавити менен кыргыз тилинде 1885-жылы Санкт-Петербургда басмадан чыккан. «Манастын» тексттеринин мазмуну жана көркөмдүк бийик деңгээли окумуштууга терең таасир бергендиктен ал чыгарманы немец тилине көркөм которуп, котормо ошол эле 1885-жылы Лейпцигде жарык көргөн.

«Манастын» үч бөлүмүнө тиешелүү материалдар китепте жети темага бөлүнүп берилген: 1. Манастын туулганы; 2. Алмамбет мусулман болуп, Көкчөдөн чыгып, Манаска кирет; 3. Манас менен Көкчөнүн согушканы, Каныкейди алганы, Манас өлгөндөн соң тирилгени; 4. Бокмурун; 5. Көзкаман; 6.Семетейдин туулганы; 7.Семетей. Чыгарманын мазмунун түзгөн окуялардын бул түрдөгү орундары шарттуу. Анткени кириш сөздө окумуштуу окуяларды айтуучудан уккан үлгүдө эмес, Манастын өмүр жолунун жүрүшүнө ылайык жайгаштырганын эскертет [192, 259-б.].

В. В. Радловдун эмне себептен эпостун «Сейтек» бөлүмүн өзүнчө белгилеп көрсөтпөгөнү белгисиз. Окумуштуу андай бөлүмдү атабагандыгына карап ошол тарыхый шартта эпостун «Сейтек» бөлүмү өзүнчө аталбаган болсо керек деген тыянак чыгарууга да болбойт. Анткени манасчылардын

элдин арасындагы айтылган маалыматтарга караганда, өткөн кылым ичинде эле «Манастын» үч негизги бөлүмдөрү гана эмес, баатырлардын алардан кийинки муундары жөнүндө да айтылганы талашсыз фактылардан. Мисалы, өмүрүнүн басымдуу көпчүлүгүн өткөн кылымда жашаган белгилүү чоң манасчы Чоюке Сейтектен кийинки бир нече муундун окуяларын айтканы аны билген көптөгөн адамдар тарабынан эскерилет.

Венгер окумуштуусу, доктор Георг фон Алмаши саякатчы катары Борбордук Азияга жасаган саякаттарынын учурунда 1900-жылы кыргыздардын жергесине келип, жети ай бою ушул өлкөнү кыдырып жүрүп, Нарын кыргыздарынын арасынан «Манасты» угуп, эпостон 72 сап ыр көлөмүндөгү текстти жазып алып, аларды венгер тилине которуп, кыргызча текстти жана аны өз котормосун илимий комментариялар менен жабдып 1911-жылы «Чыгыш кабарлары» («Восточное обозрение») журналына жарыялайт. Ошол эмгектин немец тилиндеги котормосу 1911-1912-жылдары Будапештте чыккан «Keleti Szemle» журналынын XII томунда басылып чыгат. Окумуштуу үзүндүнү кимден жазып алганын көрсөткөн эмес. Г.Алмашинин «Манас» эпосу, анын мазмуну боюнча билген маалыматтары кагаз бетине түшүрүлгөн үзүндүдөгү кабарлардын чегинен алда канча кеңири. Буга окумуштуунун «Кара кыргыздардын эпосу», «Манастын өлүмүнөн» деген тема менен берген эпос, анын мазмуну жана окумуштуунун бул чыгарма жөнүндөгү ойлору маалымдалган чакан эмгек буга күбө. Макалада Манас баатыр калмак князы Коңурбайдын жортуулунун мизин кайтарып, он эки миң кол менен ага каршы аттанып, кытайларды жеңип, Бээжинди алганы, бирок өзү каза тапканы, «Манастын кыссасы» аталган эпос 20 миң сап ырдан турары, анын уландысы болгон «Семетей» жана анча кеңири тарабаган «Сейтек» ар бири 30 миң сап ырдан турары окумуштуунун эпос, анын айтуучулары жөнүндөгү ойлору баяндалат. Г.Алмаши «Манас» эпосунун ыр түзүлүшү боюнча биринчи болуп пикир айткан изилдөөчү.

Б. В. Смирнов 1903-1904-жылдары сүрөтчү катары императордук орус географиялык коомчулугунун экспедициясына катышып, түндүк Кыргызстандын көп жерлеринде болуп, ошол саякаттарынын учурунда Кенжекара аттуу адамдан «Семетейдин» үзүндүсүн угуп, өзү уккан Семетейдин Үргөнчтү кечип өтүп, Айчүрөккө жолуккан жерин кыскача кара сөз менен орус тилине которуп (Атайбек аттуу тилмечтин жардамы менен) кагаз бетине түшүрөт. Ал котормо Б. В. Смирновдун 1914-жылы Москвада жарык көргөн «Түркстандын талааларында» («В степях Туркестана») аттуу китебинде жарык көргөн.

Б. В. Смирнов Кенжекаранын аткаруусунда «Семетейден» үзүндүнү бал аарысынын момунун жардамы менен фоно жазууга түшүрөт, семетейчи ырчынын сүрөтүн туш  менен тартат. Сүрөтчү өзү уккан үзүндүнүн негизинде «Семетей менен Айчүрөктүн Үргөнч жээгинде жолугушуусу» деген темада сүрөт тартат. Бул эпостун каармандарынын көркөм элесин живопись аркылуу чагылдыруу аракетинин биринчи кадамы эле.

Өткөн кылымдын отузунчу жылдарынан башталып, кыркынчы жылдардын орто чендеринин алкагындагы мезгилди кучагына камтыган Манастаануу илиминин түптөлүү учуру катары мүнөздөлүүчү экинчи баскычы өз жүгүн ишенимдүү көтөрө алат дешке толук негиз бар. Анткени так ушул мезгил ичинде кандуу согуш учурунда да токтоп калбаган тексттерди жыйноо, жазып алуу иши ийгиликтүү улантылып, жакшы натыйжаларды берген. Чыгарманы бастырып жарыялоо боюнча да көлөмдүү китептер чыкпаганы менен эпостун калкка кеңири белгилүү эпизод, окуялардын көбү кыскартылып, чакан китепчелер түрүндө элге тараган. Башка тилдерге – орус тилине которуу колго алынып, которулуп жаткан «Чоң казаттын» үзүндүлөрү  борбордук жана республикалык мезгилдүү басма сөз каражаттарынын беттеринде бир нече ирет басылып турган. Эпостун илимий проблемаларын иликтөө багыты да телчигип, бир катар маселелер талдоого алынып, пикирлер айтылган, айрыкча, чыгарманы

которуунун теориясы, «Манастын» жаралуу доору, тарых менен байланышы жөнүндө көп сөз болуп, омоктуу ойлор, жоромолдор сунуш кылынган. Ушул маселелер боюнча Е. О. Поливановдун тексттерди орус тилине которуунун принциптери, А. Н. Бернштамдын «Манастын» жаралуу доору, тарых менен байланышы, С. М. Абрамзондун «Манас» этнографиялык булак катары сыяктуу эмгектер көңүл буруугa татыктуу [8,54]. Согуш жылдарында убактылуу кыргыз жергесине келишкен Москвалык, Ленинграддык көптөгөн белгилүү окумуштуулар кыргыз эпосун изилдеп үйрөнүүгө активдүү аралашып, бир катар маанилүү эмгектерди жасашты. Алардын ичинен академик В. М. Жирмунскийдин, П. Н. Берковдун, М. И. Богдановaнын Манас таануу илимине кошкон салымдары орчундуу. Кыргыздын көрүнүктүү окумуштуусу К. Рахматуллин да «Манасты» изилдөө ишине ушул мезгил ичинде активдүү аралашып, бир катар белгилүү эмгектерин жаратты.

Казак элинин дүйнөгө кеңири белгилүү уулу, жазуучу жана окумуштуу М. Ауэзов да сөз болуп жаткан мезгил аралыгында илимий консультант, иликтөөчү катары «Манас» проблемаларына активдүү аралашкан. Ауэзовдун 1928-жылдардан тартып башталган көп жылдык «Манас» эпосун изилдөөгө арналган фундаменталдуу эмгегинин алгачкы редакциясы отузунчу жылдар ичинде эле даяр болуп, казак тилинде жарык көрүп, иштин кайра каралып, толукталып бүткөн акыркы үлгүсү кыркынчы жылдардын биринчи жарымында аяктап, басмага даярдалган. Негизги маселе катары, «Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасын талкуулаган 1952-жылдагы бул илимий форум ошол тарыхый шартта чыгарманы изилдеп үйрөнүүдөгү бурулуш учур болду дешке негиз бар. Бирок жаңыдан телчиге баштаган бул илимдин бардык проблемалары чечилди, багыты даана, так белгиленди деген бүтүм чыгаруу али эрте эле. Анткени түпкү маңызында бул улуу мурасты опурталдуу тарыхый учурда коогадан сактап, арачалап калуу максатын көздөгөн бул аракет өз алдына койгон милдетти, негизинен, аткарганы менен

кабыл алган чечимдеринин, сунуш кылган кеңештеринин көбү чыныгы илимий талаптардан алыс жана келечексиз болчу. Муну турмуштун өзү далилдеди, көп күч, чоң каражат жумшалып жүзөгө ашырылган эпостун бириктирилип, кыскартылган төрт томдугун кыргыз эли кабыл алган жок. Негизи, эпостун элдүүлүгүн даана тастыктаган чыгарманын бир да вариантын өзүнчө жарыялоого мүмкүн эмес-деген экинчи бүтүм жокко чыгарып, эпостун мазмуну, идея, темасы ж.б. багыттардагы теориялык маселелерди чечүүдө да такталган, туура таяныч боло турган корутунду чыгарылган жок. Ошон үчүн Манас таануу илиминдеги изденүү учуру 1952-жылдан кийин да улантылып, чыгарманы изилдөө, бастырып чыгаруу иштеринде эмне кылуу, кандай жол менен баруу, түзүлгөн кырдаалдан кантип чыгуу керек, -деген суроолорго жооп издөө актуалдуулугун жоготмок турмак, курч бойдон кала берди. Анын үстүнө атайын адис кадрлардын жетишсиздиги да абалды оордотуп турду. Бул кенемте мурдатадан эле белгилүү болуп, аны жоюу далалаттары көрүлгөн менен натыйжа чыккан эмес. Айталы, Илимдер академиясынын тил, адабият жана тарых институтунун 1954-жылдагы жылдык отчетунда бул илимий мекемеде илимдин бир доктору, 17 кандидаты иштесе да фольклор боюнча жогорку квалификациялуу бир да адам жок экендиги атайын белгиленип, илимдин бул тармагына тиешелүү кадрларды тартуу, тарбиялоого, өстүрүүгө көңүл бурулуунун зарылдыгы белгиленген болчу. Ушул аракеттин биринчи кадамдары катары алтымышынчы жылдардын баш чендеринен тарта аталган инситуттун «Манас» секторуна келечектүү жаштар Э. Абдылдаев, С. Бегалиев, аларга удаа эле Р. Сарыпбеков, А. Жайнаковалар кызматка кабыл алынып, эпос боюнча илимий иштерди жазуу, кандидаттык диссертацияларды даярдоо сыяктуу иштер жолго коюлат. Ушул учур Манас таануу илиминин келечеги үчүн шилтелген ийгиликтүү кадамдарынын башталышы эле.

1966-жылы СССР Илимдер Академиясынын Президиуму атайын кат аркылуу Кыргыз ССР Илимдер Академиясынан кыргыз жана орус тилдеринде «СССР элдеринин эпостору» сериясында жарыялоо үчүн илимий принциптерге ылайыктап «Манас» эпосунан 250 миң сап ыр көлөмүндөгү материалды даярдоо өтүнүчү менен кайрылган. Бул орчундуу сунуш тил жана адабият институтунун окумуштуулар кеңешинде талкууланып, ишти жүзөгө ашыруу милдети «Манас» секторуна жүктөлгөн.

Манас таануу илиминин өнүгүш жолунун ушул мезгилинде чыгарманын илимге али белгисиз тексттерин эл арасынан чогултуу жана аты журтчулукка белгилүү болгон айтуучулардын варианттарын жазып алууну тездетүү максаты жолго коюлуп, натыйжада бир катар натыйжалуу иштер жасалган.

«Манас» эпосунун өткөн кылымдын жетимишинчи, сексенинчи жылдары изилдениши жаатында Р. З. Кыдырбаеванын «Сказительское мастерство манасчи» (1984); «Генезис эпоса «Манас» (1980); «Манас» эпосунун варианттары» (1988); С. Мусаевдин «Эпос «Манас» (1979); А. Сыдыковдун «Героические мотивы в эпосе «Манас» (1984); З.Мамытбеков, Э. Абдылдаевдин «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери» (1969); Р. Сарыпбековдун «Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү» (1977); Ж. Субанбековдун «Кыргыз элинин баатырдык эпостору» (1970); А. Жайнакованын «Сейтек» – «Манас» трилогиясынын корутунду бөлүгү» (1984); «Семетей» эпосунун тарыхый-генеалогиялык негизи» (1982) сыяктуу эмгектер жазылды. Булар ошол жылдары «Манастын» изилденишине бараандуу салымдарын кошушкан эмгектер катары Манастаануу илиминин тарыхында калды.

1952-жылы «Манас» боюнча өткөн конференциядан кийин «Манасты» жактоочулардын көрүнүктүү эмгектерин топтоп, өзү редакциялап жана баш

сөз жазып, атайын «Киргизский героический эпос – «Манас» аттуу жыйнак чыгарган окумуштуу А. Петросян болгон. Аталган жыйнакка М. Ауэзов, В. М. Жирмунский, М.Богданова, П. Н. Берков, А. Токомбаев, Б.Юнусалиевдин «Манаска» арналган илимий макалалары киргизген. А.Петросяндын «К вопросу о народности эпоса «Манас» (1961), «Споры о наследстве» (1961), «Сокровище художественной культуры народов Советского Союза (1973), «Героический эпос народов СССР» (1975) ж.б. эмгектеринде «Манастын» элдүүлүгү, идеялык мазмуну, тарых менен байланышы, поэтикасы ж.б. жөнүндө алгылыктуу сөздөр болуп, баалуу ойлор айтылат.

«Манас» эпосунун акыркы жылдардагы изилдениши жана китеп түрүндө бастыруу тарыхы боюнча «Манас таануу» илиминде мындай маалыматтарды окуучуларга берүү жетиштүү.

1995-жылы «Манас» эпосунун миң жылдык маарекенин уюштуруу, өткөрүү иштеринин таасири менен жүзөгө ашырылып, элге сунушталган Манастаануу илиминдеги дагы бир орчундуу эмгек «Манас» энциклопедиясы болду.

Миң жылдык юбилейге байланышып, ага даярдык катары, бул иш-чаранын алды жагында, же ага чейин мурда колго алынбай, же кандайдыр себептер менен жүзөгө ашырылбай жүргөн иштердин кыйласы аткарылды. Ошолордун арасында көлөмү чакан көрүнгөнү менен мааниси боюнча орчундуу эмгектер да бар эле. Айталы, «Манаска» кызыккандар алда-качантан бери эле кабардар, бирок кеңири таанышуу мүмкүн болбой келген Ч. Валиханов кагаз бетине түшүргөн «Көкөтөйдүн ашынын» үзүндүсү К. Ботояров менен Ш. Ибраев басмага даярдап, жарыялашты. Тыныбек жомокчудан жазылган «Семетейдин» үзүндүсү кайра басылган. Ушул мезгилдер аралыгында Манас таануу илиминин калыптануу, өнүгүү жолунда бир катар эмгектер жаралып, коомчулукка сунушталды. Алардын арасында Манас таануу илиминде салмактуу да, бараандуу да эсептелген

«Маджму ат-таварих» кол жазмасынын кыргыз тилиндеги котормосу, Саякбай Каралаевдин маарекесине арналган жыйнак, Ч. Айтматовдун «Манас» эпосуна арналган эмгектери, З. Мамытбековдун «Отражение жизни и борьбы кыргызов в эпосе «Манас» аттуу монографиясы, А. Жайнакованын «Манас» эпосундагы патриархалдык-феодалдык мамилелер» аттуу эмгектер басмадан чыгарылды. 1925-жылы Москвада басылган Тыныбектин «Семетейден» бир бөлүмүнөн тышкары 1940-1943-жылдар ичинде «Манас» сериялары» аталыш менен он бир китепче жарык көргөн. 1946-жылы Москвада жарыяланган орус тилиндеги «Манас». Великий поход»-деген китеп 1946-жылы сталиндик сыйлыкка көрсөтүлгөнү менен зыяндуу чыгарма катары пайдаланылуудан алынып салынган. 1952-жылдагы «Манастын» элдүүлүгүнө арналган конференциянын чечимдерине ылайык, эпостун текcттери «Манас» эки китеп түрүндө, «Семетей», «Сейтек» бирден китеп түрүндө жазуучулар К. Маликов, А.Токомбаев, Т. Сыдыкбеков тарабынан даярдалып, ал китептер 1958-1960-жылдар ичинде жарык көргөн.

Эпосту китеп түрүндө бастырып чыгаруу иштеринин активдүүлүгүн «Манастын» Сагынбайдын вариантынын биринчи китебин алгач эки миң гана нускада чыгарып, бирок андай өтө аз нуска сатыкка жетпей эле тарап кеткендиктен дагы 18 миң, анын артынан суроолор боюнча дагы 20 миң, акыры алыскы райондордон бизге бул китеп жеткен жок деген каттардын негизинде дагы 16 миң нускада – бир эле жылдын ичинде китепти 4 жолу кайра бастыруу фактысынан да көрүүгө болот. Ал басылыштын кийинки китептери ар бири дароо 40 миң нускада жарыяланды. Китептер бир нече жылдан кийин дагы кайталанып басылды. «Манастын» тексттери которулуп, Москвада жана Кыргызстанда эки текст – кыргызча тексттер жана алардын орус тилиндеги так котормосу талкуудан өтүп жактырылгандан кийин аларды бастырып чыгаруу проблемасы пайда болду. Анткени Москвада кыргыз тилиндеги тексттерди басууга ылайыкталган тамгалардын жоктугунан китепти Ленинградда басууга жиберилип, бирок ал жакта мөөнөт

күткөндөр көп болгондуктан, кол жазманы өндүрүшкө киргизүү иштери кечеңдеп олтуруп, токсонунчу жылдардын орто ченинде гана чечилди.

Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн жылдарындагы Манас таануу илиминде болгон орчундуу ийгиликтин бири катары эпостун тексттерин толук жарыялоого мүмкүнчүлүк берген ыңгайдын жаралышы жана анын жемиши катары Сагынбай Орозбак уулу менен Саякбай Каралаевдин варианттарынын академиялык басылышын баштоо, ошонун алгачкы жемиштери катары ар бир варианттан бир нече китеп элге сунуш кылынышын айтуу жөндүү.

### 3.3. Мектептин XI классында «Манас таануу» курсунун алкагында интерактивдүү методдорду колдонуунун жолдору

Сабактарда интерактивдүү методдорду колдонуу жумуштары азыр жаңылык деле болбой калды. Заманбап сабактар ушул интерактивдүү методдор менен гана өтүлүшү керек деген жобо ар бир мугалимдин ишинин чордонун түзүп, алар бири-экинчиси менен жарыша ушул методду колдонуунун усулдарын иштеп чыгуу аракетинде экендигине биз диссертациялык изилдөөбүздүн экспреименттик жумуштарынын учурунда да күбө болдук. Бирок ошол эле мезгилде салттуу сабактарды эч ким жокко чыгарган жок.

Республиканын мезгилдүү басма беттеринде, педагогикалык, илимий-методикалык журналдардын беттеринде сабактардын интерактивдүү усулдар менен натыйжалуу өткөрүүгө байланышкан макалалар мезгил-мезгили менен жарыяланып турат. Негизи, интерактивдүү методдордун методологиясы, принциптери менен функциялары, формалары менен каражаттары маселесине келгенде кыргыз окумуштуулары Ж. А. Чыманов менен Б.К.Оторбаевдин эмгектери, биздин пикирибизде, көңүлгө толорлук болгондуктан максаттуу пайдаланууга болот. Ж. А.Чыманов кыргыз тилин окутуу методикасындагы [221], ал эми Б. К. Оторбаев кыргыз адабиятын

окутуу методикасындагы [185,186,187] интерактивдүү усулдар тууралуу эмгектенип жүргөндүктөн, ушул эки адистин эмгектерине таянып, мектептин XI классында «Манас таануу» курсун окутуу сабактарында интерактивдүү усулдарды колдонуунун аракетин жасап көрөлү.

Алгач интерактивдүү лекциялар тууралуу сөз кылуу милдети бар, анткени мектептин аталган сабактарынын көбү лекция тибинде жүргүзүлөт, экинчи жагынан, «Манас таануу» курсунун өзү (мунун материалдары) ушул лекциялык сабактарга ылайыкташканын тануу кыйын.

Интерактивдүү лекция усулу «лекция-баарлашуу», «лекция-дискуссия», «айкын кырдаалдарды талдоо лекциясы», «алдын ала пландаштырылган каталар менен иштөөчү лекция», «лекция – пресс-конференция», «мини-лекция» сыяктуу типтерин камтыырын билебиз. Эми булардын ар бирине кененирээк токтолуп көрөлү.

***Баарлашуу лекциясы же класс окуучулары менен болгон диалог*** окуучулардын сабакка активдүү катышуусуна өбөлгө түзүүчү, окуу жараянына жигердүү тартуунун көбүрөөк кеңири таралган жана салыштырмалуу жөнөкөй формасы экендиги талашсыз. Бул лекция-сабак кыргыз адабияты мугалиминин класс менен түздөн-түз карым-катнашта, өз ара аракетте болуусун шарттайт. Лекция-баарлашуунун алгылыктуу жагы катары окуучулардын көңүлүн көбүнчө өздөштүрүлүүчү маалыматтын маанилүү маселелерине буруууга, жаңы теманы мазмун менен көлөмүн окуучунун өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен аныктап-тактап алуусуна мүмкүнчүлүк берет.

Баарлашып окутуу усулу катары айтылуу Сократтын заманынан бери жакшы белгилүү. Муну мектеп мугалиминин билип алуусу шарт. Бул тараптардын алака-катышында курулчу жекече окутуп-үйрөтүүнүн эң бир жөнөкөй ыкмасы. Топтук (тайпалык) окутуу шарттарында лекция-баарлашуунун натыйжалуулугу класстагы ар бир окуучуну эки тараптуу пикир алышууга тартуу дайым эле мүмкүн боло бербестигинен улам кыйла

төмөндөйт. Биринчи кезекте бул окуучулар тайпасы аз санда болгон күндө да убакыттын жетишсиздиги менен байланыштуу. Ошол эле маалда топтук баарлашуу тараптардын пикирлеринин алкагын кеңейтүүгө, жамааттык тажрыйбаны жана билимди аракетке келтирүүгө мүмкүнчүлүк берет, ал эми бул мектеп окуучуларынын ой жүгүртүүлөрүн калыптандырууда чоң мааниге ээ. Окуучуларды лекция-баарлашууга катышууга ар кыл түрдүү ыкмалар менен, мисалы, лекция-сабактын башында же анын жүрүшүндө аларды ойлонууга мажбурлаган проблемалык мүнөздөгү суроолорду берип тартса болот. Суроолор бүтүндөй класска берилип, жооп берип жаткан окуучу ордунан турушу керек, мунун мааниси бар. Эгерде мугалим айрым окуучулардын бир экөөнүн баарлашууга катышпай жатканын байкаса, суроону так ошол сабакка көңүлкош окуучунун жеке өзүнө бериши же талкууланып жаткан маселе боюнча пикирин айтуусун өтүнүшү мүмкүн. Убакытты үнөмдөө максатында суроолорду бир жактуу жооп алгыдай кылып түзсө да болот. Окуучулардын жоопторунда ар башка жана бирдей пикирлердин болушун эске алуу менен, мугалим баарлашуу лекциясын андан ары улантат. Мындай усул XI класс окуучуларына ылайык келишинде күмөн жок, мугалим «Манас таануу» курсунун сабактарын ушул метод менен жүргүзгөнү максатка ылайык.

«Манас таануу» курсу өтүлүүчү класс жогорку класс болгондуктан, изилдөөдө лекция-дискуссияны колдондук. Лекция дискуссия лекция-баарлашуудан айырмаланып, мында мугалим лекциялык материал менен тааныштырууда өзүнүн суроолоруна жоопторду алуу менен эле чектелбейт, логикалык бөлүмдөр арасындагы тынымдарда пикирлердин эркин алмашуусун уюштурат.

Дискуссия – бул мугалим менен окуучунун өз ара биргелешкен иш-аракеттери, изилденип жаткан маселе боюнча жекече пикирлерин, идеяларын жана көз караштарын ачыкка алып чыгуу. Бул окуу процессин жандандырат,

класстын тааныпбилүүчүлүк ишмердүүлүгүн активдештирет, мунун маанилүү жагы, мугалимге класстын жамааттык пикирин жетектөөгө, аны ынандыруу максаттарында пайдаланууга, айрым окуучулардын жагымсыз жана жаңылыш пикирлерин оңдоп алууга мүмкүнчүлүк берет. Алгылыктуу натыйжага дискуссия үчүн суроолорду туура тандап алуу жана аны максатка багыттап башкара билүү аркылуу гана жетишилет.

«Манас таануу» курсунун алкагында жүргүзүүлүчү лекциялардын жүрүшүндө мугалим, адабият мугалими кырдаалдар түрүндөгү айрым мисалдарды же түзүлгөн проблемалык жагдайларды келтирет жана окуучуларга тездетип талкуулоону сунуш кылат, андан соң кыскача талдоо, корутундулоо жүргүзүлүп, лекция улантылат. Усулдук бул ыкма адабият мугалимине окуучулардын алган билимдерин дискуссиянын жүрүшүндө канчалык натыйжалуу колдоноорун билүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөт. Окуучуларды активдештирүү үчүн суроолорду жана талкуулоо үчүн темаларды тандап алуу мугалимдин алдында турган айкын дидактикалык милдеттердин аткарылышына байланыштуу болот.

Айкын кырдаалдарды талдоо менен өтүлүүчү лекциялык сабактар да сыноолорубуздун жүрүшүндө колдонулду**.** Мындай лекция-сабак бир караганда лекция-дискуссияга окшоп кетет, бирок мугалим мында талкуулоого суроолорду эмес, айкын бир кырдаалды алып чыгат. Адатта, мындай кырдаал сабакта оозеки формада түзүлөт. Ал болушунча кыска түзүлүп, талкуулоо үчүн маанилүү, ары проблемалуу маселени алып чыкканы ылайык. Айталы, «Манас» эпосундагы Чоң казат алдындагы Алмамбет менен Чубактын чатагын алып көрөлү. Бул окуя түпкүлүгүндө эпосто да проблемалуу кырдаалды жараткан окуя.

Адабият мугалими окуучуларга берилчү айрым суроолорду талкуулоого катышууну уюштуруп, керектүү тарапка карай багыттап, дискуссияны жандандыруу менен, кайсы бир маселе боюнча ар түрдүү ой-корутунду, пикирлерди класстын талкуусуна коёт. Андан соң туура айтылган

пикирлерге таянып, туура эместерин биргелешип талкуулап, өз оюн таңуулабай, ынандыруу жолу менен ал класстагы окуучуларды жамааттык корутундуга, жалпылап жыйынтыктоого карай жетелейт.

Классты коюлган маселеге кызыктырып, үйрөнүлүп жаткан адабий материалды чыгармачылык менен кабылдоолору үчүн окуучулардын көңүлүн айрым маселелерге атайын бурдуруу талап кылынат. Көңүлдү бир жерге топтоо үчүн жетиштүү курч кырдаал тандалып алынганы ылайык. Ошол эле учурда бул аны талкуулоого өтө эле көп окуу убактысын алып коюшу мүмкүн. Балким, бул пайдалуудур, бирок сабактын негизги мазмуну өтүлүп жаткан теманын лекциялык материалын камтышы керек. Мына ушул себептүү мындай кырдаалдардын иргелип алынышы жана коюлушу так ушул сабакта каралчу маселени өтүлчү теманы көңүлгө алуу менен жүзөгө ашырылуусу зарыл. Мындан тышкары, мугалимдин окуучуларын кызыктырууга жетише алдым деп эсептегенинде, дискуссияны кийинки атайын пландаштырылган сабагына карай жылдырууга мүмкүнчүлүк жаралганы максатка ылайык.

***А***лдын ала пландаштырылган каталар менен иштөө сабактары да орчундуу орунду ээлейт. Муну орус дидактикасында ***лекция-провокация*** деп атап жүрүшөт. Лекцияны уюштуруунун бул түрү окуучулардын сабак процессиндеги кырдаалды ыкчам талдоого алуу билгичтиктерин, эксперттердин, оппоненттердин, рецензенттердин ролунда сүйлөп чыгууну, күмөндүү жана так эмес маалыматтарды көрө билүүнү калыптандыруу үчүн иштелген.

Кыргыз адабияты мугалиминин лекция-сабактын ушундай түрүнө даярдануусу анын мазмунуна мазмундук, методикалык жана өзүн алып жүрүүчүлүк мүнөздөгү каталардын белгилүү бир санын максаттуу түрдө камтып киргизүүсүндө турат. Мындай туура эмес маалыматтардын тизмесин адабият мугалими лекция сабагына ала келип, аны окуучуларга сабактын аягында гана барып тааныштырат. Окуучулар тарабынан кандай болсо, так

эле ошондой мугалим тарабынан көп ирет жол берилчү катачылыктар иргелип алынат. Мугалим лекция сабагын ал катачылыктар тыкандык менен жашырылып, окуучулар аларды оңойлук менен байкабагандай кылып алып барат. Мындай нерсе кыргыз адабияты мугалиминен лекция сабактын мазмунунун үстүндө атайын отуруп иштөөнү, окуу материалын мыктылап өздөштүрүүсүн жана бүткүл жан дүйнөсү менен берилип аңгемелей билүү чеберчилигининин болушун талап кылат. Мында окуучулардын милдети лекциялык материал менен тааныштырууда жол берилген каталарды белгилеп, анан аларды лекциянын акырында тартынбай айтып чыгууда турат. Катачылыктарды талдап анализдөөгө лекция сабагында сегиз, он мүнөт убакыт бөлүнөт. Мындай талдоонун жүрүшүндө лекциядагы туура эмес айтылган учурларга оңдоп-түзөтүүлөрдү окуучулар, мугалим өзү же биргелешип чогуу жүргүзүшөт.

Алдын ала пландаштырылган каталардын саны окуу материалынын (адабий чыгарманын) өзүнө гана тийиштүү бөтөнчөлүктөрүнөн, лекция сабактын дидактикалык жана тарбиялык максаттарынан, окуучулардын даярдык деңгээлинен көз каранды. Алдын ала пландаштырылган каталар менен лекция сабактарды уюштуруунун тажрыйбасы окуучулар көбүнчөсү атайын кетирилген каталарды табышарын көрсөтүп турат (окуучулардын тапкандары мугалимдин алдын ала пландаштырылган каталар тизмеси менен салыштырылат). Айрым бир учурларда алар мугалим тарабынан кокусунан жол берилген катачылыктарды да, бөтөнчө мугалимдин речиндеги же анын өзүн алып жүрүүсүндөгү мүчүлүштүктөрдү таап чыгышат. Мугалим мындай катачылыктарын чын дили менен мойнуна алып, өзүнө сабак болгудай белгилүү бир жыйынтыктарды чыгарышы керек. Мунун баары мугалим менен окуучулардын ортосунда жакындык ишенимди, билим берүү же билим алуу процессине эки тараптын тең жигердүүлүк менен тартылууларын жаратат. Лекция сабактын мындай түрүн теманы (кайсы бир чыгарманын, биздин мисалыбызда, «Манас» эпосунун текстин, идеялык-көркөмдүк

өзгөчөлүгүн өздөштүрүүнү) же андагы кайсы бир бөлүмдү («Алмамбеттин окуясын», «Көзкамандар окуясын», «Көкөтөйдүн ашын», «Кичи казатты», Манастын жети осуятын чечмелөөдө ж.б.) жыйынтыктоодо уюштурулганы максатка ылайык.

Изилдөөбүздө пресс-конференция лекция сабагы да натыйжалуу колдонулгандыгын белгилейбиз. Интерактивдүү лекция-сабактын бул түрү төмөндөгүдөй өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен катар кадимки пресс-конференцияны эске салат. Адабият мугалими лекция сабагынын темасын атайт жана окуучулардан бул тема боюнча суроолорун жазуу жүзүндө берүүлөрүн өтүнөт. Класстагы ар бир окуучу эки, үч мүнөт ичинде каралып жаткан тема боюнча өзүн көбүрөөк кызыктырган суроолорду кагазга жазып, мугалимге бериши керек. Адабият мугалими үч, төрт мүнөт аралыгында келип түшкөн суроолорду мазмуну боюнча иреттештирет жана лекция сабагын баштайт.

Лекциялык материалдын алып чыгылышы келип түшкөн суроолорго айкын, так жооптордун тизмеги катары эмес, теманын ар тараптуу ачылышы түрүндө алып барылат, ал эми тийиштүү жооптору бул окутуу процессинин жүрүшүндө түзүлүп калыптанат. Лекция сабагын аяктап жатып мугалим берилген суроолордун жыйынтык бааланышын окуучулардын алган компетенцияларынын, билимдеринин, билгичтиктеринин жана кызыгууларынын чагылдырылышы катары алып чыгат. Пресс-конференция лекция сабагында окуучулардын ишмердүүлүгүнүн активдештирилүүсү алардын ар бири үчүн өзүнчө даректүү маалымат берилишинин эсебинен жетишилет. Лекциянын бул түрү башкаларынан мына ушул өзгөчөлүгү менен айырмаланат.

Суроону түзүп жана аны билгичтик менен бере билүү зарылдыгы окуучунун ой жүгүртүүчүлүк ишмердүүлүгүн активдештирет, ал эми өз суроолоруна жоопторду күтүү көңүл буруусун бир жерге топтоп иреттештирет. Суроолор проблемалык мүнөздө болот жана ой жүгүртүүнүн

чыгармачылык процесстеринин башталышы катары каралат. Мугалимдин коюлган суроолорго жана аларга берилген жоопторго карата жекеликтүү, кесипкөй жана социалдык мамилеси окуучуларга тарбиялык таасирин тийгизет. Пресс-конференция сабагына катышуу тажрыйбасы адабият мугалимине жана окуучуларга өздөрүндө суроолорду коюу жана аларга жооп берүү көндүмдөрүн жана билгичтиктерин түзүп калыптандырууга, оор коммуникативдик кырдаалдардан ийкемдүүлүк менен чыгууга, далилдөө жана четке кагуу, суроо берген тараптын көз карашын, пикирин көңүлгө алуу көндүмдөрүн бекемдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай лекция сабакты теманы же бөлүмдү өтүп баштоонун алдында, орто ченинде же аягында жүргүзсө да болот.

Мини лекция кыргыз адабияты сабагында теориялык материалды сабакта өздөштүрүүнүн натыйжалуу формаларынын бири. Аны баштоонун алдында өтүлчү темага байланыштырып тийиштүү суроолордун жардамы менен ой калчоо же ролдук оюн жагдайын түзүү зарыл, бул каралчу окуу материалын актуалдаштырууга, окуучулардын темага карата маалыматтуулугу деңгээлин жана мамилесин аныктап-тактоого мүмкүндүк берет. Окуу материалы окуучуларды өзүнө тарта алгыдай болуп курулуп, түшүнүктүү тил менен түшүндүрүлгөнү жакшы. Ар бир адабий-теориялык терминге кыска, так аныктама берилиши керек. Теорияны «жалпыдан жекеге өтүү», тактап айтсак, чыгармадан жандуу мисалдар менен бекемдөө принцибинде чечмелеп бергени ылайык. Кийинки суроого өтөрдүн алдында айтылганды жыйынтыктоо менен, мугалим окуучулар материалды туура түшүнүп кабылдаганына ынанганы зарыл.

Сабакта айтылгандын баары жок жерден ойдон чыгарылбай, атайын үйрөнүлгөнүн, булар тийиштүү адистердин эмгектеринде баяндалганын окуучулар аңдап туюулары үчүн пайдаланылган адабий жана илимий булактарга шилтемелер берилгени маанилүү. Мугалимдин чакан баяндамасы айтылып бүткөндөн кийин окуучулардын бардык суроолору жалпы

талкууланышы керек, андан соң алынган адабий маалымат билимди практикада кандайча пайдаланса болоору жана ал кандай натыйжаларга алып келээри тууралуу суралганы туура. Бул кыргыз адабияты сабактарында окуучулардын предметтик компетенцияларын калыптандыруунун бирден – бир натыйжалуу жолдору деп эсептейбиз. «Манас» эпосу боюнча окуу материалдарын өздөштүрүү сабактарында интерактивдүү «Пазл» деп аталган методду колдонуунун мисалдары.

Негизи, мектепке чейинки билим берүү жана тарбия мекемелеринде кичинекейлер жана өспүрүм балдар үчүн «Puzzle» («Пазл») деп аталган интеракитивдүү оюну практикаланып жүрөт, мында чакан кесинди – фрагменттерден бүтүн бир картина чогултулат. Ал эми жогорку класс окуучулары менен (биздин шартта XI класстын окуучулары менен) сабак учурунда интерактивдүү «Пазл» окутуу усулунда так эле ошол принципте колдонсо болот, мында болгону картинанын ордуна кайсы бир темага карата бүткөн бир текст «чогултулат». Бул жөнөкөй сезилгени менен аралаша келгенде татаал нерсе. Ушундай татаалдыгы менен мындай ыкма он биринчи класстын окуучусунун курактык жана билим компетенциясына ылайык келет. Ошол фрагменттер катары чыгарманын текстинен үзүндүлөр жазылган карточкалар пайдаланылат. Оюнда бардык кесинди – фрагменттердин четтери түз болбойт, андыктан коюштурууда алардын дал келүүсү үчүн жакшылап көңүл буруу талап кылынат. Ал эми «Пазл» интерактивдүү окутуу усулунда андай «кесинди-түз эместиктер» болуп карточкаларда жазылган маалымат эсептелинет: үзүндү-текст толук эмес, сүйлөм да бүтпөй туруп үзүлөт, уландысы кийинки карточкага жайгаштырылат. Эң башкысы, мында ошол кесилген карточкаларга кылдат көңүл буруу керек. Бул окутуу усулун ар кандай темаларды өтүүдө пайдаланса болот. Мисалы, «Манас таануу» курсунун алкагында ***«Манас» эпосунун темасы жана идеясы. Манастын образы»*** сыяктуу окуу

материалдарын сабакта өздөштүрүү иштери ушул усулдун колдонулганын талап кылып турат. Бул теманын өзөктүк пункттары болуп ошол «Манас таануу» курсундагы эпостун келип чыгышынын тарыхый негизи; темасы, идеялык мазмуну; чагылдырган доору; Манастын образы маселелери эсептелинет. Ал эми ***«Алмамбет, Чубак, Сыргактын образдары»*** темасы үчүн негизги пункттар эсебинде «Алмамбеттин образы», «Чубактын образы», «Сыргактын образы» аталыштарындагы чакан темачалар каралат. Бул темалар «Манас таануу» курсунун экинчи, үчүнчү, төртүнчү сааттарынын (караңыз: эпостун сюжети, өзөк окуялары, башкы образдар, эпостун идеясы жана адеп - ыймандык маани-мазмуну, темалары) материалдары.

Интерактивдүү «Пазл» окутуу усулу «Манас таануу» курсунун үч, төрт сааттык материалдарын, сюжеттик өзөк окуяларын өздөштүрүүдө, мунун өз алдынчалуу адабий туунду катары талдануусуна байланыштуу теориялык окуу материалдары менен жалпы тааныштырууда, сабактарда өтүлгөндөрдү бекемдөөдө жана жыйынтыктап бышыктоодо пайдаланылат. Эми «Пазл» интерактивдүү усулун пайдаланып, XI класс үчүн эпос боюнча адабият сабагынын үлгүсүн түзүп көрөлү.

***Сабактын темасы: «Манас» эпосунун темасы жана идеясы. Манастын образы.*** Мындагы педагогикалык негизги максаттар: «Манас» эпосунун темасы жана идеясы, Манастын образы маселелери менен жалпы тааныштыруу жана бул маселелерге тийиштүү материалдардын негизинде окуучулардын предметтик компетенцияларын калыптандыруу, оозеки жана жазуу речин өстүрүү; окуучуларды тексттен керектүү маалыматты максаттуу түрдө табууга жана аны оозеки жана жазуу түрүндөгү сөз өстүрүү жумуштарында пайдалана билүүгө көнүктүрүү; эпосто чагылдырылган идеяларга, Манастын өзүнө тиешелүү болгон инсандык сапаттарга таянып, окуучуларда мекенчилдик, атуулдук сезимдерди калыптандыруу, эпостогу

улуу гуманизмди, элдик акылмандуулукту элдик педагогиканын негизинде калыптандыруу.

***Чакыруу баскычы.*** Мугалим окуучуларына бүгүнкү сабактын темасын жарыялайт. Мында төрт тайпага бөлүнүп отурган окуучулар үч мүнөт убакыт аралыгы ичинде өз ара кеңешип, аталган темага тийиштүү өзөк маселелер: «Манас» эпосунун жаралышынын тарыхый негиздери, эпостун темасы жана идеясы, анда чагылдырган доор, мезгил, Манастын образы сыяктуу негизи маселелер экенин атап беришет. Биринчи тайпа «Манас» эпосунун жаралышынын тарыхый негиздерин, экинчи тайпа эпостун темасын жана идеясын, үчүнчү тайпа анда чагылдырылган доор, мезгилди, төртүнчү тайпа Манастын образын талдоого даярданышат. Мугалим окуучуларга сабактын андан аркы жүрүшүн кыскача түшүндүрөт. Ушул үч, беш мүнөттүк иш-чара негизинде окуучулардын сабакта өтүлчү темага карата кызыгуулары аракетке келтирилип, натыйжада, чакыруу баскычынын башкы-кызыктыруу этабы жүзөгө ашат. Мындай шартта соңку мезгилдерде мектептерде адатка айланган класстагы парталарды төрт тайпага ылайыктап төрттөн жайгаштыруу зарылдыгы бар.

***Ойлоп түшүнүү баскычы.*** Класста бөлүштүрүлгөн төрт тайпанын ар бири бирден ватман кагаз алып, кагаздын орто ченине өздөрүнө бөлүнгөн теманын, каармандын атын жазышат, ал эми барактын чет жакаларына алардын ар биринин чечмеленишине байланыштуу жагдайлар, Манастын өзүнө гана тийиштүү инсандык сапаттарын жазышат. Ар бир тайпа ичинде карточкалары бар бирден конверт алышат, аларда өздөрүнө тийиштүү теманын, өзөктүү маселенин урунттуу учурлары камтылган үзүндү-тексттер салынган болот. Ар бир тайпага тапшырма: ал үзүндү-тексттерден өздөрүнө бөлүнгөн теманын, өзөктүү маселенин мазмунун чечмелеген материалдарды таап, ирээти менен орду-ордуларына коюштуруу. Бир канча үзүндү-текст, айталы, «Манас» эпосунун

жаралышынын тарыхый негизине тийиштүү материалдарды чагылдырып, анан алар ирээти менен жайгаштырылып, жыйынтыгында, бүтүн бир текстти түзүүлөрү зарыл.

Биринчи тайпанын пазл-кластери, болжол менен, төмөнкүдөй болуп түзүлөт:

**«Манас» эпосунун келип чыгышынын тарыхый негизи**

↓

711-жылы кыргыздар көк түрктөрдөн жеңилип, Барсбек каган өлөт.Күчтүү бийлик жүргүзүп, кыргыздарды бириктирип

↓

турган Барсбекти Манастын чоң атасы Ороздунун прототиби десе болчудай.840 -жылы

↓

уйгурларга каршы аскер башы Алп Сол (Манастын прототиби) баштаган чоң чабуул эрксизден Манастын күчтүү мамлекет

↓

түзүп, чет Бээжинди багындырышын эске салат. Манастын дагы бир протототиби

↓

847-жылы өлгөн кыргыз каганы Яглакар кыргыздар тарбынан өткөн уйгур кол башчы Гюйлу-Бага  Алмамбет, ал

↓

эми колго түшкөн уйгур ханышасы Тай Хо Эсеп кандын кызы Бурулча эсебинде

Экинчи тайпанын пазл-кластери мындайча түзүлөт:

**«Манас» эпосунун темасы жана идеялык мазмуну**

↓

Эпостогу негизги тема: кыргыздардын чет жердик баскынчыларга каршы жүргүзгөн баатырдык күрөшү, кыргыз

↓

урууларынын, тили, дили жакын жамаатташ элдердин башын кошуу, бирдиктүү

↓

бир мамлекетке бириктирүү. «Манас» зор көлөмдүү, эл турмушунун ар түрдүү аспектиде чагылдырылган көп пландуу

↓

чыгарма болгону үчүн, анда тема да, идея да көп. Эпосто ал тема, идеялар эл эркиндиги

↓

көз каранды болбостук үчүн күрөш. Ата Мекенди коргоо темасына, патриоттуулук элге чын дили менен

↓

кызмат кылуу идеяларына барып кошулуп, бир бүтүндүктү түзүп турат.

Үчүнчү тайпанын пазл-кластерин төмөндөгүчө түзсө болот:

**«Манас» эпосунда чагылдырылган доор**

↓

А.Н.Бернштам түрк-монгол урууларында 7-кылымдын аягынан тартып эле уруулук мамилелер бузулуп, ал варвардык согуштук

↓

демократия менен алмашылганын көрсөтөт.Согуштук демократияда бытыранды майда урууларга табигый түрдө аргасыздан биригүү зарылдыгы туулат да,

↓

өзүнчө бир эл болуп түзүлүүнүн негизин камсыз кылат.Бул көрүнүш «Манаста» кыргыздар чабылып, бытырап кеткенден

↓

кийин кайра эркиндик алып, майда урууларды бир чоң бир чоң уруу союзуна бириккени

↓

чагылдырылат.Демек, «Манас» үчилтигинин биринчи бөлүгү адам коомунун

↓

өнүгүшүнүн согуштук демркратия доорун чагылдырып турганы айныксыз.

Эми төртүнчү тайпанын пазл-кластерин карайлы:

**Манастын образы**

↓

Манас-теңдешсиз баатыр, ченемсиз балбан, ак көңүл, чынчыл, калыс адам. Айкөл деген эпитет ага так ошол ак көңүл,

↓

калыстыгынын, ичи кеңдигинен улам берилген.Ал өз жеринен куулган кыргыз

↓

элин бириктирүүдө, эзүүдөн жана кемсинтүүдөн куткарууда, алдырып ийген

Мекенин кайтарып алууда чечүүчү ролду

↓

ойногон жетекчи, жол башчы баатыр.Баатырдык иштерин ал өзүнүн эл алдындагы

↓

милдети катары эсептейт. Манастын элди артынан ээрчитүүгө жөндөмдүүлүгү өз ишинин тууралыгына бекем ишенгендиги

↓

элдин кызыкчылыгын баарынан жогору койгондугу мене шартталат. Айтканын аткаруу ал үчүн ыйык милдет.

Мындагы коюлган маселени чечмелөөдө биринчи келчү карточкаларды табуу эң эле маанилүү. Окуучулар карточкалардагы маалыматтарды абдан көңүл коюп окуулары керек, себеби алардын ар бирөөндө кийинки карточканы табууга өбөлгө түзүүчү «ачкыч» камтылган. Туура табылган карточкалар ирээти менен ватман кагазга жайгаштырылат.

Тайпалар өздөрүнүн ватман-плакаттарын карточкалар менен толтуруп бүткөн соң, мугалим аталган төрт маселе боюнча даярдалган текст-баяндамаларды үн чыгарып окуп берүүлөрүн өтүнөт. Өздөрүнө тийиштүү маселенин ким кайсы пунктун окуп берерин окуучулар өздөрү макулдашышат. Бир тайпа окуп, калгандарынын баары көңүл буруу менен угушат – бул андан аркы жумуштар үчүн сөзсүз зарыл.

***Артка кайтуу баскычы (рефлексия).*** Артка кайтуу баскычын уюштуруунун бир канча варианттары болушу мүмкүн: мында тапшырманын туура аткарылгандыгы, окуучулардын компетенттүүлүгү, жөндөмдүүлүк деңгээли, сөз байлыгы жана иштөө ылдамдыгы эске алынуусу керек.

Биринчи вариант (маалыматты жазуу түрүндө даярдоо).

Класста өздөрүнүн баяндамаларын бардык тайпалар үн чыгарып окуп бүткөндөн кийин, мугалим бардык кагаздарды жыйнап алат да, окуучулардан коңшу тайпанын темасында баяндама жазууларын өтүнөт, коңшу тайпанын баяндамасынан эмнени эстеп калса, ошонун баарын жыйнактуу, ирээти менен текст түрүндө кагазга түшүрүшөт, буга беш-он мүнөт убакыт сарпталат. Биздин мисалыбызда биринчи тайпанын окуучулары Манастын образынын жазуу түрүндөгү мүнөздөлүшүнүн, экинчи тайпа «Манас» эпосунун чагылдырган доорунун, үчүнчү тайпа эпостун темасынын жана идеясынын, ал эми төртүнчү тайпа эпостун келип чыгуусунун тарыхый негиздеринин талданыш тексттерин түзүү аракетинде болушат. Арийне, мында окуучулардын маалыматты тереңдетип, чыгармачылык менен иштөөсүнө жол берилет. Тапшырманы окуучулардын ар бири өз алдынча бүткөрүшөт. Жазуу жумуштары жыйналып алынат, мугалим аларды окуучулардын катышуусунда баалайт.

Экинчи вариант (маалыматты оозеки түрүндө иштеп чыгуу).

Баяндамалар үн чыгарып окулуп бүткөндөн кийин, мугалим толтурулган ватман-плакаттарын жыйнап алат. Андан соң окуучулардан коңшу тайпанын баяндамасынын мазмунун өз сөздөрү менен көркөмдөп айтып берүүлөрүн өтүнөт. Баяндап аңгемелөөгө тайпанын бардык мүчөлөрү активдүү катышышат. Коңшу тайпа алардын оозеки баяндоолорун (эстеп калганы боюнча) текшерет, эгер болсо каталарын жана так эмес кеткен жерлерин оңдойт. Мындай жумушту кезек менен бардык төрт тайпа аткарышат.

Үчүнчү вариант (маалыматты оозеки түрүндө иштеп чыгуу).

Тайпалар өздөрүнүн ватман кагаздарын толтуруп бүткөн соң, мугалим ар бир тайпадагы окуучулардын өздөрү түзгөн пазл-кластерлердин бардык маалыматтарын кайра бир көңүл буруп карап чыгууларын өтүнөт. Андан соң толтурулган ватман кагазы сааттын жебелеринин жүрүү багыты боюнча башка тайпага өткөрүлүп берилет, натыйжада ар бир тайпа өзүнө «чоочун» тапшырманы колуна алат. Чоочун ватман-плакат менен таанышууга бир нече

мүнөт убакыт берилет. Мына ушундан кийин мугалим ар бир тайпаны өздөрү түзгөн пазл-кластери боюнча эстеринде эмнени сактап калышса, ошонун баарын бүт бойдон өз сөздөрү менен көркөмдөп баяндап берүүлөрүн өтүнөт. Баяндоолордун ишенимдүүлүгүн учурда бул боюнча колунда плакат алып турган тайпа текшерет. Эгер кайсы бир маалымат туура эмес айтылса, текшерүүчүлөр баяндоочулардын катасын дароо оңдоолору керек. Мугалим баяндамалардын жана оңдоолордун тууралыгына, көркөмдөп баяндалыш деңгээлине көз салат.

Артка кайтуу баскычы кандайча алып барылары окуучуларга алдын ала айтылбаганы абдан маанилүү – бул алардын сабакка канчалык көңүл буруп жатышканын жана маалыматты эстерине кантип тутуп жатышкандыктарын текшерүүгө мүмкүндүк берет. Мында чоң ролду мугалим сунуштап жаткан тапшырмадагы күтүүсүздүк фактору ойнойт. Айталы, биринчи вариантта адатта окуучулар өздөрүнүн пазл-кластери боюнча гана баяндап жазуу тапшырмасы берилет деген ишенимде болуп, коңшу тайпадагылардын айткандарын дайым эле көңүл буруу менен уга беришпейт. Натыйжада, жазуу жумушун аткаруу учурунда аларга зарыл маалыматты же цитатаны эстөө үчүн чымырканып аракеттенүүлөрүнө туура келет. Тилекке жараша, бул да речтин өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, материалды талаптагыдай өздөштүрүүлөрүнө жардам берет.

Экинчи вариантта коңшу тайпанын тапшырмасын баяндоо менен, окуучулар өздөрү үчүн өтүлүп жаткан тема, биздин шартыбызда, «Манас таануу» курсунун алкагында «Манас» эпосунун темасы жана идеясы». «Манастын образы» темасы менен байланышкан жаңы сөздөрдү жана сөз тизмектерин таап (мындайлар эпостун текстинде, оголе, көп), өздөштүрүшөт. Бул окуучуларга сөздүк запасын толтурууга, кеңейтүүгө жана сабактын материалын жалпылоолоруна жардам берет.

Үчүнчү вариант окуучулардын көрүп эске тутуусу канчалык жакшы өнүккөнүн, текстти окуу учурунда маалыматты алар кандайча кабылдашарын

жана эстерине тутуп калышарын текшерүүгө мүмкүндүк берет жана да сабактын жүрүшүндө өздөштүрүлгөн материалды бекемдөөгө көмөктөш болот.

Сабакта «Алмамбет, Чубак, Сыргактын образдары» темасына байланыштуу пазл-кластерди окуучулар үйүнөн түзүп келишет. Мында негизги пункттар эсебинде, жогоруда белгиленгендей, «Алмамбеттин образы», «Чубактын образы», «Сыргактын образы» аталыштарындагы чакан темачалар эсептелинет. Бул жолу окуучулар үч тайпага бөлүнүп, биринчи тайпа Алмамбеттин образына, экинчи тайпа Чубактын образына, ал эми үчүнчү тайпа Сыргактын образына карата пазл-кластерлерди түзүү аракетинде болушат. Акырында окуучулардын ушул сабакта өздөштүргөнүн бышыктап бекемдөө максатында тайпаларда түзүлгөн пазл-кластерлер бириктирилип, мугалимдин сабактарды жалпылоочу корутунду сөзү менен жыйынтыкталат.

Эл мугалими Б. Исаков «Манас алиппеси» аттуу методикалык эмгегинде [91] окуучунун эпосту терең өздөштүрүүнүн артыкчылыктуу багыты катары үчилтиктин негизги өзөк окуяларын өнтөлөп билишин зарыл деп эсептейт. «Манас» эпосу көлөмдүү чыгарма болгондуктан үчилтиктин негизги окуялардын тексттерин сандар менен белгилеп, аны чежире топтомун түзүп, окуялардын топтому боюнча кайталап туруу, эстен чыгып бараткандарын эске салуу, окуяларды чаташтырбоого, ырааттулукту камсыз кылууга жардам берээрин эскертет. Ал үчүн окуучуга окуялардын топтому менен кайталоого инцерт методу, тактап айтканда, номурланып берилген окуялардын топтомуна белгилерди коюп чыгуу сунушталат. Маселен, сан менен белгиленген ар бир темага катары менен токтолуп, окуучунун эсинен чыгын кеткен окуяга «кемитүү» /-/ белгисин, чала билген окуяга «суроо» /?/ белгисин, толугураак билген окуяга «кошуу» /+/ белгисин, жана эң жакшы билген окуяга «илеп» /! / белгисин коюп, эсинен чыгып калганын же чала билгенин кайталап окуу керектиги айтылат.

«Чежире топтом» (1-ачкыч), «Бейне» топтом (2-ачкыч) жана «Сыпат» топтом (3-ачкыч) өз ара байланыштуу. «Бейне топтомдо» Манастын образы, Каныкейдин бейнеси, Бакай, Алмамбет, Сыргак, Кошой, Жолой, Жакып, Коңурбай, Семетей, Айчүрөк, Чачыкей ж.б. образдарын «Чежире топтомдо» көрсөтүлгөн сандардын жардамында, окуялардын сандар менен белгиленип берилиши аркылуу эпостогу каармандын тегерегиндеги топтолгон окуяларга кенен токтолуп, окуучунун ал каармандын образы боюнча ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгү туулат. Топ окуялар окуучуну чаржайыттыктан куткарат, адабий талдоого багыт берип, баарынан да жазуу иштерин аткарууда чоң көмөк көрсөтөт.

«Сыпат» топтому «Жер сыпаты», «Баатырлар, айымдар сыпаты», «Эрдик, ар-намыстуулук», «Акылмандык», «Баскынчылык», «Сараңдык», «Чыккынчылык», «Көпкөндүк», «Достук», «Тулпар сыпаты», «Жоо кийим», «Курал-жарак сыпаты» деген темаларга бөлүнүп берилип, алар да чежире топтомдогу окуялардын номурлары менен берилген. Маселен, айымдар сыпатындагы 113, 114-сандарда Айчүрөктүн сыпаты ачылат: *көбүк кардай эти бар, кызыл кандай бети бар, кундуздай кара чачы бар, берметтей таза тиши бар, журттан башка иши бар. Кара жерге кар жааса, карды көр да бетин көр, кар үстүнө кан тамса, канды көр да бетин көр. Ургаачыдан шок деген, укмушта мындай жок деген. Перизаттай мелтирейт, ак берметтей мөлтүрөйт* /113/. *Маңдайы жарык бото көз, моймолжуган ширин сөз, күмүш үндүү колоң чач, кош каркыра керме каш, акак тиштүү, ай нурдуу, алма моюн, түймө баш Айчүрөк ак кочкордой даңкайып, ак маралдай маңкайып, жылаажындуу дабышы жез комуздай шаңк этет. /114/.* Мына – Айчүрөктүн ажары [91, 409-б. ].

Муну менен окуучу керектелчү үзүндүнүн так өзүн табат жана аны ажырата алат.

Мындан сырткары «Манастын» обонуна салып көрктүү окуу үчүн тексттер, эпостогу ширелүү сөз берметтери, терең ой жүгүртүүгө суроо-

тапшырмалар берилген. Маселен, окуучулардын өздөштүрүүсү үчүн төмөнкүдөй сөз берметтери сунуш кылынат:

- *Куш канаты менен учуп, куйругу менен конот. Манастын Манас болмогу экөөбүздөн. Биз бузулсак пил да болсок бузулдук, миң да болсок кырылдык. Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет.* (Бакайдын Чубакка айткан сөзүнөн);

- *Жол билген киши жол билет, кол билген киши кол билет. Өз жамандыгын билбеген өзгөгө кылат чоң милдет. (*Манастын Чубакка айтканынан);

- *Мунун аты да Манас турбайбы, заты да Манас турбайбы*, өзү да *Манас турбайбы! Манас болсо жол башчым, Алмамбет болсо кол башчым, калмактан корксом, мени кудай урбайбы?* (Чубактын сөзүнөн);

- *Арзан көрбө бурутту, бурут мени курутту. Бирөө десем миң экен, жалгыз десем сан экен. Бирөөн көрүп жетесиң, жакын жетип барганда аттан учуп кетесиң.* (Жолойдун сөзүнөн).

Ар бир окуяга байланыштуу сөз берметтери сунушталат.

Сөз берметтерин жөн эле кайталап окуп коюу максатка ылайыктуу эмес, ан үчүн «Ким марага биринчи келет?» оюну сунуш кылынат. Ал эки түрдүү: бири – текстти карап айтуу, экинчиси – текстти карабай айтуу:

1. «Ким он беш сөз берметин токтолбой шакылдатып айтып бере алат?» Мында класс экиге бөлүнөт. Ким канча сөз берметин такалбай айтып берет. Бир аз токтоп же такалып айтса упайга эсептелбейт;
2. Ичтен кайырма – муну окууда эч ким үн чыгарбайт, сөз берметин сыдыра тиктеп баратып эле окуучу сүйлөмгө катыштырып кете берет;
3. Сөздүк. Бул иш каалаган окуучуларга сунуш кылынат;
4. Каталог. Ар бир сөз бермети өзүнчө тилке кагазга жазылат да, алардын тобунан атайын каталог түзүлөт. Ал «Манас таануу» каанасында сакталат, аны дайыма пайдаланууга болот. Айталы, окуучу андан бир парча кагазды сууруп алат да, андагы сөздү катыштырып сүйлөм түзөт. Эки окуучу алым-сабак түрүндө атаандашып сүйлөм түзсө кызыктуу болот;

5. «Бардык жерде колдон» Сөз берметтерин үйдө, курдаштарынын арасында, кайсы гана чөйрөдө болбосун, колдонуп сүйлөө керек. Сөз берметтерин кебинде колдонуу кептин татымдуу, угумдуу жана жугумдуу болушуна алып келет. Ал эми баба тилин колдонуп, ой-пикирди элестүү, жагымдуу жана нускалуу кылып туюнтууга не жетсин;

6. Сөз берметтерин жазуу иштеринде колдонуу. Демек, дил баянда, эссе, ыр, аңгеме, макала, баяндама ж.б. жазууда пайдалануу зарыл.

Окуяларды өздөштүрүп бүткөндөн кийин окуучулар карандай окуянын туткуну болуп калбаш үчүн, окуялар аркылуу катылган акыл-эс, нарк-насил дүр-дүйнөсүн, келечек муундарга багышталган мурасын ачып, аңтарып-теңтериш үчүн, «Манасты» өз акылы, өз жөндөмү менен таанышы үчүн төмөнкүдөй тапшырма, үлгү сунушталат.

«Көркөм уютку» деген сөз тегерек алкакка алынып, андан нур сыяктуу сызыктар чыгарылат. Ар бир сызыктын уч жагына «Кандай ой айтылган?», «Образдын ачылышы», «Салыштыруу», «Тарбиялык мааниси», «Баа берүү» деген сөздөр жазылып, төрт бурчтукка алынат. Эпостогу окуялар нар көтөргүс. 26-темада *Нескара, Жолой баштаган жети балбанды Алмамбет катары менен ыргыта саят. Бирок өзүнүн да шайы кетти, эки колу шал болуп, айнектей көзү тунарып, аттан түшүп, эси оол отурду. Жоо саймак оңой эмес. Эми эс алып алсын. Ошондо аны Коңурбай көруп калды. Учурду колдон чыгарбаш керек. Алмамбетти камынтпай сайып өлтүрүш үчүн учкан куштай зымырап жөнөдү. Ошол маалда энеси Алтынай: «Алмама караан болуп берейин, ажалым жетсе өлөйүн, жалгыз уулумдан ажырап не муратка жетемин»-деп келип калбаспы. Тору бээге минип, түрмөктөлгөн чачты төбөгө түйүп, кызыл түпөк сыр найзасын колуна алган. Ал аңгыча алыстан чамынган Коңурбайды көрөт да, аттын башын буйткага бурат. Эч болбогондо калчанын Алгарасынын ичин жара саяйын деп ойлойт. Тушунан өтө бергенде, найза саят, бирок көзун жумуп жиберет. Найза кере карыш ылдый тийип, кар жиликтин булчун этин жыра саят. Алгара үч*

*буттап калат. Коңурбай кайра качат. Ошентип, энеси уулун-Алмамбетти сактап калды, бирок өзү өлүмгө кабылды. Кыжылдаган көп кытай Алтынайды өлтүрүп, сөөгүн качырга артып кетишет. Эс алып алган Алмамбет атына ыргып минип, апасын өлтүргөндөрдүн артынан кууп жетип, энесинин сөөгүн ажыратып алат да, токойго өз колу менен коет.*

Мына окуучу көңүл бура турган окуя ушул. Аны алкактын ичиндеги «Көркөм уютку» деген жерге коюп, анан сырткы багыттыр боюнча талдоо керек. Айталы, окуучу төмөнкүчө ой жүгүртүшү мүмкүн [91, 419-б. ].

1.Окуяда кандай ой айтылган? Бул чакан окуядан жакшы энелер уулунун адилет иши үчүн отко да, чокко да түшөөрүн билүүгө болот. Алтынай өлүмгө кокусунан кабылбайт, согуштан баарын күтүүгө болот. Демек, эне аң сезимдүү түрдө уулу үчүн өлүмгө барат. Өлүмдөн корксо найза менен Алгараны сайбайт болчу. Эпосто Алтынай аркылуу эненин улуу касиети жөнүндөгү ушундай көөнөрбөс ой айтылган.

2. Образдын ачылышы. Алтынайдын бейнеси бир жылт эткен окуя менен эле жарк этип ачылат. Ал уулу элинен качып чыккандан кийин үйүндө тынч отура албайт. Санаасы санга бөлүнүп, кокус дагын Алмамбетим мерт болуп калбасын деп, караан болуп берүү, ажалы жетсе өлүү үчүн келет. Ошону менен бирге Алмамбеттин образына дагы бир сыпат кошулат. Ал мыкты энеден тарбия алгандыгы жана анын сөөгүн душмандын колуна таштабай, куткарып, сөөгүн өз колу менен коюшу. Демек, Алмамбет артынан куугун кууп, качып баратса да апасынын сөөгүн коюуга аракет кылышы, убакыт табышы анын мыктылыгы болуп эсептелет.

3. Салыштыруу. Бул окуя Чыйырды менен Каныкейдин Семетейге жасаган камкордугуна окшош, мындай энелик улуу сезим Айчүрөккө да мүнөздүү. Бирок айырмасы да бар. Айырмасы Алтынай жөнүндөгү окуя кыска, ошентсе да энелик улуу сезимди аркалап турат.

4. Тарбиялык мааниси. Адилеттик үчүн күрөшкөн баласы үчүн курман болуу үлгү алууга татыктуу. Ошол себептен андан миңдеген жылдар бою

энелер таалим алышкан. Бул таалим-тарбиянын күчү мындан ары да жоголбойт.

5. Баа берүү. Бул окуя мага жакты. Өмүр бою эсимден кетпейт. Алгаранын ичин жара сая албай калганына өкүнөм. Бирок найза саярда көзүн жумуп жибергени кемчилик эмес. Сайышка машыкпаган ким деле болсо ошентмек. Менимче, Алтынайдын образы аркылуу Каныкей менен Айчүрөктүн образына толуктоо киргизилип турат деп ойлойм.

## Үчүнчү бап боюнча корутунду

